ЖАҢЫ КИТЕП

Н. Жусупбекова, А. Оморова, Г. Чепекова

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

## 5-класс

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн
мектептер үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана*
*илим министрлиги тарабынан сунушталган*

Бишкек – 2018

УДК 373.167.1
ББК 81.2Ки Я721
Ж 93

**Рецензенттер:**
**З. Сарылбекова** – пед. илимд. канд., Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору;
**Р. Абдуллаева** – пед. илимд. канд., И. Арабаев атындагы КМУнун профессору;
**Р. Буйлякеева** – Бишкек ш., № 13 мектеп-гимназиясынын директорунун мамлекеттик тил боюнча орун басары

**Жусупбекова Н.** ж. б.

Ж 93 **Кыргыз тили:** 5-кл.: Окутуу орус тил. жүргүзүлгөн мектеп. үчүн окуу китеб/Н. Жусупбекова, А. Оморова, Г. Чепекова.– Б.: Аркус, 2018. – 208 б., сүр.

ISBN 978–9967–31–788–8

Жалпы билим берүүчү мектептердин 5-класстары үчүн арналган бул окуу китеби Мамлекеттик билим берүү жана Кыргыз тилинин предметтик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык түзүлдү. Окуу китебинин материалдары кеп ишмердиктин түрлөрүн (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) комплекстүү өнүктүрүүгө багытталган. Коммуникативдик технологиянын негизинде эң натыйжалуу окуу ыкмаларын колдонуу менен Кыргыз Республикасында көп тилдүү билим берүү программаларын апробациялап жаткан мектептердин алдыңкы тажрыйбаларына таянуу – окуу китебинин принципиалдуу өзгөчөлүгүн түзөт. Ошондой эле окуу китебинде окуучулардын маалымат технологияларын колдонуп, долбоордук жана изилдөөчүлүк ишмердикке катышуусу каралган. Эң негизгиси – окуу китебиндеги материалдар окуучуларга кыргыз элинин жана Кыргызстандын, дүйнөдөгү башка элдердин тарыхы, каада-салттары, маданий өзгөчөлүктөрү, жалпы адамзатка тиешелүү рухий баалуулуктары менен таанышууга өбөлгө түзөт.

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

– Көргүлө
– Уккула
– Окугула
– Жазгыла
– Суроолор
– Жуптарда сүйлөшкүлө, кичи топтордо иштегиле
– Сөздүк
– Ойлонгула
– Үй иши

**Ж4306020200-18**

**УДК 373.167.1**
**ББК 81.2Ки Я721**

ISBN 978–9967–31–788–8

© Жусупбекова Н. С., Оморова А. А., Чепекова Г. С., 2018
© «Аркус басмасы» ЖЧК, 2018
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2018

Кымбаттуу окуучулар, силерди жаңы окуу жылыңар менен куттуктайбыз! Силер мурдагыдай эле көп жаңы билимдерге үйрөнүп, бири-бириңер менен баарлашууга даярсыңар деп ойлойбуз. Бул окуу китеби силерге эмнелерди тартуулайт?

Окуу китебинде белгилүү инсандар, өлкөлөр, кесиптер, кызыгуулар жөнүндө көп кызыктуу маалыматтар бар. Силер окуу китебиндеги кептик кырдаалдарда баарлашып, ар түрдүү маалыматты талдап отуруп, кыргыз тилине кызыгуу менен үйрөнөсүңөр деген ойдобуз. Окуу китебиндеги ар бир тапшырманы адегенде өз алдынча, андан кийин жупта, кичи топто аткара аласыңар. Эмне үчүн тапшырмаларды ушундай тартипте аткарыш керек? Тапшырмаларды аткарып жатып, силер өз пикириңерди так билдиргенди, башкаларды түшүнгөндү жана окуган маалыматыңарды баалаганды үйрөнө аласыңар. Эң негизгиси, окуу процесси кызыктуу жана абдан пайдалуу болот! Бул окуу китебиндеги эрежелер, материалдар жана кеңештер силерге башка предметтерден да билим алууга чоң жардам берет!

Тил – ой жүгүртүүнүн, пикир алышуунун негизги куралы ошондуктан, адамдын кеби канчалык өнүксө, ошончолук ой жүгүртүүсү күчтүү болот. Келгиле, кыргыз тилине, мамлекеттик тилге биргеликте үйрөнөлү!

# I ЧЕЙРЕК

## ҮЙ-БҮЛӨ

### 1-сабак

### Силердин үй-бүлөңөр кандай?

**Грамматика:** Жөнөкөй жана татаал сөздөр

**Лексика:** үй-бүлө, ата-эне, небере, чөбүрө, бир тууган, таята, таене, карындаш, ини, бак-таалайлуу, кам көрөт.

**Эсиңе тут!**

| Жөнөкөй | Татаал |
|---|---|
| бала | бала-чака |
| ата | ата-эне |
| үй | үй-бүлө |
| апасы менен атасы | чоң апасы менен чоң атасы |
| бактылуу | бак-таалайлуу |
| багат | кам көрөт |
| сүйөт | жакшы көрөт |

Кыргыз тилиндеги татаал сөздөрдүн үч түрү бар. Алар: **кош сөздөр, кошмок сөздөр** жана **кыскартылган сөздөр.**

| Кош сөз | Кошмок сөз |
|---|---|
| бала-чака | бала кез |
| идиш-аяк | аяк кап |
| ата-эне | чоң эне |
| жер-суу | Ак-Суу, Кара-Суу |
| бат-бат | күн сайын |
| өйдө-төмөн | Саманчынын жолу |
| алдуу-күчтүү | жол башчы |

Жупташып бириккен сөздөрдү **кош сөз** дейбиз. Дефис коюп жазабыз.

Тутумдашып бириккен сөздөр **кошмок сөз** болот. Кошмок сөздө эки же экиден ашык маанидеги сөздөр биригип, башка маани жаратат.

**1.** Сүрөттөр боюнча суроолорго жооп бергиле.

1) Сүрөттө кимдер тартылган? Алар кандай?
2) Алар эмне кылып жатышат?
3) Алар бактылуу үй-бүлөбү? Эмне үчүн?

*Колдонулуучу сөздөр:* кам көрөт, бактылуу ата-эне, апасы менен атасы, апасы менен баласы, чоң апасы менен чоң атасы, жакшы көрөт, бак-таалайлуу үй-бүлө.








**2.** Топто талкуулап, суроолорго жооп бергиле.

1) Силер үй-бүлө дегенди кандай түшүнөсүңөр?
2) Атаңдын атасы сага ким болот?
3) Чоң атаңдын атасы сага ким болот?
4) Сен чоң атаңа ким болосуң?

**Кыргыздарда жети атасын билүү милдет**

| | | |
|---|---|---|
| 7-атаң – Жете | | Бала |
| 6-атаң – Жото | | Небере – балаңдын баласы |
| 5-атаң – Куба | | Чөбүрө – неберенин баласы |
| 4-атаң – Буба | Сен өзүң | Кыбыра – анын баласы |
| Баба – чоң атаңдын атасы | | 5-муун – Тыбыра |
| Чоң ата – атаңдын атасы | | 6-муун – Чүрпө |
| Ата | | 7-муун – Урпак |

**3.** Ар бир элде үй-бүлөлүк таржымал сакталат. Орустун улуу акыны А. С. Пушкиндин үй-бүлөлүк дарагы менен таанышкыла.





Схемадагы адамдар А. С. Пушкинге ким болот? Бири-бирине ким болот?

**Үлгү:** *Александр Сергеевичтин атасы Сергей Львович.*

Александр Сергеевич, Мария Алексеевна, Мария Александровна, Сергей Львович, Лев Сергеевич, Надежда Осиповна, Абрам Петрович, Осип Абрамович, Христина-Регина фон Шёберг, Наталья Николаевна Гончарова, Григорий Александрович, Лев Александрович, Наталья Александровна, Абрам Петрович.

*Колдонулуучу сөздөр:* бала, кыз, аял, таята, таене, небере, бир тууган, бала, карындаш, эже, байке, чоң ата, баба, ини.

**4.** Төмөнкү схемадагы үй-бүлөлүк даракка көңүл бургула. Уланга Назик ким болот?




**5.** Сүйлөмдөрдү толуктап, өзүңөрдүн үй-бүлөлүк дарагыңарды түзүп келгиле.

Улан – Мураттын … .
Мурат – Жакыптын … .
Мурат менен Сабира – Жакып менен Канышайдын … .
Сабиранын … – Кайрат.
Алардын улуу … Каныкей, кичүү … Бегимай.
Каныкей Уландын … болот, ал эми Бегимайдын … болот.
Ал эми Назик – Уландын бир тууган … .
Султан – … иниси.
Уландын … – Айжан.

## 2-сабак

## Силердин үй-бүлөңөр кандай?

**Грамматика:** Жөнөкөй жана татаал сөздөр

**Лексика:** үй-бүлөлүк дарак, муун, ар ким, элестетет, тааныштыр-, тууган, ден соолук, таяке, таеже.

**6.** Ар бириңер үй-бүлөңөрдү схема боюнча тааныштыргыла.

**7.** Суроолорго жооп бергиле.

1) Силердин үй-бүлөлүк дарагыңарда канча адам бар?
2) Силердин үй-бүлөлүк дарагыңарда канча муун бар?
3) Сенин ата-энең, чоң атаң, чоң энең кайсы жерде төрөлүшкөн?

**8.** Тобуңарда талкуулагыла.

1) «Үй-бүлө» силер үчүн эмнени түшүндүрөт?
2) Эмне үчүн ар ким үй-бүлөнү ар кандай элестетет?

| Апаңдын туугандары | Атаңдын туугандары |
|---|---|
| Таята – апаңдын атасы. | Чоң ата – атаңдын атасы. |
| Таене – апаңдын апасы. | Чоң эне – атаңдын апасы. |
| Таяке – апаңдын ага-иниси. | Аба (аке) – атаңдын ага-иниси. |
| Таеже – апаңдын эже-сиңдиси. | Эже – атаңдын эже-карындашы. |

**9.** Сенин үйүңө досуң конокко келди. Ага үйдөгүлөрүңдү тааныштыр.

**10.** Сабакта үйрөнгөн жаңы сөздөрдү колдонуп, алыстагы тууганыңарга кат жазгыла. Анын ден соолугун, иштерин сурап билгиле. Үй-бүлөдөгү жаңылыктарды, акыркы окуяларды, өзүңөрдүн үйдөгү жасаган иштериңерди жакшы маанайда жазып келгиле.

**11.** Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 3-сабак

## Менин атым мага жагат

**Грамматика:** Энчилүү жана жалпы аттар

**Лексика:** дарыя, көлү, суу сактагыч, токою, ийрим, жээги, пайдалуу, сууда сүз-, танда-, спорт менен машык-, футбол менен машык-.

### Эсиңе тут!

| Адам аттары | Жер аталыштары | Суулар, тоолор, токойлор | Гезит-журналдар, чыгармалар |
|---|---|---|---|
| Жакыпов Улан Муратович | Бишкек шаар**ы**; | Чүй дарыя**сы** | «Кечки Бишкек» гезит**и** |
| Трефилова Наталья Ивановна | Ош облусундагы Кара-Кулжа район**у** | Токтогул суу сактагыч**ы** | «Байчечекей» журнал**ы** |
| Таня | Сары-Челек көл**ү** | Күрп-Сай ГЭС**и** | «Кыргыз адабияты» окуу китеб**и** |
| Өскөнбек | Жалал-Абад шаар**ы** | Тянь-Шань тоо**су** | «Ак кеме» повест**и** |

Адамдардын аты-жөнү ар дайым баш тамга менен жазылат. Шаарлардын, айылдардын, жер-суулардын аталыштары да баш тамга менен жазылат. Булар – энчилүү аттар.

**12.** Бош орундарга энчилүү аттарды туура жазгыла.

**Үлгү:** *Апамдын аты Антонина. Досумдун аты Руслан.*

I

Менин атым ... . Мен «...» кинотеатрына барганды жакшы көрөм. Жакында эле кинодон «...» деген фильм көрдүм. Курбуларым / досторум менен «...» дүкөнүнө барып, көп нерсе сатып алдым. Менин агам ... көчөгө аз чыгат. Ал көбүнчө интернеттен ... шаарындагы достору менен сүйлөшөт.

II

Менин атым ... . Мен компьютерде отурганды анча жактырбайм. Жекшембиде досторум менен ... тоосуна чыктык. ... суусунун жээгинде эс алдык. Биз эми ... токоюна барганы жатабыз.

III

Менин атым ... . Мен футбол менен машыгам. Дарбазаны коргойм. «...» футбол клубун жактырам. Белгилүү дарбазачы ... мага жагат. Мен да ...-га окшош футболчу болгум келет.

**13.** Өз атыңар жөнүндө жупта ой бөлүшкүлө.

Сенин атыңды ким койгон?
Сенин атың сага эмне үчүн жагат?
Сенин атыңдын мааниси кандай?

**14.** Кичи топтордо иштегиле. 1-топко тапшырма. Русландын айткандарын окуп, суроолоруна жооп бергиле.

Мен он бир жаштамын. Мындан ары эмне кылууну чечишим керек. Мен сууда мыкты сүзөм. Спорт мектебине которулсамбы? Тил үйрөнүүгө өтө жөндөмдүүмүн. Англис тили мектебинде окусамбы? Атам спортту тандады. Апам менин келечегим үчүн англис тили пайдалуу дейт. Кайсынысын тандасам?

- Жооп берүүдө төмөнкү сөздөрдү колдонгула.

Менин оюмча, ...
Биринчиден, ... .
Экинчиден, ... .
Демек, ...

*Мисалы:* Менин оюмча, Русландын сууда мыкты сүзгөнү, англис тилин үйрөнгөнү жакшы. Англис тили мектебинде окуса да, спорт менен машыкса болот. Спорт мектебинде окуса да, англис тилин үйрөнсө болот.

Биринчиден, спорт – ден соолукка пайдалуу.

Экинчиден, тил билүү – адамга пайдалуу.

Демек, Русландын сууда мыкты сүзгөнү, англис тилин үйрөнгөнү жакшы.

**сүзөм** – плаваю

**пайдалуу** – полезный

**15.** Окуучунун суроосуна кыска жана түшүнүктүү жооп бергиле. Сүйлөмдөрдү улантып, көз карашыңарды далилдеп жазгыла.

Мага кандай белектер керек экенин билем. Мен жаңы коньки алгым келет, эскисин кийсем бутумду кысып жатат. Анан көк юбкама жарашкан свитерим болсо дейм. Анан китептерди да каалайм. Туулган күнүмө чоң энем дайыма эле кымбат жана керексиз нерсе тартуу кылат. Балким, мага жаккан белектер жөнүндө айтсамбы же...

Мен ... деп ойлойм.  
Биринчиден, ... .  
Экинчиден, ... .  
Үчүнчүдөн, ...  
Демек, ... .

**16.** Өз ара кеңешип, Айсулуунун суроосуна жооп бергиле.

Менин сиңдим чөнтөк телефонун колунан такыр түшүрбөйт. Башка бирөөлөрдүн чөнтөк телефону жөнүндө сөз кылып, сындай берет. Ал телефонуна жүздөй ыр жаздырган. Мен ага ачууланып «кийим-кечеңди чачпа!» – деп айтканымды да жаздырып алыптыр. Курбуларына маанисиз СМСтерди жиберет. Ушул жаман адатын кантип таштатсам болот?

Мен ... деп ойлойм.  
Биринчиден, ... .  
Экинчиден, ... .  
Үчүнчүдөн, ... .  
Демек, ... .

**жаздыруу** – записать
**сындоо** – критиковать
**чачуу** – разбрасывать
**ачуулануу** – злиться
**адат** – привычка
**маанисиз** – бессмысленный
**колунан түшүрбөйт** – не выпускает из рук
**таштатуу** – заставить бросить

**17.** Ырды көркөм окуп, суроолорго жооп бергиле.

Сага болот чоң ата,
Өз атаңдын атасы
Эмне болот айтып бер?
Апакеңдин атасы?
Эмне дейсиң энесин?
Эмне дейсиң агасын?
Байке десең кокустан,
Чоң уятка каласың.
Эмне дейсиң эжесин?
Ини, синди, жеңесин?
Эске алгын муну да,
Улуулук бир кеңешим.
Эгер болсо апаңдын
Эжесинин баласы,
Эмне болот ал сага,
Кана, туура атачы?
Баарын тактап таанысын,
Билип алгын анығын.

*Э. Төлөкова*

**18.** Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 4-сабак

# Үй-бүлөдө ким эмне кылат?

**Грамматика:** Зат атоочтун жөндөмөлөрү. Табыш жөндөмөсү
**Лексика:** маалымат, шарт, иш, кээде, жалгыз, тамак бышыр-, машине менен жеткир-, ырыс алды, ынтымак, аска зоо, соолубаган булак, күйүп, шам чырак.

## Эсиңе тут!

Кыргыз тилинде алты жөндөмө бар.

| **жөндөмөлөр** | **суроолору** | | | **жөндөлүшү** |
|---|---|---|---|---|
| атооч | ким? | бала | эмне? | үй-бүлө |
| илик | ким**дин**? | бала**нын** | эмне**нин**? | үй-бүлө**нүн** |
| барыш | ким**ге**? | бала**га** | эмне**ге**? | үй-бүлө**гө** |
| табыш | ким**ди**? | бала**ны** | эмне**ни**? | үй-бүлө**нү** |
| жатыш | ким**де**? | бала**да** | эмне**де**? | үй-бүлө**дө** |
| чыгыш | ким**ден**? | бала**дан** | эмне**ден**? | үй-бүлө**дөн** |

| **Ким?** | **Кимди?**<br>**Эмнени?** | **Кантип?**<br>**Качан?**<br>**Кайда?**<br>**Канча?** | **Эмне кыл-** |
|---|---|---|---|
| Мен | өз бөлмөмдү | тез-тез | жыйнайм. |
| Эжем | **идиш-аяк** | | **жууйт.** |
| Биз | | жыл сайын | эс алууга барабыз. |
| Биздин үй-бүлөбүз | | жакында | саякаттайбыз. |

**19.** Сүйлөмдөрдү мааниси боюнча толуктап жазгыла.

Мен ... жалгыз баламын / кызмын. Сабактан «5» алсам, апам сүйүнөт. Биздин ... апам ... иштейт. Ал иштен ... ... келет, ... ... келет. ... таенем, апам жана мен болуп ... эс алууга барабыз. Таенем ... даамдуу тамак бышырат. Таенем ... сууда сүзүү боюнча машыгууга машине менен жеткирет.

*Колдонулуучу сөздөр:* мени; үй-бүлөдө, жалгыз; жакында, чогуу; күн сайын; үй-бүлөдө; кээде эрте, кээде кеч.

**20.** Кичи топтордо иштегиле, төмөнкү макалдарды окуп, маанисин түшүндүрүп бергиле.

Ырыс алды – ынтымак. Ата – аска зоо, эне – соолубаган булак, бала – күйүп турган шам чырак. Иниси бардын – ырысы бар.

**21.** Кимди? Эмнени? деген суроолорго жооп берип, текстти улантып жазгыла.

Руслан…, Камил…, бала…, балдар…, оюн…, үй…, мектеп…, мектептер…, парк…, парктар…, шарт…, шарттар…, адам…, адамдар…, маалымат…, маалыматтар… .

**шарт** – условие **маалымат** – информация

**Үлгү:**

Кимди? Айсулууну, Русланды, кызды.
Эмнени? Белекти, сабакты.

Руслан **Айсулууну** чакырды.

**Айсулуу Русланды** көрдү.

Руслан **аны** туулган күнү менен куттуктады.

Айсулуу **белекти** алды.

Айсулуу **сабакты** жакшы окуйт.

**22.** Сүйлөшүүнү окуп, улантып жазгыла.

Камил **Русланды** чакырды.

– Руслан, жүр, ойнойбуз.

– Жок, мен өтө кызыктуу компьютердик оюнду ойноп жатам.

– Эмне оюн?

– Sims City.

– Ал оюн жөнүндө айтып берчи. Аны кантип ойнойсуң?

– Камил, бул абдан жакшы оюн. Биринчиден, **үйлөрдү, парктарды, мектептерди** курам. Экинчиден, жакшы жашоо үчүн **шарттарды** түзөм, **адамдарды** жайгаштырам. Алар мага ыраазычылык айтышат. Ошентип, шаар куруп жатам.

– Экөөбүз **шаарды** чогуу куралы.

– … .

## 5-сабак

# Үй-бүлөдө ким эмне кылат?

**Грамматика:** Зат атоочтун жөндөмөлөрү

**Лексика:** айпад, планшет, өнүк-, кол, колдон-, изде-, онлайн-оюн, негиз, негиздөө, негиздөөчү, негиздөөчүсү, санарип, ойлон-.

**23.** Сүйлөмдөрдү мааниси боюнча толуктап жазгыла.

(Ким?) «айпад» жөнүндө билгим келет. Бул англис тилинде iPad деген (эмне?) экен. Аны (кайдан?) окудум. Бул сөз интернет-планшет деген (эмнени?) билдирет. Көрсө, интернет-блокнот же интернет жандептер турбайбы! Биринчи жолу мындай (эмне?) Сан-Франциско (эмнеде?) 2010-жылы 27-январда көрсөтүлгөн. Ага чейин эч ким (эмне?) колдончу эмес.


*Колдонулуучу сөздөр:* планшет, мен, айпад, сөз, интернеттен, маанини, шаарында.

**24.** Сүрөттөр боюнча суроолорго жооп бергиле.





1) Бала эмне кылып жатат? 2) Бул оюн пайдалуубу? Эмне үчүн?




- Диаграмма боюнча балдар эмнелерге кызыгышат? Эмне үчүн?

**25.** Текстти окуп, 24-көнүгүүдөгү сүрөттөр менен салыштыргыла.

Көпчүлүк ата-энелер «Кичинекей балага планшет берүү керекпи же жокпу?» деп ойлонушат.

Инженер, ишкер, Apple компаниясынын негиздөөчүсү Стив Жобстун балдары айпад (iPad) колдонушчу эмес. Анын үйүндө санариптик технологияларды колдонуу чектелүү болгон. Ар күнү кечинде Стив үй-бүлөсү менен чоң столду тегерете отуруп тамактанышчу. Алар китептер, тарых жана башка нерселер жөнүндө сүйлөшүп отурушчу. Эч ким компьютер карап отурчу эмес.

Ал эми Indigo Kids стартаптын негиздөөчүсү Тимофей Ра мындай дейт: «Менин башкы милдетим – планшеттеги өнүктүрүүчү оюндарга балдарды кызыктыруу жана балдар оюнда үйрөнгөнүн өз турмушунда колдонушуна жардам берүү».

Балага планшет берүү керекпи же жокпу?

*Интернет булактарынан*


**көпчүлүк** – большинство
**ойлонушат** – думают
**ишкер** – бизнесмен
**негиздөөчү** – основатель
**колдонуу** – пользоваться
**өнүктүрүүчү** – развивающий
**үйрөнгөнү** – то, чему научился
**турмуш** – жизнь

**26.** Жогорку текст боюнча суроолорго жооп бергиле.

1) Эмне үчүн Стив Жобстун балдары айпад колдонушчу эмес?
2) Тимофей Ра планшеттеги оюндар балдарды өнүктүрөт дейт. А силер буга макулсуңарбы? Эмне үчүн?
3) Балага планшет берүү керекпи же жокпу?

- Окуган маалыматты 2–3 сүйлөм менен жалпылагыла.
- Текстте айтылган маселени белгилегиле.
- Өз оюңарды айткыла.
- Аны аргументтештирип, мисалдарды келтиргиле.
- Жыйынтык чыгаргыла.

**27.** Өзүңөрдү түстүү карточкалардын жардамы менен баалагыла.

|  |  |  |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

## 6-сабак

# Сенин үйүң кандай?

**Грамматика:** Зат атоочтун илик жөндөмөсү

**Лексика:** акыра, пил, жыгач устакана, терезе, эшик, дубал, ыңгайлуу, жапыз, бийик, тар, тепкичтери.

### Эсиңе тут!

| **Кимдин?** | | **Эмненин?** | |
|---|---|---|---|
| адамдын | досу | пилдин | салмагы |
| баланын | кошунасы | акыранын | үйү |
| биздин | үй-бүлөбүз | үйдүн | терезеси |
| менин | үйүм | бөлмөнүн | эшиги |

| **Ким? Эмне?** | **Кандай?** |
|---|---|
| Менин үйүм | ыңгайлуу, жайлуу |
| Эски үйлөр | **жапыз**, ал эми жаңы үйлөр **бийик** |
| Үйдүн жер төлөсү | **кенен-кесири**, ал эми бөлмөсү **тар** |
| Алар (акыра менен пил) | ынтымактуу, биримдүү |

**ыңгайлуу** – удобный
**жапыз** – низкий
**жайлуу** – комфортный
**бийик** – высокий
**тар** – тесный
**кенен-кесири** – просторный

**28.** Сүрөттү карагыла. Акыра менен пил эмне кылып жатат деп ойлойсуңар? Өз оюңарды бири-бириңер менен бөлүшкүлө.



**29.** Текстти тыным менен окугула. Суроолорго жооп бергиле. Тапшырмаларды аткаргыла.

I

Акыра шаарда өз үй-бүлөсү үчүн жаңы үй курду. Ал курган үй акыралар үчүн бийик шып, бийик эшиктери менен эң сонун мыкты үй болду. Үйдүн бийик терезелери бөлмөлөрдү жарык менен камсыз кылат. Терезелерден айлана-тегерек кооз болуп көрүнөт. Тар коридорлору үйдүн пайдалуу аянтын үнөмдөйт. Акыранын үй-бүлөсү бул үйдө ээн-эркин жашайт. Акыра курган жакшы үй «Акыранын мыкты үйү» деген улуттук байге алды. Үй ээлери мыкты үй менен сыймыктанышчу.

**акыра** – жираф
**бөлмө** – комната
**ээн-эркин** – свободно
**улуттук** – национальный

*1-тыным*

1) Акыранын үйү кандай?
2) Анын үйү эмне үчүн «Акыранын мыкты үйү» деген улуттук байге алды?

Көп чекиттин ордуна мүчөлөрдү туура улап жазгыла.

Акыра шаар... үй курду. Терезелер бөлмөлөр... жарык менен камсыз кылат. Үй-бүлө үй... жашайт. Тар коридорлору пайдалуу аянт... үнөмдөйт.

II

Күндөрдүн бир күнүндө акыра үйүнүн жер төлөсүндөгү жыгач иштетүүчү устаканасында иштеп жатып, терезеден сыртты карады. Көчөдө пил бара жаткан экен. Акыра: «Мен муну тааныйм,– деп ойлоду. – Биз мектепте ата-энелер комитетинде чогуу иштегенбиз. Ал дагы мыкты жыгач уста. Устаканама кир деп чакырайын. Балким, чындап эле кандайдыр бир долбоорду чогуу иштеп каларбыз». Акыра терезеден башын чыгарып, пилди чакырды.

**жыгач устакана** – столярная мастерская
**пил** – слон
**долбоор** – проект

*2-тыным*

1) Акыра пилди кайдан тааныйт?
2) Ал пилди эмне үчүн чакырды?

Абзацка ат койгула. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

| | | |
|---|---|---|
| ... | үйдүн терезесинен | сыртты карады |
| Көчөдө | пил | ... |
| Акыра | пил менен | ... |
| ... | мыкты | жыгач уста |
| Акыра | ... | башын чыгарды |
| ... | ... | чакырды |

III

Пил ыраазы болуп калды; ага акыра менен чогуу иштеген жакчу, жакындан таанышкысы келчү. Анын үстүнө, ал акыранын жыгач иштетүүчү устаканасы жөнүндө угуп, көргүсү келип жүргөн.

– Кир, кир,– деди акыра.

Бирок пилге кирүү кыйын болду. Пил эшиктен башын киргизип, андан өтө албай туруп калды.

– Биз устаканага жабдыктарды киргизүү үчүн кеңейтүүчү эшик койгонубуз жакшы болгон экен,– деди акыра. – Бир мүнөт коё тур, ондоп коём.

Ал бир нече бураманы жана панелдерди чыгарып, пилди ичкери киргизди. Тааныштар бир-бирине кубанышып, жыгач иштетүү тууралуу ар кандай окуялар жөнүндө сүйлөшө баштаашты.

*3-тыным*

1) Пил эмне үчүн акыранын устаканасына кире албай кыйналды?
2) Акыра аны кантип киргизди?

**30.** Төмөнкүлөр туурабы? Ойлонуп жооп бергиле.

1) Акыра үй курганда өзүнө жана акыраларга гана ылайык курганы туурабы?
2) Пил акыранын үйүнө батпай, талкалаганы чынбы?
3) Пил менен акыра урушуп кеткени чынбы?
4) Эми алар чогуу ойлонуп, башка үй куруп баштаганы чынбы?

**31.** Кичи топтордо талкуулагыла. Эмне үчүн автор акыра менен пилди адамдар сыяктуу жазып чыккан? Биздин үйүбүз башкалар үчүн да ыңгайлуу болуш керекпи?

- Ушул суроолорду берип, акырадан интервью алгыла.
- Ушул суроолорду берип, пилден интервью алгыла.

**32.** Өзүңөрдүн үйүңөрдүн планын тарткыла. Төмөнкү суроолор боюнча жазып келгиле.

1) Үйүңөрдө канча адам жашайт?
2) Кайсы эшиктер көбүнчө ачык турат?
3) Кайсы эшиктер жабык турат?
4) Кайсы эшиктер кулпуланат? Кайсы убакытта? Эмне үчүн?
5) Коноктор кайсы бөлмөдө отурушат? Кайсы бөлмөдө укташат?
6) Үйдө сенин ордуң барбы? Ал кайсы жер?
7) Өзүңдүн үйүң сага жагабы? Эмне үчүн?

**33.** Тема боюнча өзүңөрдү баалагыла.

Мен

- жаңы нерсе билдим
- пайдаландым
- таң калдым
- үйрөндүм
- түшүндүрө алам
- түшүнгөн жокмун

## 7-сабак

## 2020-жылга чейин үй-бүлө кантип өзгөрөт?

**Грамматика:** Этиштин өткөн чагы. Эмне кылды? Эмне кылган?
**Лексика:** бөлмөнү жыйна-, дүкөнгө бар-, төшөк жый-, идиш-аяк жуу-, таштанды төк-, тамак бышыр-.

### Эсиңе тут!

| Ким? Кимдер? | Эмне кылды? | Эмне кылган? |
|---|---|---|
| Мен | идиш-аяк жуудум | идиш-аяк жууганмын |
| Сен | таштанды төктүң | таштанды төккөнсүң |
| Сиз | тамак бышырдыңыз | тамак бышыргансыз |
| Биз | дүкөнгө бардык | дүкөнгө барганбыз |
| Силер | төшөк жыйдыңар | төшөк жыйгансыңар |
| Сиздер | үй курдуңуздар | үй кургансыздар |
| Алар | сыймыктанышты | сыймыктанышкан |

**35.** Сүрөттөргө сөздүктөгү сөз айкаштарды дал келтиргиле.








**бөлмөнү жыйна-** – убирать комнату
**дүкөнгө бар-** – ходить в магазин
**төшөк жый-** – убирать постель
**идиш-аяк жуу-** – мыть посуду
**таштанды төк-** – выносить мусор
**тамак бышыр-** – готовить еду

**36.** Жогорудагы сүрөттөрдөгү адамдар эмне кылып жатышат?

**Үлгү:** *Мен төшөк жыйнап жатам.*

**37.** Окуп, сурамжылоого жооп бергиле. Үйүндө сен кантип жардам бересиң?






1. Сен төшөгүңдү жыйнайсыңбы?
   а) дайыма б) кээде в) эч качан
2. Сен бөлмөңдү жыйнайсыңбы?
   а) дайыма б) кээде в) эч качан
3. Сен ата-энең менен дүкөнгө барасыңбы?
   а) демейде б) кээде в) эч качан
4. Сен тамак жасайсыңбы?
   а) дайыма б) кээде в) эч качан
5. Сен идиш-аяк жууйсуңбу?
   а) дайыма б) кээде в) эч качан
6. Сен таштанды чыгарасыңбы?
   а) дайыма б) кээде в) эч качан

**38.** Жекшембиде силер ата-энеңерге жардамдаштыңар. Кантип жардам бергениңер жөнүндө жазгыла.

**39.** Ата-энеңер силердей кезинде кандай болушкан? Алардан сурап жазып келгиле.

1) Ата-энесине кантип жардам беришкен?
2) Кайсы оюндарды ойношкон?
3) Кандай оюнчукту жакшы көрүшкөн?
4) Эмнеге кызыгышкан?

## 8-сабак

# 2020-жылга чейин үй-бүлө кантип өзгөрөт?

**Грамматика:** Этиштин учур чагы. Эмне кылып жатат?

**Лексика:** өзгөрүү, Бириккен улуттар уюму, көз каранды, көз карандысыз, алдын-ала, отурукташ-, иште-, алмаштыр-, эс ал-, ыктыярдуу.

| Ким? Кимдер? | Эмне кылып жатат? |
|---|---|
| Мен | идиш-аяк жууп жатам |
| Сен | таштанды төгүп жатасың |
| Сиз | тамак бышырып жатасыз |
| БУУ (ал) | маалымат берип жатат |
| Биз | дүкөнгө бара жатабыз |
| Силер | төшөк жыйып жатасыңар |
| Сиздер | үй куруп жатасыздар |
| Алар | сыймыктанып жатышат |
| БУУ | кызыктуу маалымат жарыялап жатат |

**40.** Технология дегенди кандай түшүнөсүңөр? Келечекте технология кандай өзгөрөт?




**41.** БУУ деген эмне? Окуп чыккыла.

БУУ – Бириккен улуттар уюму, бул эл аралык уюм. Көз карандысыз мамлекеттердин ыктыярдуу биригүүсүнүн негизинде түзүлгөн. 1945-жылдын 24-октябры – БУУнун түзүлгөн күнү. Азыркы учурда БУУда 193 мамлекет мүчө болуп катталган.

**42.** Тексттеги маалымат менен таанышкыла. Жашоодогу жакшы өзгөрүүлөрдү белгилегиле. Тексттеги сүйлөмдөр менен далилдегиле.

**БУУ** (Бириккен улуттар уюму) 2020-жылдагы жашоо жөнүндө маалымат жарыялады. Анда технологиядагы эле эмес, үй-бүлөлүк жашоодогу чоң **өзгөрүүлөр** алдын ала айтылат.





Мисалы, **үй-бүлөлүк турмуш:**

- Ар бир бешинчи ата иштебей, үйдө отурат. Анын ордуна апалар үй-бүлөнү багышат.
- Адамдар өз кызыгуулары боюнча отуруктаашат. Мисалы, бир компанияда иштеген адамдар бир райондо жашашат.
- Чоң ата, чоң энелер жана ата-энелер балдары менен чогуу үч муундун адамдары бирге турушат.
- Тамак-аш даярдоого убакыт жетишпейт, ошондуктан даяр тамак сатып жешет же тоңдурулган чала фабрикатты (толук аягына чейин иштелип даяр боло элек, андан ары иштетилип жасалуучу тамактарды) жешет.

**Жумуш жана окуу:**

- Интернет аркылуу сабактар көбөйөт. Окуучулар башка өлкөлөрдөгү жана башка шаарлардагы мыкты мугалимдерден онлайн сабак алышат.
- Адамдар көп кесиптерге ээ болууга туура келет, анткени алар бат-бат иш алмаштырышат.
- Адамдар күнүнө болгону 5 саат гана иштешет жана көп эс алышат.

**өзгөрөт** – изменится
**жарыяланды** – опубликован
**алдын ала** – предварительно
**жашоо** – жизнь
**турмуш** – быт
**муун** – поколение

**43.** Төмөнкү ырастоолордун ✓ – туура; X – ката; ? – мындай сүйлөм жок экенин белгилегиле.

| № | Ырастоолор | ✓ X ? |
|---|---|---|
| 1 | *Эркектердин 20% үйдө отуруп, балдарды карашат.* | ✓ |
| 2 | Адамдар өздөрү эмне кылса, ошол иштерди кылганды жакшы көргөндөр менен жанаша отурукташат. | |
| 3 | Чоң ата менен чоң энелер неберелерин карашат. | |
| 4 | Адамдар 70 жашка чейин пенсияга чыгышпайт. | |
| 5 | «Супер-мугалимдер» сабак берүү үчүн көп жактарга барышат. | |
| 6 | Көп адамдар өмүр бою бир эле жерде иштешет. | |
| 7 | Элдин баары көп иштешет. | |

**44.** «Келечектеги үй-бүлө» деген тема боюнча эссе жазып келгиле.

## План

1. Келечектеги үй-бүлө кандай болот?
2. Үй-бүлөдө канча бала болот?
3. Ата-энеси эмне жумуш кылат?
4. Балдар үй-бүлөдө кандай жумуш кылат?
5. Сага ушундай үй-бүлө жагабы? Эмне үчүн?

**45.** Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 9-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

### Үй-бүлө

**1.** Туура жоопту белгилегиле, ✓ – туура.

**1.** Апам экөөбүз кечинде китеп окуйбуз, телевизор көрөбүз. Биз … .
а) кичинекейбиз б) күчтүүбүз в) ынтымактуубуз

**2.** Энеси баласы үчүн дайыма …
а) айтат б) кам көрөт в) багат

**3.** Мен чоң атама … болом.
а) кичинекей б) небере в) чебере

**4.** А. С. Пушкиндин … – Ольга Сергеевна.
а) сиңдиси б) досу в) эжеси

**5.** Шайыр – менин апамдын сиңдиси. Демек, ал мага …
а) таеже б) таене в) таяке

**6.** Русланга сууда сүзүү …
а) болот б) жагат в) жактырат

**7.** Көп тилди билсең – …
а) таза б) жагымдуу в) пайдалуу

**8.** Атамдын чоң атасы мага … болот.
а) чоң ата б) буба в) баба

**9.** Мен өз ... таза жыйнайм.
а) бөлмөгө б) бөлмөмдү в) бөлмөм

**10.** Таенем мени англис тили боюнча … машине менен жеткирет.
а) курс б) курска в) курсту

**11.** … планшет берүү керек деп ойлойм.
а) Кичинекей балага б) мага в) сага

**12.** Мен идиш-аяк жууйм. Ал эми ...?

а) сенчи | б) сеничи | в) сага

**13.** Силер конокторду ... бөлмөгө отургузасыңар?

а) кайсы | б) эмне | в) ким

**14.** Биз чогуу саякатка бардык. Көңүлдүү эс алдык. Биз – ... үй-бүлөбүз.

а) кичинекей | б) бактылуу | в) күчтүү

**15.** Келечекте тамак-аш даярдоого убакыт жетишпей ... деп ойлойбуз.

а) тамаксыз ачка калышат
б) даяр тамак сатып алышат
в) он-лайн сабак алышат

**2.** Диалогдун башталышын окуп, туура жообун белгилегиле, ✓ – туура.

**1. – Бул менин досум Руслан. Таанышып алгыла.**
а) – Салам алейкум, Руслан. Менин атым Камил.
б) – Макул. Таанышса таанышалы.
в) – Камил бешинчи класста окуйт.

**2. – Салам! Иштериң кандай?**
а) – Ооба, салам.
б) – Иштериң жакшы.
в) – Иштеримби? Жакшы.

**3. – Шаарга кантип барса болот?**
а) – Жайында барса болот.
б) – Тоого барып келели.
в) – Автобус менен барган оң.

**4. – Эртең биздин үйгө кел!**
а) – Сүйүнчү.
б) – Бош эмесмин.
в) – Кантип?

**5. – Жума күнү саат бирде жолугалы.**
а) – Канчада, каерде?
б) – Макул, сүйлөштүк.
в) – Мүмкүн эмес бейм!

**6. – Сенин досуң ким?**
а) – Ракмат. Бирге болсун.
б) – Бүгүн досум келди.
в) – Менин досум Руслан.

**7. – Жайында эмне кылганы жатасың?**
а) – Көлгө барбаймын.
б) – Көлгө барсамбы дейм.
в) – Албетте, мен бошмун.

**8. – Сен футбол менен машыгасыңбы?**
а) – Абдан жакшы болот.
б) – Ооба, дарбаза коргойм.
в) – Ооба, азыр эле барабыз.

**9. – Саламатта калыңыз.**
а) – Көрүшкөнчө жакшы тур.
б) – Кандайсыз?
в) – Саламатсызбы.

**10. – Сенин атаң канча жашта?**
а) – Атам отургучта отурат.
б) – Менин атам отузда.
в) – Жаш кезинде окуган.

**3.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

## Эрландын үй дареги

Кичинекей Эрлан Максат таякесинин үйүнө келип:

– Таяке, биздин үйгө да барып кетиңизчи? – деп өтүндү.

Анда таякеси:

– Макул барайын, жээним. Силердин үйүңөр каякта? Мен издеп таба аламбы? – деп сынай сурады.

– Ооба да, таба аласыз, сөзсүз. Тиги чоң көчөдөн бурулуп, бир аз баскандан кийин Эрболдордун үйүнүн жанындагы чо-оң жашыл дарбазалуу үй биздики болот,– деди абдан дайындай.

Таякеси күлө карап:

А Эрболдордун үйүн кандай табам?

– Ошону да билбейсизби? Эрболдордун үйү биздин эле үйүбүздүн жанында турбайбы!

*Б. Абдухамидова*

1) Эрлан каякка конокко келген?
2) Силер Эрландын айтканы боюнча үйүн таба аласыңарбы? Эмне үчүн?
3) Өзүңөрдүн үй дарегиңерди айтып бергиле.

**4.** Кырдаалды окуп, бири-бириңер менен маектешкиле.

1) Таякең силерге конокко келди. Ата-энең ишке кеткен. Конок менен сүйлөш.

2) Кичинекей иниңе оюнчук сатып алуу үчүн дүкөнгө келдиң. Дүкөнчүгө эмнеге келгениңди айтып түшүндүр.

3) Досуңдун туулган күнүнө келдиң. Аны туулган күнү менен куттукта.

**5.** Апаңарды туулган күнү менен куттуктап, ачык кат жазгыла.

Текстти түзүүдө төмөнкү баалоо критерийлерин пайдалангыла:

1) Мазмуну так, толук ачылган.

2) Текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт.

3) Көлөмү 4–5 сүйлөмдөн ашпаган.

# ЭС АЛУУ. САЯКАТ

## 1-сабак

### Саякаттар дүйнөсү

**Грамматика:** Зат атоочтун барыш жана жатыш жөндөмөлөрү

**Лексика:** аска, чет өлкө, автобекет, саякат, эс алуу, бурулуш, велосипед менен, жөө, барса болот, суктанат, басуу, байка, текшериш, кечигүү.

**Эсиңе тут!**

| Ким? | Кайда? Каякка? | Эмне кылды? |
|---|---|---|
| Мен | алыс жактарга | бардым |
| Сен | аскага | чыктың |
| Сиз | мектепке | келдиңиз |
| Ал (Чолпон) | чет өлкөгө | кетти |
| Биз | аэропортко | жөнөдүк |
| Силер | автобекетке | бардыңар |
| Сиздер | шаарга | бардыңыздар |
| Алар (балдар) | аянтка | барышты |

**Барыш жөндөмө** кыймыл-аракеттин кимге, эмнеге, кайда багытталганын билдирет.

| Ким? | Кайда? Каерде? | Эмне кылды? |
|---|---|---|
| Мен | алыс жактарда | болдум |
| Сен | аскада | отурдуң |
| Сиз | мектепте | иштедиңиз |
| Ал (Чолпон) | чет өлкөдө | жашады |
| Биз | аэропортто | күттүк |
| Силер | автобекетте | күттүңөр |
| Сиздер | туулган күндө | белек алдыңыздар |
| Алар (балдар) | аянтта | эс алышты |

**Жатыш жөндөмө** кыймыл-аракеттин ордун көрсөтөт. Кимде? эмнеде? кайда?  деген суроолорго жооп берет.

**аска** – скала
**чет өлкө** – заграница
**автобекет** – автовокзал

**1.** Сүрөттөрдү карап, суроолорго жооп бергиле.

1) Сүрөттө кимдер тартылган?
2) Алар эмне кылып жатышат?
2) Алар эмне жөнүндө сүйлөшүп жатышат деп ойлойсуңар?







**саякат** – путешествие
**эс алуу** – отдых
**велосипед менен** – на велосипеде
**жөө** – пешком

**саякатта-** – путешествовать
**эс ал-** – отдыхать
**автобус менен** – на автобусе
**барса болот** – можно добраться (доехать, долететь, доплыть)

**2.** Суроолорду топтордо талкуулагыла.

1) Силер «саякат» дегенди кандай түшүнөсүңөр?
2) Саякатка кайда барса болот?
3) Каерде эс алса болот?
4) Саякатта эмне кыласыңар?
5) Сен саякатка кайда баргың келет?

- Маалымат менен таанышкыла. Ким кайда барат?

  **Үлгү:** *Руслан автобекетке барат. Аида аэропортко барат. Камил темир жол бекетине барат.*





- Кайда эс алса болот? Саякатта эмне кылат?

  **Үлгү:** *Руслан жайлоодо эс алганды жакшы көрөт. Жайлоодо кымыз ичет. Аида чет өлкөдө эс алганды жакшы көрөт. Чет өлкөдө шаарларга барат. Камил айылда эс алганды жакшы көрөт. Саякатта жаратылышка суктанат.*








**3.** Сөздүктү пайдаланып, жогорудагы сүрөттөрдү таблицадагы сүйлөмдөр менен дал келтирип жазгыла.

| Ким? Кимдер? | Кайда саякаттаганды жакшы көрөт? Кайда саякаттаганды жакшы көрүшөт? | Саякатта эмне кылат? Саякатта эмне кылышат? |
|---|---|---|
| Камил | айылга саякаттаганды жакшы көрөт. | Ал саякатта жаратылышка суктанат. |
| Балдар | жайында жайлоого чыкканды жакшы көрүшөт. | Алар жайлоодо таза абада эс алышат, кымыз ичишет, оюн ойношот. |
| Өмүрбек | кемеге түшүп саякаттаганды жакшы көрөт. | Ал саякатта көлдүн кооздугуна суктанат. |
| Азиза | чет өлкөгө саякаттаганды жакшы көрөт. | Ал чет өлкөлөрдө кооз шаарлар менен таанышат, эс алат. |
| Аня үй-бүлөсү менен | көлгө саякаттаганды жакшы көрүшөт. | Алар көл жээгинде эс алышат. |
| Айсулуу | тоого саякаттаганды жакшы көрөт. | Ал тоодо лыжа тебет. |

**жаратылышка суктанат** – любуется природой
**көлдүн кооздугуна суктанат** – любуется красотой озера

**4.** Жогорудагы үлгүлөрдү колдонуп, өз эс алууңарды баяндап жазгыла.

## 2-сабак

# Саякаттар дүйнөсү

**Грамматика:** Зат атоочтун барыш жана жатыш жөндөмөлөрү. Каякка? Кайда? Каерде?

**Лексика:** куш, канаттуу, саякатта-, уч-, алыс, бийик, каркыра, турна, окшош, саамай, көкүл, күнөс, коңгуроо, шыңгыра-, алтын, күмүш.

5. Сүрөттөр боюнча суроолорго жооп бергиле.


Каркыра


Турна


Турна учуп баратат


Каркыранын башында жайылган тутам ак жүнү бар


Каркыра-турналар учуп баратат


Каркыра-турналар конуп жатышат

1) Сүрөттө эмнелер тартылган?
2) Каркыра кандай куш?
3) Турна кандай куш?
4) Алардын эмнеси окшош, эмнеси окшош эмес?
5) Каркыра-турналар каякка учуп баратат? Кайда барып конот деп ойлойсуңар? Алар каерде жашайт?

6. Текстти окуп, жогорудагы сүрөттөр боюнча дагы 1–2 сүйлөм жазгыла.

Турна – чоң, кооз куш. Каркыра – турнага окшош куш. Ал – турнанын бир түрү. Каркыра да, турна да кооз канаттуу. Ошондуктан, кыргыздар каркыра-турна деп чогуу айта беришет. Каркыра-турналар бийик учушат...

7. Кашаадагы сөздөрдү туура формада колдонгула.

Турна – чоң куш. Каркыра – (турна) караганда кичине. Каркыра, турналар (жылуу жактар) учушат. Алар жылуу (өлкөлөр)

кышташат. Келгин куштар көп өлкөлөрдөн учуп өтүп, (алыс) саякатташат. (Жаз) кайра учуп келишет.

**8.** Суроолорду топто талкуулагыла.

1) «Саякат» деп силер эмнени түшүнөсүңөр?

2) Эмне үчүн ар ким ар кандай саякаттаганды жактырат?

3) Адамдар да, канаттуулар да саякатташат дегенге кошуласыңарбы? Эмне үчүн?

**9.** Ырды көркөм окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

– Эй, эй, каркыра турна,
Кайдан келе жатасың?

– Алтын саамай кыз алып,
Кыштан келе жатамын.

– Эй, эй, каркыра, турна,
Эми кайда барасың?

– Күмүш көкүл бала алып,
Күнөс жерге барамын.

– Эй, эй каркыра, турна,
Күнөс жерде эмнең бар?

– Жакшы окуган байкем бар,
Таза жүргөн эжем бар,

– Эй, эй, каркыра, турна,
Бизден таза, ак бекен?

– Силердей эмес эжекем,
Мектебинен кечиккен.

– Эй, эй каркыра, турна,
Кана дагы бирдеме айт.

– Коңгуроолор шыңгырайт,
Бизди ээрчибей кайра кайт.

*Алыкул Осмонов*

**саамай** – волосы на висках
**көкүл** – чёлка
**күнөс** – солнечная сторона
**коңгуроо** – звонок
**шыңгыра-** – звенеть

**10.** Кичи топтордогу окуучулар кайда саякатка барарын аныктагыла.

| Окуучунун аты | Ал кайда саякаттаганды жакшы көрөт? | Эмне үчүн? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**11.** Классташыңдын сабактагы ишин баалаш үчүн 1 сүйлөм танда.

Сен азаматсың.
Сен сабакта мыкты иштедиң.
Сен мындан дагы жакшы иштесең болмок.

**12.** Адамдар саякатка эмне менен барышат? деген темада гезит-журналдардан материалдарды таап жазып келгиле.

## 3-сабак

# Саякаттаган кандай сонун!

**Грамматика:** Зат атоочтордун жандооч менен айкалышы. Эмне менен? Ким менен?

**Лексика:** кеме менен, учак менен, кайык менен, унаа, ашуу, бийиктиги, аңгеме, сыйлык, катышуучу, кыймыл.

### Эсиңе тут!

| **Кимдер?** | | **Эмне кылышат?** |
|---|---|---|
| Баласы **менен** атасы<br>Атасы **менен** апасы<br>Апасы **менен** баласы<br>Кыздар **менен** балдар<br>Окуучулар **менен** мугалим<br>Алар **менен** булар<br>Булар **менен** тигилер | Баласы атасы **менен**<br>Атасы апасы **менен**<br>Апасы баласы **менен**<br>Кыздар балдар **менен**<br>Окуучулар мугалим **менен**<br>Алар булар **менен**<br>Булар тигилер **менен** | **саякатташат** |

| **Эмне менен?** | **Эмне кылышат?** |
|---|---|
| Унаанын баардык түрлөрү **менен**<br>Кеме **менен**<br>Учак **менен**<br>Машине **менен**<br>Велосипед **менен**<br>Поезд **менен**<br>Кайык **менен**<br>Троллейбус **менен**<br>Автобус **менен**<br>Космос корабли **менен** | **саякатташат** |

ӨҮҢ **кеме менен** – на пароходе
**учак менен** – на самолёте
**кайык менен** – на лодке

**13.** Байламта менен жандоочтун айырмасын тапкыла.

Аня машине менен саякатка баргысы келет. Ошондуктан Аня менен апасы даярдана башташты. Машине менен кайсы жерге

чейин саякаттаса болот? Кайсы мезгилде саякаттаган жакшы? Быйыл июнь жана июль айларында Кыргызстанды кыдырып келсе кандай болот? Алар ушулар жөнүндө ойлонуп жатышат.

**14.** Жуптарда кеңешип, ар бир сүрөткө тиешелүү сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
|  |  | |
|  |  | Унаанын түрлөрү:<br>автобус<br>учак<br>поезд<br>машине<br>кеме<br>кайык |
|  |  | |

**15.** Сен саякатка унаанын кайсы түрү менен баргың келет? Ким кайда баргысы келет? Суроолорго жуптарда кеңешип, жооп бергиле.

| **Ким?** | **Унаанын кайсы түрү менен?** | **Кайда баргысы келет? Эмне кылат?** |
|---|---|---|
| Аня | <br>машине **менен** | *Аня машине менен **Африкага** баргысы келет.*<br>*Аня машине менен **Африкада** саякаттайт.* |











*Колдонулуучу сөздөр:* Биздин үй-бүлөбүз учак менен ... .
Окуучулар автобус менен ... .
Атам экөөбүз кайык менен ... .
Камил менен достору кеме менен ... .
Классташым поезд менен ... .

**16.** Кичи топтордо иштеп, төмөнкү таблицаны толтургула, бири-бириңерге окуп бергиле.

| **Ким?** | **Унаанын кайсы түрү менен саякаттайт?** | **Ким кайда баргысы келет? Эмне кылат?** |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**17.** «Эс алуу. Саякат» деген аңгемелер сынагы жөнүндө кулактандырууну окуп, өз оюңарды айтып бергиле.

Силер үй-бүлөңөр менен кайда эс алсаңар да, өз эс алууңар жөнүндө аңгеме жазгыла. Сынакка катышкыла. Сынакка сайттан катталгыла. Ар бир катталган катышуучу каалаган аңгемесин жөнөтө алат. Биздин редакторлор сайтка чыгарардан мурун аңгемелерди текшеришет. Жыйынтыгында мыктыларын калыстар тобу баалайт. 2-февралда сынак жыйынтыкталат. Жеңүүчүлөргө сыйлыктар берилет.

Жакшы эс алгыла!

**аңгеме** – рассказ
**катышуучу** – участник
**жеңүүчү** – победитель
**сынакка каттал** – регистрируйся на конкурс
**калыстар тобу** – жюри
**сыйлык** – награда

## 4-сабак

# Саякаттаган кандай сонун!

**Грамматика:** Зат атоочтун чыгыш жөндөмөсү. Кайдан?
**Лексика:** өлкөсүнөн, Кениядан, сафариден, жөнөдү, башталды, кайттык.

### Эсиңе тут!

| | Кайдан? | Эмне кылды? |
|---|---|---|
| Биз саякатка | Кыргызстан**дан** | жөнөдүк |
| Саякатты | Кения**дан** | баштадык |
| Саякат | Кения өлкө**сүнөн** | башталды |
| Биз | сафари**ден** | кайттык |

**Чыгыш жөндөмөсү** кыймыл-аракеттин чыккан ордун билгизип, кимден? эмнеден? кайдан? эмнеликтен? деген суроолорго жооп берет.

**18.** Ананын сынакка жиберген аңгемесин окугула. Сүрөттөрүн карагыла. Бири-бириңерге суроо берип, суроолорго жооп бергиле.

### Африкага сафари

Биз сафариге Африкага жөнөдүк. Сафари – жапайы жаратылышка саякаттоо, айбанаттарды сүрөткө тартуу. Сафари **Кения өлкөсүнөн** башталды. Кениянын аба ырайы салкын жана өсүмдүктөрү аябай көп экен.

Үстү ачык **машине менен** баратып акыраны көрдүк. Бизди көрүп акыра такыр козголгон да жок. Ал бизди жактырбай карап, чөп чайнай баштады. Акыра шашпай, кадырын салып салмактуу басып бара жатат.



Жаныбарларды таң калып карап бараттык. Эчки, уй, эшектердей болуп зебралар оттоп жүрүшөт.

Биз кетип баратабыз, кетип баратабыз. Талаанын баш-аягы жок. Алдыбыздан пилдердин үй-бүлөсү чыкты. Кары пил үйүрдүн алдында шашпай басып кетти. Эне-пил кичинекей бала-пилди артынан түртүп коёт.

Накуру көлүнө жеттик. Бул көл – планетадагы кызгылт фламинго уя салууга оңтойлуу жер. Бүт горизонт кызгылт болуп албырып, алардын кыймылынан көл кайнагансып турду.

Сафариден сак-саламат жана көргөндөрүбүзгө ыраазы болуп кайттык. Жакшы эс алдык. Дагы баргыбыз келет.

**кызгылт** – красновато
**уя салууга ыңгайлуу жер** – гнездовье
**кыймыл** – движение
**ыңгайлуу** – удобный, благоприятный
**албыруу** – гореть
**кайнап турду** – кипел

**19.** Жогорудагы Анянын сынакка жазган аңгемесин баалагыла.

Аня кайда эс алган?

Сафари деген эмне?

Сафари жөнүндө Анянын аңгемесинде силерге жаккан эки мыкты учурду айткыла.

Аңгемени дагы жакшыртуу үчүн Аняга сунуш бергиле.

**20.** Диалогду окугула. Кайда, эмне менен саякаттоо жөнүндө сүйлөшүштү?

– Эмне менен саякаттаган жакшы?

– Машине менен. Себеби, Анянын машине менен сафариде болгону жакты. А сен кандай ойлойсуң? Эмне менен саякаттаган жакшы?

– Велосипед менен.

– Эмне үчүн?

– Бул жөнүндө окуганмын. 1000ге жакын адам велосипед менен саякатташат. Алар 90 саат ичинде Париждден Брестке чейин келип, кайра Парижге чейин кетишет. 1200 километр аралыкка. Бул укмуш саякат.

– Бул саякат эмес эле, велосипед менен жарыш го!?

– Алар спортчулар эмес да. Алыс аралыкка велосипед менен саякаттаган жөнөкөй эле адамдар.

– «Тур де Франс» жөнүндө уктуң беле? Жарыш жөнүндө.

– Жок. Уккан эмесмин.

– Велосипед менен 4800 километрге жарыш өткөрүлөт. Алар саатына 40 километр ылдамдыкта жүрүшөт.

– Жарышуучу машина менен андан да бат жүрөт. «Формула-1» учурунда машина менен Монте-Карло шаарын 77 жолу айланат.

**21.** Кайсы унаа кайдан жөнөйт? Унаанын түрлөрү жөнүндө айтып бергиле.


**Үлгү:** *Автобус автобекеттен* ***жөнөйт****. Жүргүнчүлөр каттоо өтүүчү жайдын* ***жанында*** *турушат. Кассалар бекеттин* ***ичинде****. Менин ордум терезенин* ***жанында****.*




**Поезд** темир жол бекетинен **жөнөйт.**



... аэропорттон ... .



... суу бекетинен ... .




... автобекеттен ... .

**ичинде** – внутри
**сыртында** – снаружи
**астында** – под, внизу
**үстүндө** – над, наверху

**артында** – за, позади
**алдында** – перед, впереди
**оң жагында** – справа
**сол жагында** – слева

- Суроону кантип берсе болот?

1) Ысык-Көлгө автобус ушул бекеттен жөнөйбү?
2) Билет сатуучу кеңселери биринчи кабаттабы?
3) Кассалар бекеттин ичиндеби?
4) Кассада билет бар**бы**?
5) Ордум терезенин жанында**бы**?
6) Эс алууга Ысык-Көлгө бардың**бы**?
7) Такси токтоочу жай бекеттин оң жагындабы же сол жагында**бы**?

**22.** Маалыматтарды окуп, бири-бириңерге суроо даярдагыла, берген суроолорго жооп бергиле.

Дүйнөдөгү эң узун темир жол – Транссибирь магистралы. Бул темир жолдо Москвадан Владивостокко чейин **поезд менен** 8 күн саякаттайт. Поезд 9000 километр жүрөт.



Кыргызстандагы башкы жол– Ош – Бишкек автожолу. Анда 12 саатта **машине менен** 667 километр жүрөт. Бул жолдо эң бийик ашуу Төө-Ашуунун бийиктиги 3586 метр.



**башкы** – главный
**ашуу** – перевал
**бийиктиги** – высота

Дүйнөдөгү эң узун суу каналы – Кытайдагы улуу канал. Бул каналда Пекинден Ханчжоу шаарына чейин **кеме менен** 1930 километр жүрөт. Каналды 2000 жыл курушкан.



**23.** Кандай унаа менен саякаттаган жакшы деп ойлойсуңар? Эмне үчүн? Төмөнкү сүйлөмдөрдү улантып, өз оюңарды жазгыла.

Мен ... деп ойлойм.
Биринчиден, ... .
Экинчиден, ... .
Үчүнчүдөн, ... .
Демек, ... .

**24.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 5-сабак

# Кайда саякаттаса болот?

**Грамматика:** Зат атоочтун табыш жөндөмөсү

**Лексика:** акын, үзүндү, ханзада, шамал, булак, эсеп, ачылыш, кубаныч, ак ниет, бекем, чаташуу, болжоо.

**Эсиңе тут!**

Табыш жөндөмөсү кыймыл-аракет тике багытталган объектини билгизип, кимди? эмнени? деген суроого жооп берет.

| Зат атооч | Кимди? Эмнени? | Эмне кылды? |
|---|---|---|
| | өзүндү | тартипке келтир |
| | планетаңды | тартипке келтир |
| Кичинекей ханзада | планеталарды | кыдырып саякаттайт. |
| Окумуштуулар | далилдерди | талап кылышат. |
| Саякатчы | белгисиз тоону | ачты, |
| тоодон | чоң-чоң таштарды | алып келди. |

**25.** Кашаадагы сөздөрдү табыш жөндөмөсүндө жазгыла. Окуп бергиле.

Француз жазуучусу (Антуан де Сент-Экзюпери) билесиңерби? Анын «Кичинекей ханзада» чыгармасынан (үзүндүлөр) окугула. Автордун өзү тарткан (сүрөттөр) карагыла. Кичинекей ханзада (астероиддер), (планеталар) кыдырып саякаттайт.

**26.** Бул сүрөттөрдө эмнелер тартылган деп ойлойсуңар? Оюңарды бири-бириңер менен бөлүшкүлө.





**27.** Окугула. Жомоктун каарманы ким? Ал кайда саякаттайт?

Антуан де Сент-Экзюпери жазган «Кичинекей ханзада» чыгармасынын үзүндүлөрү жана автордун өзү тарткан сүрөттөрү менен таанышасыңар. Антуан де Сент-Экзюпери – франциялык белгилүү жазуучу, акын жана учкуч болгон. Анын «Кичинекей ханзада» жомогу 1943-жылы Нью-Йорк шаарында жарык көргөн. Дүйнөдөгү 180 тилге которулган. Кичинекей ханзада астероиддерди, планеталарды кыдырып саякаттайт.

**үзүндү** – отрывок

**акын** – поэт

**28.** Төмөнкү сүрөттөрдү карагыла, кичи топтордо кеңешип, сүйлөмдөрдү сүрөттөр менен дал келтиргиле.


1


2


3


4


5


6

| | |
|---|---|
| ◯ – Бул жерде эмне кылып отурасыз?<br>– Географмын,– деди чал. | ◯ Эртең менен туруп, жуунуп, өзүңдү тартипке келтирер замат планетаңды да тартипке келтир. |
| ◯ Анын планетасы үйдөй эле кичинекей! | ◯ Бул чөл. Чөлдө эч ким жашабайт. Бирок Жер өзү абдан чоң. |
| ◯ Кичинекей ханзада суу сепкичти таап, гүлгө булактын суусун септи. | ◯ Миллион жылдыздын биреөндө да өспөгөн жалгыз гүлдү сүйсөң, арман жок... |

**29.** Текстти тыным менен окуп, суроолорго жооп бергиле. Тапшырмаларды аткаргыла.

## Кичинекей ханзада

I

Анын планетасы үйдөй эле экен! Жер, Юпитер, Марс, Венера сыяктуу чоң планеталардан башка жүздөгөн майда планеталар бар. Ошондой кичинекей планета ачып калса, астроном ага ат эмес, жөн гана номер коёт. Мисалы, «Астероид № 3251» деп. Мен Кичинекей ханзада «Астероид В-612» деген кичинекей планетадан учуп келди деп болжойм.

**ханзада** – принц
**болжоо** – предполагать

*1-тыным*

– Кичинекей ханзаданын планетасын сүрөттөп бергиле.
– Ал кайдан келген?
– Астроном жаңы планета ачса, эмне кылат?

II

Кичинекей ханзаданын планетасында дайыма жөнөкөй гүлдөр өсчү, алардын таажылары аз эле. Гүлдөр эртең менен ачылып, кечинде соолуп кала турган. Ал эми бул гүл болсо, белгисиз жактан шамал айдап келген уруктан өнүп чыкты... Өзүнүн жашыл бөлмөсүндө жатып сулуулана берип, көптө барып ачылды. Кичинекей ханзада суу сепкичти таап, гүлгө булактын суусун септи.

Миллион жылдыздын бирөөндө да өспөгөн жалгыз гүлдү сүйсөң, арман жок...

**желекче** – лепесток
**айдап келүү** – пригнать
**суу сепкич** – лейка
**соолуу** – увядать
**өнүү** – прорасти
**булак** – источник, ключ
**шамал** – ветер
**суу себүү** – полить
**арман** – печаль

*2-тыным*

– Кичинекей ханзаданын планетасында кандай гүлдөр өсчү?
– Ал сүйгөн гүл кандай гүл?
– Гүлдү сүйсө, анда адам бактылуубу? Эмне үчүн?

III

– Бир катуу эреже бар,– деди мага Кичинекей ханзада. – Эртең менен туруп, жуунуп, өзүңдү тартипке келтирер замат планетаңды да тартипке келтир. Бул эрежени силердин балдар да жакшы түшүнүп алсын. **Эгерде** алар бир кезде саякатка чыгып калышса, **анда** мунун пайдасы тиет.

Саякатка кетер күнү Кичинекей ханзада эртең менен турду да, планетасын күндөгүдөн жакшыраак жыйыштырды.

**пайдасы тиет** – будет полезно
**жыйыштыруу** – прибрать

*3-тыным*

– Кичинекей ханзаданын эрежесин айтып бергиле.
– Эгерде балдар саякатка чыгып калышса, анда бул эрежении кандай пайдасы тиет?
– Эмне үчүн Кичинекей ханзада саякатка кетерде планетасын жакшыраак жыйыштырды? Ал кайра келеби?

**30.** Ар бир адам Кичинекей ханзада сыяктуу эртең менен туруп, жуунуп, өзүн тартипке келтирер замат планетасын да тартипке келтириш керекпи? Үлгүгө таянып, өз алдыңарча суроого жооп жазып келгиле.

**Үлгү:** *Мен буга макулмун. Ар бир адам сөзсүз* ***планетасын тартипке келтириш*** *керек. Себеби ... .*
**Жок,** ме*н макул эмесмин. Ар бир адам эле сөзсүз* ***планетасын тартипке келтириш*** *керек эмес. Себеби ... .*

# 6-сабак

## Кайда саякаттаса болот?

**Грамматика:** Зат атоочтун жатыш жөндөмөсү
**Лексика:** саякатчы, абышка, илимпоз, сейилдеп, ак ниет, ак ниеттик, далил, жанар тоо, жолго чыкты.

### Эсиңе тут!

| Кайсы? | Кимде? Эмнеде? Кайда? | Эмне кылды? Эмне болду? |
|---|---|---|
| География | китебинде | саякат жөнүндө жазылган. |
| Менин | планетамда | жанар тоо бар. |
| Алыскы | планетада | гүл жалгыз калды. |

Жатыш жөндөмөсү орунду, бир нерсенин кайда, кимде, эмнеде экендигин көрсөтөт.

**31.** Текстти улантып окуп, тапшырмаларды аткаргыла.

IV

Алтынчы планета бешинчи планетадан он эсе чоң эле. Анда калың-калың китептерди жазган абышка жашайт экен. Ал кичинекей ханзаданы көрөр замат кубанып кетти:

– Мына, мына! Саякатчы да келип калды!

Кичинекей ханзада дем алайын деп отургучка отурду. Ал узак жол басып келбедиби!

– Куш келипсиң,– деди абышка ага.

– Бул эмне деген калың китеп? – деди Кичинекей ханзада. – Бул жерде эмне кылып отурасыз?

– Мен географмын,– деди абышка.

– Географ деген эмне?

– Географ деген деңиздер, дарыялар, шаарлар, тоолор, чөлдөр кайда турганын билүүчү илимпоз.

– Кызык экен! – деди Кичинекей ханзада. – Чыныгы жумуш деп ушуну айт!

*4-тыным*

– Кичинекей ханзада канча планетага саякаттады? Ал кимге жолукту?
– Географ эмне жумуш кылат?
– Географ жашаган планета кандай деп ойлойсуңар?

V

Анан ал географтын планетасына көз чаптырды. Мындай шаңдуу планетаны ал эч качан көргөн эмес.

– Сиздин планетаңыз кооз экен,– деди ал. – Мында мухит барбы?

– Аны билбейт экенмин,– деди географ.

– О-о,– деди Кичинекей ханзада. – А тоолор барбы?

– Билбейм,– деп кайталады географ.

– Шаарлар, дарыялар, чөлдөрчү?

– Аны да билбейм.

– Сиз географ эмессизби!

– Кеп ошондо,– деди чал. – Мен географмын. Саякатчы эмесмин. Саякатчыларым жок. Ошондуктан кыйналып жүрөм. Шаарлардын, дарыялардын, тоолордун, деңиздердин, мухиттердин, чөлдөрдүн эсебин географтар албайт. Географ – өтө иши көп адам, ал сейилдеп жер кыдырбайт. Ал кабинетинен чыкпайт. Бирок ал саякатчыларды кабыл алат, алардын айтып бергендерин жазат. **Эгерде** саякатчы кызык нерсе айтып берсе, географ сүрүштүрүп отуруп, ал саякатчынын **ак ниеттигин** текшерет.

– Эмне үчүн?

– Эгер саякатчы калп айтып койсо, география китебинде баары чаташып кетет. Эгер саякатчы ак ниет киши болуп чыкса, анда ал жасаган ачылышты текшеришет.

– Кантип текшеришет? Барып карап келишеби?

– Жок, кокуй. Антиш өтө кыйын да. Жөн гана саякатчыдан далилдерди талап кылышат. Мисалы, ал бир чоң тоону ачса, анда ошол тоодон чоң-чоң таштарды алып келсин.

ӨҮҢ

**көз чаптыруу** – окинуть взглядом
**эсеп** – счёт
**сейилдөө** – прогуливаться
**ак ниеттик** – честность
**ак ниет** – честный
**шаңдуу** – величественный, славный
**сүрүштүрүү** – наводить справки
**чаташуу** – перепутать
**ачылыш** – открытие

*5-тыным*

– Географтын планетасында эмнелер бар? Тоолор, деңиздер, мухиттер, шаарлар, дарыялар, чөлдөр барбы?
– Эмне үчүн географ өз планетасында эмне бар экенин билбейт?
– Силер өз планетаңарда эмнелер бар экенин билесиңерби? Эмнелер жөнүндө айтып бере аласыңар?
– Географ менен саякатчынын кандай айырмасы бар?

VI

Географ шашып баштады:

– Сен өзүң саякатчысың да? Алыстан келбедиңби? Өз планетаңды айтып берчи.

Анан географ китебин ачып, калемин учтады.

– Кулагым сенде,– деди географ.

– Менин планетамда кызык эч нерсе деле жок. – Кичинекей ханзада бош айтты. – Анда баары кипкичине. Үч жанар тоо бар. Экөө күйүп турат. Бирөө өчүп калган. Анан бир гүлүм бар.

– Биз гүлдөрдү белгилебейбиз,– деди географ.

– Эмнеге? Ал ажайып кооз да!

– Себеби, гүлдөр **бекем** эмес, бат жок болот.

– Менин гүлүм да бат эле жок болуп калабы?

– Албетте.

«Менин кубанычымдын өмүрү кыска экен да,– деди Кичинекей ханзада өзүнчө. – Мен аны таштап кеттим, ал планетамда жападан-жалгыз калды».

Өзү таштап кеткен гүлгө ичи ачышты.

– Мен кайда жөнөйүн, кандай кеңеш бересиз? – деп сурады ал географтан.

– Жер планетасына бар,– деди географ,– анын кадыр-баркы жаман эмес.

Кичинекей ханзада жолго чыкты, бирок ою таштап кеткен гүлүндө болду.

**ажайып кооз** – самый красивый
**кубаныч** – радость
**бекем** – крепкий
**кадыр-барк** – авторитет
**ичи ачышты** – пожалел
**жолго чыгуу** – пуститься в путь

*6-тыным*

– Географ Кичинекей ханзаданын планетасын китебине кандай деп жазып алды?

– Эмне үчүн географ гүлдү белгилеген жок? Силер буга макулсуңарбы же макул эмессиңерби?
– Географ Кичинекей ханзадага Жер планетасына бар деп кеңеш берди. Эми Кичинекей ханзада Жерге барабы?
– Жер кандай планета? Жерде кимдер жашашат? Сүрөттөп бергиле.

- Төмөнкүлөр чынбы? Ойлонуп, жооп бергиле.

Кичинекей ханзада алтынчы планетада географка жолугуп сүйлөштү.

Географ өз планетасынын тоолоруна, шаарларына, дарыяларына, чөлдөрүнө саякатка барган экен.

Ал кичинекей ханзадага өз планетасы жөнүндө айтып берди.

А Кичинекей ханзада географка өз планетасы жөнүндө айтып берди.

Саякатчылардын айтканын географ калың китебине жазып алат.

Ал Кичинекей ханзаданын планетасындагы гүл жөнүндө жазып алды.

Кичинекей ханзада Жер планетасына саякатка барат.

**32.** Кичи топтордо талкуулагыла. Автор жомокту чоңдорго арнап жазганбы же кичинекейлерге арнап жазганбы? Эмне үчүн адамдар өз планетасын сүйүп, сакташ керек?

- Ушул суроолорду берип, кичинекей ханзададан интервью алгыла.
- Ушул суроолорду берип, географтан интервью алгыла.

**33.** «Менин планетам» деген темада эссе жазып келгиле. Төмөнкү үлгүнү пайдалангыла:

Мен ... жашайм.
Мен өз планетам жөнүндө ... билем.
Мен ... жакшы көрөм.
Менин үй-бүлөм ... жакшы көрөт, анткени ... .
Менин досторум ... жакшы көрүшөт, анткени ... .

**34.** Өзүңөрдү түстүү карточкалардын жардамы менен баалагыла.

| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

## 7-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

## Саякат

**1.** Сөздөрдүн котормосун жебе менен көрсөткүлө.

| | |
|---|---|
| кайык менен | соскучиться |
| суктанат | на лодке |
| батир | путешественник |
| сагынуу | автовокзал |
| саякатчы | заграница |
| тушуна | транспорт |
| автобекет | пешком |
| дүйнө | любуется |
| ханзада | мир |
| барса болот | квартира |
| чет өлкө | сверстник |
| жөө | напротив |
| унаа | принц |
| курдаш | можно добраться |

**2.** Силер кайда саякаттаганды жакшы көрөсүңөр? Саякатта эмне кыласыңар? Сөздөрдү пайдаланып, чакан текст жазгыла.

Унаанын түрлөрү, алыс жактар, жаратылыш, суктанам, дүйнө, жөө, барса болот, досум менен, саякат, тоо, көл, автобекет, кооз.

- Текстти түзүүдө төмөнкү баалоо критерийлерин пайдалангыла:

1) Мазмуну так, толук ачылган.
2) Текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт.
3) Көлөмү 5–7 сүйлөмдөн ашпаган.

**3.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

Бул окуя 1492-жылы болгон. Христофор Колумб деген саякатчы үч кеме менен саякатка чыккан. Саякатка Колумб менен жүз жыйырма киши жөнөшкөн.

Саякатчылар узак убакыт батышка карай жүрүшкөн. Аба ырайы жакшы болуп турса да, Колумбдун командасы мухитте кайда

бара жатканын билишкен эмес. Акыры команда 1492-жылдын 12-октябрында алыстан кургактыкты көрүштү. Кайык менен жээкке чыгышып, саякатчылар укмуш сонун кооз жерге туш болушту. Колумб испан туусун колуна кармап, жаңы жерди ачканына кубанып, жерди өпкөн экен. Бул аралды Колумб Сан Сальвадор деп атаган. Испан тилинде бул аталыш «сактап калуучу» дегенди билдирет. Бул жер Индия деп болжогон Колумб ал жердин жашоочуларын индеецтер деп атаган.

1) Христофор Колумб качан саякатка чыккан?
2) Ал эмне менен саякаттаган?
3) Ал саякатка кимдер менен барган?
4) Саякатчылар мухитте кайсы тарапка карай жүрүшкөн?
5) Колумб жаңы жерди ачканда кандай деп атаган?
6) Жергиликтүү жашоочуларды ким деп атаган? Эмне үчүн?
7) Эгерде сен жаңы жерди ачсаң, анда кандай атайт элең?

**4.** Тоого саякатка барып, лыжа тебүүгө окуучуларды уюштурууга арналган кулактандыруу жазгыла.

**5.** Суроолорго оозеки жооп бергиле.

1) Эртең шаардын сыртындагы паркка эс алууга барат элем. Эмнелерди алсам экен?

2) Иним экөөбүз улуттук паркка баргыбыз келет. Кандай кийим кийип барыш керек?

3) Тоого саякаттап барып, чана тээп келели. Кайсы мезгилде барган жакшы?

**6.** Кырдаалды окуп, диалог түзгүлө.

1) Жайында кайда жана кантип эс ала турганыңарды айтып бергиле.

2) Досторуңарга телефон чалып, зоопаркка чакыргыла.

**7.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Эгерде астроном кичинекей планета ачса, анда...
Эгерде балдар саякатка чыгышса, анда...
Эгерде саякатчы чоң тоону ачса, анда...
Эгерде саякатка чет өлкөгө барсаң, анда...

**8.** Сүрөттөрдү карап, суроолорго жооп берип, жооптордун негизинде чакан текст түзгүлө. Тексттин темасын аныктагыла.



1) Балдар эмне кылып жатышат?
2) Алар кайда эс алып жатышат?
3) Аларга ат кой. Алар канча жашта?
4) Кандай деп ойлойсуң, балдар кайсы мезгилде эс алып жатышат?
5) Кандай деп ойлойсуң, күнгө күйгөн пайдалуубу? Эмне үчүн?
6) Сен күнгө кантип күйөсүң?

- Текстти түзүүдө төмөнкү баалоо критерийлерин пайдалангыла:

1) Мазмуну так, толук ачылган.

2) Текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт.

3) Көлөмү 5–7 сүйлөмдөн ашпаган.

# II ЧЕЙРЕК

## КЕСИП

### 1-сабак

### Ар бир кесип ардактуу

**Грамматика:** Кесипти билдирүүчү -***чы (-чи, чу, -чү)*** мүчөсү уланган зат атоочтор

**Лексика:** бийчи, ырчы, сүрөтчү, тигүүчү, ашпозчу, жазуучу, сатуучу, айдоочу, өрт өчүрүүчү, куруучу, илимпоз, тандоо, сулуу.

**Эсиңе тут!**

| Эмне? | Ким? |
|---|---|
| **ыр** | **ыр + чы** = *ырчы* |
| **бий** | **бий +** *чи* = *бийчи* |
| **жазуу** | **жазуу** + *чу* = *жазуучу* |
| **сүрөт** | **сүрөт** + *чү* = *сүрөтчү* |
| **Кесипт***и билдирген сөздөргө -чы мүчөсү жалганат.* | |

**1.** Сөздүктү пайдаланып, жупта кеңешип, ар бир сүрөткө тиешелүү сөздөрдү тапкыла.








**бийчи** – танцор
**ырчы** – певец
**сүрөтчү** – художник
**тигүүчү** – швея
**ашпозчу** – повар
**жазуучу** – писатель
**сатуучу** – продавец
**айдоочу** – водитель
**өрт өчүрүүчү** – пожарный
**куруучу** – строитель

**2.** Ким эмне кылат? Бул суроого жуптарда кеңешип, жооп бергиле. Жооп берүү үчүн төмөндөгү сөз айкаштарын колдонгула.

**Үлгү:** *Ашпозчу тамак жасайт.*

*Колдонулуучу сөздөр:* ыр ырдайт, тамак жасайт, бий бийлейт, кийим тигет, аңгеме жазат, машине айдайт, үйлөрдү курат, өрт өчүрөт, азык-түлүк сатат, сүрөт тартат.













**3.** Кичи топтордо иштеп, төмөнкү таблицаны толтуруп, бири-бириңерге окуп бергиле.

| Ким? | Кайда иштейт? | Ал эмне кылат? |
|---|---|---|
| Бийчи | театрда иштейт. | Ал кооз бийлерди бийлейт. |
| Сатуучу | дүкөндө иштейт. | Ал азык-түлүк сатат. |
| Ашпозчу | кафеде иштейт. | Ал даамдуу тамак жасайт. |
| Жазуучу | | |
| Айдоочу | | |
| Өрт өчүрүүчү | | |
| Тигүүчү | | |
| Сүрөтчү | | |
| Ырчы | | |

**4.** Төмөнкү диалогду угуп, сүйлөшүп жаткан адамдардын кесибин аныктагыла.

– Саламатсызбы!
– Саламатчылык!
– Мага ушул журналды берип коюңузчу.
– Мына, алыңыз.

– Ырахмат.
– Сизге суроо берсем болобу?
– Ооба, суроо бериңиз.
– Сиз дайыма ушул журналды сатып аласыз? Эмне үчүн?
– Бул журналда дайыма кызыктуу аңгемелер, сүрөттөр бар.
– Жакшы, рахмат, эми түшүндүм. Жакшы барыңыз.
– Рахмат, жакшы калыңыз.

**5.** Жуптарда кеңешип, төмөнкү кесиптер эмне үчүн ардактуу экендигин үлгүгө таянып жазгыла.

**Үлгү:** *Куруучу ардактуу кесип, анткени алар кооз жана бекем үйлөрдү курушат. ... ардактуу кесип, анткени ... .*

Бийчи, ырчы, сүрөтчү, тигүүчү, ашпозчу, жазуучу, сатуучу, айдоочу, өрт өчүрүүчү, куруучу, саякатчы.

**6.** Табышмактарды кичи топтордо окуп, анда кайсы кесиптин ээлери жөнүндө сөз болуп жатканын тапкыла.

Басып көрөт ичинди,
ачып көрөт тишинди.
Ооруп калсаң эстейсиң,
Эң керектүү кишинди

Билгенин жашырып катпайт,
Билимге умтулсаң мактайт.
Бул кандай мээримдүү адам?

**эстейсиң** – вспомнишь
**жашырып катпайт** – не скрывает
**умтулсаң мактайт** – если стремишься, то хвалит

**7.** Сүрөттү карагыла, кандай ойлойсуңар, сүрөттөгү адамдын кесиби кайсы?



**8.** Текстти окуп, төмөндө берилген суроолорго жооп бергиле.

## С. Чокморов актёр жана сүрөтчү

**Сүймөнкул Чокморов** – дүйнөгө белгилүү сүрөтчү, киноактёр, Кыргыз эл сүрөтчүсү, Кыргыз эл артисти. Ал жыйырмадан ашык кинотасмада башкы ролдорду ойногон. Ал көркөм сүрөт *(пейзаждык жана портреттик жанр)* жана графика түрүндөгү 800гө жакын чыгарманын автору. Анын 27 чыгармасы дүйнөнүн атактуу музейлеринде илинип турат. Волейбол боюнча спорт чебери, Кыргызстандын жана Ленинград шаарынын курама командасында ойногон. **Ал кинодогу ролдорду** дублёр-каскадёрсуз ойногон.

**кинотасма** – кинофильм
**спорт чебери** – мастер спорта
**курама командасы** – сборная команда

- Текст боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. С. Чокморов канча кинотасмада башкы ролдорду ойногон?
2. Кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн анын 27 чыгармасы дүйнөнүн атактуу музейлеринде илинип турат?
3. Силер С. Чокморовдун кайсы кинотасмасын көрдүңөр эле?
4. Кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн кинодогу ролдорду дублёр-каскадёрсуз аткарган?

**9.** Мектептин китепканасынан же интернет булактарынан С. Чокморов жөнүндө маалымат таап келгиле. Маалыматты төмөнкү план боюнча айтып бергиле.

1) С. Чокморовдун төрөлгөн жылы, жери, алган билими;
2) Ал тартылган кинотасмалар;
3) С. Чокморов жөнүндө белгилүү адамдардын пикирлери.

## 2-сабак

# Ар бир кесип ардактуу

**Грамматика:** Кесипти билдирүүчү *-чы* мүчөсү уланган зат атоочтор

**Лексика:** шайман, улуу уста, башкаруучу, коро шыпыруучу, тигүүчү, келишимдүү, адилеттүү, ардактуу.

**10.** Жупта кимге кайсы кесип жага тургандыгы жөнүндө сүйлөшкүлө. Жактырууңарды негиздеп бергиле, жооп берүүдө төмөнкү кеп үлгүсүн пайдалангыла:

Мага ... кесиби жагат, себеби ... .

**11.** Текстти кичи топто тыным менен окугула. Ар бир тынымдан кийин суроолорго жооп бергиле.

### Эң ардактуу кесип

I

Кайсы кесип дүйнөдө эң ардактуу, эң кызыктуу, чыгармачыл деп ойлойсуңар? Биз көп ойлондук, эң ардактуу кесипти тандай албай койдук, аңгыча бизди дүйнөдөгү улуу усталардын майрамына чакырышты. Ал майрамда колунда жумушчу шаймандары бар бир абышканы көрдүк.

– Бул адам улуу куруучу,– деп коноктордун бири айтты. – Ал курган үйлөр кооз, катуу шамалга да, жер титирөөгө да туруштук берет.

**чыгармачыл кесип** – творческая профессия
**тандоо** – выбрать
**улуу усталар** – великие мастера
**жумушчу шаймандар** – рабочие инструменты
**жер титирөөлөр** – землетрясения
**туруштук берүү** – выдержать

*1-тыным*

– Майрамда балдар кимди көрүштү?
– Ал ким экен?
– Ал курган үйлөр кандай экен?
– Эмне үчүн ал улуу куруучу?

– Кандай деп ойлойсуңар, куруучу абдан кызыктуу кесиппи? Эмне үчүн? Мындан ары дагы кайсы кесиптер жөнүндө сөз болот?

## II

– А бул улуу тигүүчүбү? – деп биз сурадык, анткени ал адамдын колунда ийне, жиптер бар экен.

– Ооба,– деп бизге жооп бериашти,– ал чынында эле улуу тигүүчү. Ал тиккен кийимдер адамдарды сулуу жана келишимдүү көрсөтөт.

– Ал эми бул жерде улуу башкаруучу турат,– деп бизге илимпозго окшош адамды көрсөтүштү.

– Ал башкарган мезгилден бери өлкөдө илимдер, соода-сатык, устачылык өнүгүп жатат. Адилеттүү мыйзамдар пайда болду.

**сулуу** – красивый
**тигүү** – шить
**ал тиккен кийимдер** – сшитая им одежда
**келишимдүү** – статный
**башкаруучу** – правитель
**илимпоз** – учёный
**өнүгүү** – развиваться
**адилеттүү мыйзамдар** – справедливые законы
**устачылык** – мастерство
**окшош** – похожий
**өнүгүп жатат** – развивается

*2-тыным*

– Тигүүчүнүн колунда эмнелер бар экен?
– Эмне үчүн ал тиккен кийимдер адамдарды сулуу жана келишимдүү көрсөтөт?
– Эмне үчүн башкаруучу илимпозго окшош?
– Ал башкарган мезгилде эмнелер өнүккөн?
– Адилеттүү мыйзамдар дегенди кандайча түшүнөсүңөр?
– Кыргызстанда бул кесип кандайча аталат?

## III

– Анан биз кадимки эле короо шыпыруучуну көрдүк. «Бул жерде короо шыпыруучуну да улуу уста деп аташабы»,– деп абдан таң калдык.

– Албетте, бул адам короону шыпырып, тазалаганда адамдар кубанышат, күн да жаркырап тие баштайт. Ал улуу уста,– деп жооп беришти.

Албетте, биз «Усталардын сырлары» деген китепте бардык усталар жөнүндө айтып бере алган жокпуз. Бирок алар эмгектенип, дүйнөнү кооз, жарык кылып жаткандыгы жөнүндө айтып бердик. Эми эң ардактуу кесип кайсы экенин түшүнөсүңөр, анткени ар бир адамга өз кесиби эң ардактуу.

ӨҮҢ **короо шыпыруучу** – дворник
**шыпыруу** – подметать
**жаркырап тие баштайт** – начинает светить ярко
**усталардын сыры** – секреты мастеров
**эмгектенүү** – трудиться
**дүйнөнү кооз, жарык кылуу** – делать мир красивее, светлее

*3-тыным*

– Балдар дагы кимди көрүштү? Ал эмне кылат экен?
– Аны эмне үчүн улуу уста деп аташты?
– Силер да ушундай деп ойлойсуңарбы?
– Эмне үчүн ар бир адамга өз кесиби ардактуу?

**12.** «Эң ардактуу кесип» деген тексттин пайдаланып, таблицаны толтургула.

| | | |
|---|---|---|
| Бул адам | ... | коноктордун бири айтты. |
| ... | катуу шамалга да, жер титирөөлөргө да | ... . |
| ... | адамдарды | ... . |
| | илимдер, соода-сатык, устачылык | өнүгүп жатат. |
| ... | ... | көрдүк. |
| ... | ... | кубанышат, күн да жаркырап тие баштайт. |
| Алар | ... | жөнүндө айтып бердик. |

**13.** Азыркы убакта Кыргызстанда кайсы кесиптер эң керектүү? Эмне үчүн? Төмөнкү сүйлөмдөрдү улантып, өз оюңарды жазгыла.

Мен ... деп ойлойм.
Биринчиден, ... .

Экинчиден, … .
Үчүнчүдөн, … .
Демек, … .

**14.** Ар бириңер өз алдыңарча келечекте кайсы кесипке ээ боло турганыңар жөнүндө ата-энелериңер, досторуңар менен кеңешип, төмөнкү план боюнча айтып бергиле:

– Мен кайсы предметтерге өзгөчө кызыгам?
– Окуудан тышкары дагы эмнелерге кызыгам?
– Мендеги сапаттар кайсы кесипке ээ болууга жардам берет?
– Ата-энемдин жана досторумдун мага берген кеңештери.

**15.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| …<br>…<br>… | …<br>…<br>… | …<br>…<br>… |

## 3-сабак

# Ар бир кесип маанилүү

**Грамматика:** Кесипти билдирүүчү ***-поз, -кер*** мүчөсү уланган зат атоочтор

**Лексика:** фермер, ишкер, элчи, укукчу, актёр, коргоо, ишенич, сактоо, чыдамкайлык, эмгекчил, сабаттуу.

### Эсиңе тут!

| Эмне? | Ким? |
|---|---|
| иш | иш + кер = ишкер |
| илим | илим + поз = илимпоз |
| кызмат | кызмат + кер = кызматкер |
| өнөр | өнөр + поз = өнөрпоз |
| **Кесипти билдирген сөздөргө -кер, -поз мүчөлөрү жалганат.** | |

**16.** Бул адамдардын кесиби кайсы?



Бул адам көп окуп, иштеп, илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт.
**Ал ойлонгонду жакшы көрөт.**



Бул адам жер айдап, буудай өстүрөт.
**Ал эмгектенгенди жакшы көрөт.**




Бул адам ар кандай ролдорду аткарат. Ал киного да тартылып, ошондой эле театрда да ролдорду аткарат.
**Ал ар кандай ролдорду аткарганды жакшы көрөт.**



Бул адам абдан жоопкерчиликтүү, ал ишканаларды ачып, адамдарга жардам берет.
**Ал адамдарга жардам бергенди жакшы көрөт.**



Бул адам чет өлкөдө иштейт. Кыргызстан менен башка чет өлкөлөрдүн ортосунда байланыш түзүп жатат.
**Ал Кыргызстандын жарандарына жардам бергенди жакшы көрөт.**



Бул адам мыйзамдар менен иш жүргүзөт. Ал адамдарга кеңеш берип, алардын укуктарын коргойт.
**Ал адамдардын укугун коргогонду жакшы көрөт.**

**17.** Ким эмне кылып жатат? Жуптарда кеңешип, жооп бергиле.

**Үлгү:** *Илимпоз изилдөөлөрдү жүргүзүп жатат.*

*Колдонулуучу сөздөр:* изилдөөлөрдү жүргүзүп жатат, ишкана ачып жатат, буудай эгип жатат, байланыш түзүп жатат, коргоп жатат, роль аткарып жатат.








**18.** Кичи топтордо иштеп, төмөнкү таблицаны толтуруп, бири-бириңерге окуп бергиле.

| Ким? | Кайда иштеп жатат? | Ал эмне кылып жатат? |
|---|---|---|
| Илимпоз | лабораторияда иштеп жатат. | Ал илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп жатат. |
| Ишкер | | |
| Фермер | | |
| Укукчу | | |
| Элчи | | |
| Актёр | | |

**19.** Таблицадагы сөздөр кайсы кесипке таандык экендигин (+) белгилегиле.

| Эмне кылып жатат? | | фермер | илимпоз | элчи | укукчу | актёр | ишкер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | коргоп жатат | | | | | | |
| 2 | байланыш түзүп жатат | | | | | | |
| 3 | изилдөөлөрдү жүргүзүп жатат | | | | | | |
| 4 | ишкана ачып жатат | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | роль аткарып жатат | | | | | | |
| 6 | жер айдап жатат | | | | | | |

**20.** Ырды угуп, жуптарда кеңешип, кайсы кесип жөнүндө сөз болуп жатканын айтып бергиле.

## Элчи

Көрө билип алысты,
Коргоп элдик намысты.
Элчи болуп барсам дейм,
Өлкөлөргө алыскы.

Эл ишенчин актасам,
Эл достугун сактасам.
Дүйнөдөгү эң бир чоң
Өлкөлөргө каттасам.

Бул кыргыздын уулу деп,
Чыгып элге атагым,
Келет менин дүйнөдө
Урмат менен жашагым!

*А. Кыдыров*

**элдик намыс** – честь народа
**коргоо** – защищать
**эл ишеничи** – доверие народа
**актоо** – оправдать
**каттап туруу** – посещать
**атак** – слава
**сактоо** – сохранить

**21.** Ырга таянып, төмөнкү суроолорго жуптарда кеңешип, жооп бергиле.

1) Элчи эмнени коргойт?
2) Элчи эмнени сактайт?
3) Элчи кандай өлкөлөрдө иштейт?
4) Эл ишеничин актоо деген эмне?
5) Силер элчи болуп иштегиңер келеби? Эмне үчүн?

**22.** Төмөнкү сүйлөмдөрдүн бөлүктөрүн байланыштырып жазып, бири-бирицерге окуп бергиле.

| | | |
|---|---|---|
| элчи | эл ишеничин | актайт |
| коргойт | укукчу | ачат |
| ишкер | ишкана | адамдарды |
| элчи | элдик намысты | аткарат |
| буудай | актёр | фермер |
| роль | жургүзөт | илимпоз |
| эгет | изилдөөлөрдү | сактайт |

**23.** Таяныч сөздөрдү колдонуп, сүйлөмдөрдү толуктап жазып келгиле.

Элчи ... болушу керек, анткени ал элдик намысты коргойт. Ишкер ... болушу керек, анткени ал ишканаларды ачып, адамдарга жардам берет. Укукчу ... болушу керек, анткени ал адамдардын укугун коргойт. Фермер ... болушу керек, анткени бул кесип чыдамкайлыкты талап кылат. Актёр ... болушу керек, анткени ал ар кандай образдарды жаратышы керек.

*Колдонулуучу сөздөр:* таланттуу, жоопкерчиликтүү, эмгекчил, чыдамкай, сабаттуу, күжүрмөн.

**чыдамкайлык** – терпеливость
**чыдамкай** – терпеливый
**талап кылат** – требуется
**образдарды жаратуу** – создавать образы
**жоопкерчиликтүү** – ответственный
**эмгекчил** – трудолюбивый
**сабаттуу** – грамотный
**күжүрмөн** – боевой

## 4-сабак

## Ар бир кесип маанилүү

**Грамматика:** Кесипти билдирүүчү ***-поз, -кер*** мүчөсү уланган зат атоочтор

**Лексика:** элчи, ишкер, касапчы, эл аралык, өнөрпоз, шырдак, кийизден, буюм, жардамчы, кызматкер, болгум келет.

**24.** Жупта сүйлөшүп диалогду уланткыла.

– Мен элчи болгум келет, анткени ал элдик намысты коргойт, алыскы өлкөлөргө каттайт. А сенчи?

– Мен ишкер болгум келет, анткени ал ишканаларды ачат, биздин жашоону жакшыртат.

**25.** Кичи топто иштегиле, төмөнкү макалдарды окуп, алар эмне жөнүндө экенин түшүндүрүп бергиле.

Жардамчылар табылса, иш жеңилдейт (перс элинин макалы).
Иш жок – жеңиш жок (чех элинин макалы).
Кара жер ак нанды жаратат (орус элинин макалы).
Сүйүктүү кесип кубаныч берет (марий элинин макалы).
Бөдөнөнү сойсо да, касапчы сойсун (кыргыз элинин макалы).

**бөдөнө** – перепёлка
**касапчы** – мясник

**26.** Кичи топто иштеп, төмөнкү таблицаны толтургула. Презентациялагыла.

Саякатчы, ашпозчу, ишкер, кызматкер, актёр, дарыгер, өнөрпоз.

| Ким? | Кандай милдет аткарат? | Кайда иштейт? |
|---|---|---|
| **Үлгү.** *Тарбиячы* | Балдарга тарбия берет, окутат, үйрөтөт. | Бала-бакчада, мектепте иштейт. |
| Элчи | ... | ... |

**27.** Төмөнкү сүрөттөр боюнча, кичи топтордо кеңешкиле, кооз шырдактарды жараткан адамдардын кесибин атагыла.





**28.** Кандай ойлойсуңар, ушундай өнөрпоз болуш үчүн кайсы окуу жайын бүтүрүш керек?

**29.** Текстти окуп, тексттен кийинки суроолорго жооп бергиле.

### Кыргыз шырдагы

Кыргызстанда жыл сайын эл аралык «Кыргыз шырдагы» фестивалы өткөрүлөт. Бул фестивалга Кыргызстандын бардык облустарынан келген өнөрпоздор катышат. Көргөзмөдө шырдактардан тышкары кийизден жасалган башка буюмдар да болот. Жалпы 254 шырдактын ичинен 27 шырдактын ээси 2-турга чыкты. Ал эми жеңишке 12 өнөрпоз ээ болду да, баалуу белектерди алышты.

**кийизден жасалган буюмдар** – изделия из войлока

«Кыргыз шырдагы» фестивалына кимдер катышат?
Көргөзмөгө кандай буюмдар коюлат? Канча өнөрпоз жеңишке жетти?
Жеңгендер эмне алышты?
Кыргыз шырдагы жөнүндө дагы эмнелерди билесиңер?

**30.** Башка булактардан ушундай өнөрпоздор жөнүндө маалыматтарды таап окугула. Журналистке интервью берүүгө, өнөрпоздон интервью алууга даярданып келгиле.

Интервьюну төмөнкү үлгүгө таянып жүргүзсөңөр болот:

– Саламатсызбы, менин аты жөнүм ..., мен ... (радио же телеканалынан же гезитинен) келдим эле.

– Сиз аты-жөнүңүздү айтып коёсузбу?

– Бул фестивалга качантан бери катышып жүрөсүз?

– Кандай ийгиликтерге ээ болдуңуз?

– Ушундай жеңиштерге жетүү үчүн сизге кайсы сапаттар жардам берди?

**31.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 5-сабак

## Тамсилчи

**Грамматика:** Зат атоочтун илик жана барыш жөндөмөлөрү

**Лексика:** тамсил, акын, калыс, адабий чыгарма, акыл-насаат, каарман, кемчилик, сыноо, нааразы болуу, чечим.

**Эсиңе тут!**

| Кимдин? | Эмнеси? |
|---|---|
| Тоголок Молдо**нун** | тамси**ли** |
| Эзоп**тун** | тамси**ли** |
| **Эмненин?** | **Эмнеси?** |
| тамсил**дин** | каарман**ы** |
| чыгарма**нын** | мазмун**у** |
| **кемчиликтин** | зыяны |
| акыл-насааттын | пайдасы |
| акын**дын** | чыгармасы |
| чечим**дин** | пайдасы |

**Зат атоочтун илик жөндөмөсү** заттын кимге же эмнеге таандык экенин билдирет. Кимдин? эмненин? деген суроолорго жооп берет.

| Кимге? | Эмнеге? |
|---|---|
| Тоголок Молдого | тамсилге |
| Эзопко | чыгармага |
| акынга | мазмунга |
| каарманга | кемчиликке |
| мугалимге | акыл-насаатка |
| тамсилчиге | зыянга |
| актёрго | пайдага |
| калыска | кесипке |
| элчиге | чечимге |

**Зат атоочтун барыш жөндөмөсү** кыймыл-аракеттин кимге, кайда, каякка багытталганын билдирет. Кимге? эмнеге? деген суроолорго жооп берет.

**32.** Көп чекиттин ордуна илик жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап жазгыла.

Тоголок Молдо... «Эшек менен булбул» деген тамсили кызыктуу. Тамсил... үзүндүсүн окуйбуз. Эзоп... чыгармалары биздин заманга чейин V–VI кылымдарга таандык. Эзоп... тамсилдери... каармандары кимдер?

**33.** Сүрөт боюнча жуптарда кеңешип, суроолорго жооп бергиле.



1) Сүрөттө эмнелер тартылган?
2) Жаныбарлар эмне үчүн чогулушту?
3) Алар эмне жөнүндө сүйлөшүп жатышат?
4) Аюу эмнеге таң калып жатат?
5) Эшек эмнеге нааразы болуп жатат?
6) Жаныбарлар эмне үчүн адамча кийинип алышкан?

**34.** Тоголок Молдонун «Эшек менен булбул» тамсилинен үзүндү окугула. Тамсилдин биринчи бөлүгүнүн кыскача мазмуну менен таанышкыла.

Бир күнү жаныбарлар булбулдун сайраганын сынайбыз деп чогулушту.

Эшекти калыс кылышты. Булбул бир күн бою сайрады. Ал абдан сонун сайрады.

**сайроо** – петь
**күн бою** – целый день
**калыс** – знаток, оценивающий, судья
**сыноо** – критиковать, оценивать

1) Жаныбарлар эмне үчүн чогулушту?
2) Булбул кандай сайрады?
3) Эшек булбулдун сайраганын сынай алабы?
4) Андан ары эмне болот?

- Сөздүктү пайдаланып, тамсилди андан ары окугула.

Булбулдун сайраганын,
Сайроодон талбаганын
Уккан мажилисте:
«Баракелде, булбул!
Калың журттун
Уйкусун ачып,
Кумарын жазып,
Сайрадың»,– дешти:
– Кана, айтчы, эшек!
Сага келди кезек,–
Деп ага сөз беришти.

**сайроодон талбаганын** – не уставать от пения
**баракелде** – хвала, восхищение, одобрение
**кумарын жазуу** – получить удовлетворение
**мажилис** – *син.:* **чогулуш** – собрание
**калың журт** – весь народ

1) Булбул бир күн бою эмне кылды?
2) Калың журтка булбулдун сайраганы жактыбы?
3) Эмне үчүн эшекке сөз беришти?

- Сөздүктү пайдаланып, тамсилди андан ары окугула.

– Ырас булбул жакшы сайрады,
Айтпаганы калбады.
Чынын айтсам бирок,
Үнү короздукуна окшогон жок.
Менин тилимди алса,
Короздон өнөр үйрөнүү үчүн,
Дагы бир жыл окууга барса,
Болор эле,– деди эшек.

Анда көпчүлүк мындай дешет:
– Ээ, макоо, булбул эшек эмес,
Эшектей кесеп эмес,
Сенин бул айтканың
Бизге эсеп эмес! –
Деп көпчүлүк наалат айтып
калды,
Эшекти айдап, жолго салды.

**окшогон жок** – не похож
**үйрөнүү үчүн** – чтобы поучиться
**өнөр** – искусство, ремесло
**наалат айтуу, нааразы болуу** – быть недовольным

**35.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазып, бири-бириңерге окуп бергиле.

Бир күнү жаныбарлар булбулдун сайраганын ... . Эшекти ... кылышты. Булбул ... сайрады. Ал абдан сонун ... . Бирок эшек булбулдун үнү ... окшогон жок деп айтты. Жаныбарлар ... нааразы болушту.

**36.** Асандын айткандарын угуп, анын суроолоруна жооп берүүгө даярдангыла.

Жаныбарлардын баары чогулуп, булбулдун сайраганын угушту. Бирок эмне үчүн эшекти калыс кылышты? Менин оюмча, эшек булбулдун сайраганын түшүнгөн жок. Булбулдун үнүн короздун үнү менен салыштырды. Булбулдун сайраганын ким сынаш керек эле?

**37.** Тоголок Молдо бул окуя менен бизге эмнени айткысы келген?

## 6-сабак

## Тамсилчи

**Грамматика:** Зат атоочтун илик жана барыш жөндөмөлөрү
**Лексика:** даңктуу, көрүнүктүү, негиздөөчү, далилде, шылдыңда-, эркиндик, баш тарт-, уламыш-.

**38.** Тексттеги маалымат менен таанышып, жупта бири-бириңерге окуп бергиле.

**Тамсил** – ыр же проза түрүндөгү адабий чыгарма. Тамсилдин башында же аягында акыл-насаат айтылат. Тамсилдин каармандары көп учурда жаныбарлар, өсүмдүктөр, буюмдар болот. Тамсилде акындар, жазуучулар адамдардын ар кандай кемчиликтерин шылдыңдашат. Тамсил байыркы адабий жанрларга кирет.

Байыркы Грецияда Эзоп (биздин заманга чейин V–VI кылымдарда) атактуу тамсилчи болгон. Ал эми Римде Федр (биздин замандын I кылымы) деген тамсилчи болгон. Индияда III кылымда «Парчатантра» тамсилдер жыйнагы чыккан. XVII кылымда Францияда Жан Лафонтен аттуу акын көрүнүктүү тамсилчи эле. Ал эми Россияда тамсил жанрынын гүлдөп-өнүгүшүн И. А. Крыловдун тамсилдери далилдейт.

Кыргыз жазма адабиятында тамсил жанрынын негиздөөчүсү болуп Тоголок Молдо саналат.


**тамсилчи** – баснописец
**адабий чыгарма** – литературное произведение
**акыл-насаат** – наставление
**каарман** – герой произведения
**кемчиликтер** – недостатки
**шылдыңдоо** – высмеивать
**тамсилдер жыйнагы** – сборник басен
**негиздөөчү** – основатель
**биздин заманга чейин** – до нашей эры

**39.** Текст боюнча таблицаны туура толтургула.

| | | |
|---|---|---|
| Тамсил | | адабий чыгарма. |
| Тамсилдин аягында же башында | | айтылат. |
| | көп учурда | жаныбарлар, өсүмдүктөр, буюмдар. |
| Тамсилде | | шылдыңдашат. |
| Тамсил | | кирет. |
| | абдан даңктуу | |
| Римде | | тамсилчи болгон. |
| XVII кылымда | | көрүнүктүү тамсилчи эле. |
| Ал эми Россияда | | тамсилдери далилдейт. |
| | тамсил жанрынын негиздөөчүсү | |

**40.** Кичи топтордо кеңешип, жогорудагы текстке таянып, сүрөттө кайсы тамсилчилер тартылганын тапкыла.







**41.** Текстти жуптарда бири-бириңерге окуп бергиле, тексттин темасын аныктагыла.

Эзоп Байыркы Грецияда кул болгон экен. Ал абдан акылдуу болгондуктан, эркиндик алыптыр. Жөнөкөй эле адамдар эмес, Грециянын башкаруучулары да анын кеңештерине кулак салышчу дешет. Эзоп өз тамсилдеринде адамдардын кемчиликтерин шылдыңдагандыктан, андан көп адамдар коркушчу экен. Бир күнү Эзоптон корккон адамдар анын баштыгына храмдан уурдалган алтын табакты салып коюшкан. Уламыш боюнча Эзопту кармап алганда, ал кайрадан кул болом десе, анда тирүү калат эле. Ал эркиндигинен баш тарткысы келбей, өлүм жазасына макул болгон.

**кул** – раб
**кеңешке кулак салуу** – прислушиваться к советам
**коркуу** – бояться
**сөз берүү** – дать слово
**эркиндик** – свобода
**уурдалган** – украденная
**өлүм жазасы** – смертная казнь
**эркиндигинен баш тарткысы келбей** – не желая лишиться свободы

**42.** Сүйлөмдөрдү мааниси боюнча толуктап жазгыла.

Ал абдан акылдуу болгондуктан...
Эзоп өз тамсилдеринде адамдардын кемчиликтерин...
Бир күнү Эзоптон корккон адамдар...
Уламыш боюнча Эзопту кармап алганда...
Ал эркиндигинен баш тарткысы келбей...

**43.** Тексттеги маалыматты 2–3 сүйлөм менен жалпылагыла.

Текстте айтылган маселени белгилегиле.
Өз оюңарды айткыла.
Аны аргументтештирип, мисалдарды келтиргиле.
Жыйынтык чыгаргыла.

**44.** Төмөнкү сөздөрдүн антонимдерин тапкыла.

| | |
|---|---|
| кул – | эркиндик – |
| кемчилик – | коркок – |

**45.** Эзоп туура чечим кабыл алды деп ойлойсуңарбы? Эмне үчүн? Өз оюңарды төмөнкү сүйлөмдөрдү улантып жазып келгиле.

Мен ... деп ойлойм.
Биринчиден, ... .
Экинчиден, ... .
Үчүнчүдөн, ... .
Демек, ... .

**46.** Өтүлгөн тема боюнча суроолорго туура жооп бергиле.

| | |
|---|---|
| Тема кызыктуу болдубу? Эмне үчүн? | |
| Кайсы маалымат баалуу болду? | |
| Кандай суроолор пайда болду? | |
| Тема боюнча дагы эмнени билгиң келет? | |

## 7-сабак

# Кесип тандоо оңойбу?

**Грамматика:** Зат атоочтун табыш жөндөмөсү

**Лексика:** муғалим, дарыгер, билим бер-, дарыла-, танда-, тарбияла-.

### Эсиңе тут!

| Кимди? | Эмнени? |
|---|---|
| Тоголок Молдону | тамсилди |
| Эзопту | мазмунду |
| мугалимди | билимди |
| кааpманды | акыл-насаатты |
| акынды | чыгарманы |
| дарыгерди | чечимди |

**Зат атоочтун табыш жөндөмөсү** кыймыл-аракет түздөн-түз багытталган затты билдирип, кимди? эмнени? деген суроолорго жооп берет.

Табыш жөндөмөсүндөгү зат атоочторго **-ны** мүчөсү жалганат.

**47.** Жупта кеңешип, сүрөттөгү адамдардын кесибин аныктагыла.




**48.** Берилген сөздөрдү байланыштырып, сөз айкаштарын түзгүлө.

| | |
|---|---|
| кызыктуу | берүү |
| ооруну | тарбиялоо |
| билим | кесип |
| балдарды | тандоо |
| кесип | дарылоо |

**тарбиялоо** – воспитывать
**кесип тандоо** – выбрать профессию
**билим берүү** – давать знания
**дарылоо** – лечить

**49.** Таяныч сөздөрдү пайдаланып, сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Мугалим **балдарды ...** .
Дарыгер **адамдарды ...** .
Адамдар **кесипти ...** .
Окуучулар **мугалимди ...** .
Оорулуу адамдар **дарыгерди ...** .

Мугалим дептерлерди … .

Дарыгер оорулуу адамга **рецепти** … .

*Колдонулуучу сөздөр:* берет, текшерет, угушат, сыйлашат, тандашат, дарылайт, тарбиялайт.

**мугалим** – учитель
**дарыгер** – доктор

**50.** Текстти тыным менен угуп, ар бир тынымдан кийин суроолорго жооп бергиле.

## Чынаркандын түшү

I

Чынаркан «чоңойгондо кандай адам болсом» деп кыялдана берди. «Комузчу болсомбу... Мугалим болсомбу...». Бир кезде: «колумдан эч нерсе келбеген жалкоо болуп калсамчы?..»,– деп ойлоп алып, чочуп кетти. Анан бул оюн чоң атасы Жакыпка айтты.

Чоң атасы сергек кызынын бул сөзүнө ыраазы болуп, тамашалап минтти:

– Сен түндө жаздыгыңдын астына комуз, китеп, анан нан коюп укта. Макулбу? Түшүңө эмне кирсе, чоңойгондо ошондой болосуң...

**кыялдана** – мечтая
**сергек** – чуткий
**чочуп кетти** – испугалась
**тамашалап** – шутя

*1-тыным*

1) Чынаркан эмне деп кыялданчу эле?
2) Өзүнүн оюн кимге айтты?
3) Чоң атасы эмне деп тамашалады?

II

Чоң атасынын бул тамаша сөзү Чынарканды аябай ишендирип таштады. «А кокус, комуз да кирбей, китеп да кирбей, нан кирсечи?..»,– деп тынчсызданып жатып уктап кетти.

Түшүндө ал экинчи класстын «Эне тили» китебин көрдү. Эртең менен эле муну чоң атасына айтып берди. Чоң атасы кызынын түшүн жоруп:

– Түшүңө китеп кирсе, чоңойгондо мугалим болот экенсиң,– деп эркелетти.

Андан бери далай жылдар өттү. Айткандай эле, Чынаркан чоңоюп, жогорку окуу жайын бүтүрүп, мугалим болду. Азыр экинчи классты окутат.

*С. Рысбаев*

**ишендирип** – убеждая
**түшүн жоруп** – объясняя значение сна
**тынчсызданып** – беспокоясь
**далай** – много

*2-тыным*

1) Чоң атасынын сөзү Чынарканга кандай таасир берди?
2) Чынаркандын түшүнө эмне кирди?
3) Ал чоңойгондо ким болду?
4) Кесип тандоо оңойбу? Эмне үчүн?

**51.** Төмөнкү үлгүгө таянып, силерге кайсы кесип жакса, ошол кесип жөнүндө жазгыла.

- Жооп берүү үчүн сүйлөмдөрдү төмөнкү сөздөр менен баштайбыз.

Менин оюмча, … .
Биринчиден, … .
Экинчиден, … .
Демек, … .

***Мисалы:*** Менин оюмча, дарыгер болуу абдан жакшы.

Биринчиден, дарыгер болуш үчүн көп жыл окуш керек.

Экинчиден, дарыгер абдан ардактуу кесип, ал адамдарды дарылайт, аларга жардам берет.

Демек, дарыгер болгон адам абдан акылдуу, аны бардык адамдар сыйлайт, ошондуктан мага дарыгер кесиби жагат.

## 8-сабак

# Кесип тандоо оңойбу?

**Грамматика:** Зат атоочтун табыш жөндөмөсү

**Лексика:** жаран, аскер кызматчысы, адис, башчы, элчилик, үй-бүлөлүү, жеңе, болочок.

**52.** Төмөнкү текстти окуп, кичи топто талкуулагыла, тексттен кийинки суроолорго жооп бергиле.

### Менин үй-бүлөм

Менин аты-жөнүм Кадырбек уулу Бектур. Мен кыргызмын. Кыргызстандын жаранымын. Мектепте 5-класста окуйм. Мен үй-бүлөм менен Ош шаарында жашайм. Менин үй-бүлөм чоң: анда алты киши бар. Атам, апам, агам, эжем, иним жана мен чогуу турабыз. Атамдын аты Кадырбек. Ал – аскер кызматчысы. Атам – мыкты адис. Ал эми апамдын аты Гүлмира. Апам фирмада башчы болуп иштейт. Биз төрт бир тууганбыз. Эң улуубуз – агам. Агамдын аты Азамат. Агам Кыргызстандагы Казакстан элчилигинде котормочу болуп иштейт. Агам үй-бүлөлүү. Агамдын аялы мага жеңе болот. Жеңем Технологиялык университетте 5-курста окуйт. Ал эми эжемдин аты Чолпон. Ал – студент. Эжемдин болочок кесиби – тилчи. Менин кичинекей иним Азим жети жашта. Экөөбүз бир мектепте окуйбуз. Эртең менен мектепке чогуу барабыз.

Биздин туугандарыбыз көп. Чоң апам башка неберелери менен дем алыш күндөрү биздикине келишет. Бир күнү туугандарыбыз мага болочок кесип жөнүндө кеңеш беришти...

**жаран** – гражданин
**аскер кызматчы** – военнослужащий
**котормочу** – переводчик
**тилчи** – языковед
**адис** – специалист

1. Бектурдун үй-бүлөсүндө канча адам бар экен?
2. Эмне үчүн ал өзүн Кыргызстандын жаранымын деп тааныштырды?
3. Жаран деген сөздүн маанисин кандайча түшүнөсүңөр?
4. Аскер кызматчысы кандай милдеттерди аткарат?
5. Эмне үчүн мыкты адис дешет?
6. Котормочу эмне кылат? Бул керектүү кесиппи?
7. Силердин мектепте тилчилер барбы?
8. Бектурдун туугандары ага кандай кеңеш берди?

**53.** Кичи топто иштеп, Бектурга кеңеш жазгыла. Ар бир топтун жазган кеңештерин уккула, талкуулагыла. Аягында кайсы топтун кеңеши пайдалуу болгондугу тууралуу чечим чыгаргыла. Кеңешти жазууда төмөнкү кеп үлгүлөрүн пайдалангыла:

1. Эгерде Бектур ... предметтерин жакшы окуса, анда ал ... кесибин тандасын.

2. Эгерде Бектур спорт менен машыкканды жакшы көрсө, анда ... кесибин тандасын.

3. Эгерде Бектур ... кызыкса, анда ... кесибин тандасын.

**54.** Өз алдыңарча иштегиле, жогорудагы текстти пайдаланып, өз үй-бүлөңөр жана алардын кесиптери жөнүндө жазып келгиле. Жалпы класска окуп берип, берилген суроолорго жооп бергиле.

**55.** Өтүлгөн тема боюнча СМС жазгыла.



1) Сабак кандай өттү?
2) Сен кандай иштедиң?
3) Сага эмне жакты?
4) Сага эмне жаккан жок?

## 9-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

## Кесип

**1.** Сүрөттө кайсы кесиптин ээлери? Алар жөнүндө маалыматты таблицага жазгыла.



| Ким? | Эмне кылганды жакшы көрөт? | Ал кайда иштейт? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**2.** Кесип жөнүндөгү маалыматты окуп, кайсы кесип экенин аныктап, дептериңерге жазгыла.

а) Бул адам көп окуп, иштеп, илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт. Ал ойлонгонду жакшы көрөт.

Анын кесиби ... .

б) Бул адам жер айдап, буудай өстүрөт. Ал эмгектенгенди жакшы көрөт.

Анын кесиби ... .

в) Бул адам ар кандай ролдорду аткарат. Ал киного да тартылып, ошондой эле театрда да ойнойт. Ал ар кандай ролдорду аткарганды жакшы көрөт.

Анын кесиби ... .

г) Бул адам абдан жоопкерчиликтүү, ал ишканаларды ачып, адамдарга жардам берет. Ал адамдарга жардам бергенди жакшы көрөт.

Анын кесиби ... .

д) Бул адам чет өлкөдө иштейт. Кыргызстан менен башка чет өлкөлөрдүн ортосунда байланыш түзөт. Ал Кыргызстандын жарандарына жардам бергенди жакшы көрөт.

Анын кесиби ... .

е) Бул адам мыйзамдар менен иштейт. Ал адамдарга кеңеш берип, алардын укуктарын коргойт. Ал адамдардын укугун коргогонду жакшы көрөт.

Анын кесиби ... .

**3.** Төмөнкү сөздөр менен сөз айкаштарын түзгүлө.

Таланттуу, жоопкерчиликтүү, эмгекчил, чыдамкай, сабаттуу, күжүрмөн.

**4.** Каалаган беш кесипти мүнөздөп, таблицаны толтургула.

| Кесиптин аталышы | Кайсы сапаттар болуш керек? | Эмне үчүн? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**5.** Төмөнкү сөздөр менен сөз айкаштарын түзгүлө.

Кул, эркиндик, кемчилик, коркок.

**6.** Кластерди колдонуп, Эзоптун жашоосу жөнүндө айтып бергиле.




**7.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

Мен чоңойгондо ким болууну чече элекмин. Ким болууну тандоо – жөнөкөй иш эмес. Себеби, дүйнөдө абдан кызыктуу кесиптер көп да. Балким мен врач болуп, эң жаман ооруларды айыктырам. Же космос мейкиндигин аралап, ааламга саякаттайм. А балким, биздин планетанын сырдуу жерлерин изилдейм, же болбосо буудай өстүрүп, нан бышырам. Илимпоз болуп, энергиянын жаңы түрүн табам же апамдын ордуна ашканада тамак жасай турган роботту ойлоп табам.

Мен болгону бешинчи класстын окуучусумун, келечекте кандай кесипке ээ болорумду айтуу мен үчүн кыйын. Бирок мен адамдарга пайдалуу кесипти тандайм, ошондо мектептен алган билимим мага жардам берерине ишенем.

1) Кесипти тандоо чын эле оорбу? Эмне үчүн?
2) Врач эмне кылат? Илимпоз эмне кылат? Космонавтчы?
3) Эгерде окуучу мектепте жакшы окуса, анда келечекте мыкты эмгектене турганына кошуласыңбы? Эмне үчүн?

**8.** Тексттин каарманына мүнөздөмө берип, таблицаны толтургула.

| Каарманга ат кой. | Сырткы келбетин элестетип, жаз. | Ал азыр кандай окуучу? | Ал келечекте кандай адам болот деп ойлойсуң? |
|---|---|---|---|
| ... | ... | ... | ... |

**9.** Сүрөттөгү кесип ээлерин атагыла. Кыргызстандын өнүгүүсүнө кайсы кесиптер абдан керек? Эмне үчүн? Дагы кайсы керектүү кесиптер сүрөттө жок?



**10.** Мен кайсы кесипти тандайм? Суроолорго жооп берип, чакан текст түзгүлө.

1) Сен кайсы сабактарды өзгөчө жакшы окуйсуң?
2) Келечектеги кесибиң ошол предметтер менен байланыштуубу?
3) Кайсы кесипти тандадың? Эмне үчүн?
4) Өзүңө кыскача мүнөздөмө бер. Сенде кайсы сапаттар бар?

- Текстти түзүүдө төмөнкү баалоо критерийлерин пайдалангыла.

1) Мазмуну так, толук ачылган.
2) Текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт.
3) Көлөмү 5–7 сүйлөмдөн ашпаган.

# КЫРГЫЗСТАН

## 1-сабак

### Кыргызстан – менин мекеним

**Грамматика:** Этиштин жактары
**Лексика:** султан, ултан, топурак, Ата Мекен, түтүнү, сыймыктан-, байлык, жайыт, төр, калаа, ырыскы, тунук.

**Эсиңе тут!**

| Этиштин жактары | | |
|---|---|---|
| **1-жак** | **2-жак** | **3-жак** |
| Мен келем | Сен келесиң | Ал келет |
| Биз келебиз | Сиз келесиз | Алар келишет |
| | Силер келесиңер | |
| | Сиздер келесиздер | |

**1.** Диалогду окугула. Балдар кайдан келишкен экен?



– Салам! Менин атым Наташа.
– Салам! Менин атым Азамат.
– Мен Россиядан келдим. А сен кайсы өлкөдөн келдиң?
– Мен Кыргызстандан келдим.
– Мен Кыргызстанда боло элекмин. Ал кандай өлкө?
– Кыргызстан – тоолуу өлкө. Ал – менин мекеним.

**мекен** – родина

**2.** Жуптарда кеңешип, ар бир көрүнүштү сүрөттөп бергиле. Сүрөттөрдү жалпы сөз менен атагыла.

**Үлгү** – *Бул эмне?*
– *Бул тоолор.*

– *Алар кандай?*
– *Алар бийик.*






**3.** Этиштин жактарын туура улап жазгыла.

Мен Кыргызстанды жакшы көр-...
Сен Кыргызстанда жаша-...
Сиз Кыргызстан менен сыймыктан-...
Ал сан байлыкты сакта-...
Биз жайытта мал бак-...
Силер жайлоонун төрүндө эс ал-...
Сиздер ырыскы кош-...
Алар тунук суу ич-...

**4.** Берилген сөздөрдү байланыштырып, сөз айкаштарын түзгүлө.

| | |
|---|---|
| жашыл | талаа |
| кыргыз | жери |
| дан | тили |
| тунук | суу |
| кен | казнасы |

**5.** Ырды окугула. Акын Кыргызстанды кандай сүрөттөгөн?

## Кыргызстан

Кыргызстан – жашыл жери, жашыл бакча жергеси,
Жайыт төрү, дан талаасы, сан байлыктын энеси.
Кен казнасы, көл сулуусу, тунук суунун атасы,
Ак пейилдин, мартчылыктын, ырыскынын кемеси.

Кыргызстан – соолук айлы, таланттардын эшиги,
Тунук акыл, чебер колдун түгөнбөгөн кесиби.
Заманына, өз калкына ой-пикири санаалаш,
Кыргызстан – ыр калаасы, ырахаттын бешиги.

*А. Осмонов*

**жайыт төрү** – пастбище, луг
**сан байлыктын энеси** – мать (хозяйка) многих богатств
**кен казнасы** – природные богатства
**тунук суунун атасы** – отец чистых вод *(образное выражение)*
**ак пейил, мартчылык, ырыскы** – душевность, щедрость, доля в мирских благах
**соолук айлы** – родина здоровья *(образное выражение)*
**ой-пикири санаалаш** – мыслями, взглядами единый
**ырахаттын бешиги** – колыбель счастья

**6.** Акын туулган жерин эмне менен салыштырып жатат? Силерге жаккан сөз айкаштарды таблицага жазгыла. Эмне үчүн жакканын түшүндүрүп бергиле.

| Сөз айкаштар | Комментарийлер |
|---|---|
| 1) | |
| 2) | |
| 3) | |

**7.** Макалдарды окуп, маанисин түшүндүргүлө.

1) Башка жерде султан болгуча, өз жериңде ултан бол. *(Кыргыз макалы)*

2) Өз үйүңдөн жакшы жер жок. *(Жапон макалы)*

3) Өз жериңдин бир ууч топурагы да баалуу. *(Орус макалы)*

4) Үйдү таштап кетсе болот, Ата Мекенди таштап кетүүгө болбойт. *(Түркмөн макалы)*

5) Туулган жердин түтүнү да таттуу. *(Татар макалы)*

**ултан** – подмётка
**ууч** – горсть
**топурак** – глина, земля
**Ата Мекен** – отчизна
**түтүн** – дым
**таттуу** – сладкий

**8.** Башка өлкөдө жашаган досуңарга Кыргызстан жөнүндө кат жазгыла.

Каттын түзүлүшү:
1) Кайрылуу
2) Киришүү
3) Негизги бөлүк
4) Корутунду

**9.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 2-сабак

## Мекен деген эмне?

**Грамматика:** Жекелик жан көптүк сандагы этиштер

**Лексика:** мамлекет, карыз, мурас, керилген талаа, мөлтүр булак, ата-баба, улут, көп улуттуу, туулган жер.

**Эсиңе тут!**

| Этиштин жекелик саны | | |
|---|---|---|
| | | **эмне кылат?** |
| 1-жак | Мен | жакшы көрөм |
| 2-жак | Сен | жакшы көрөсүң |
| 2-жак | Сиз | жакшы көрөсүз |
| 3-жак | Ал | жакшы көрөт |
| **Этиштин көптүк саны** | | |
| | | **эмне кылышат?** |
| 1-жак | Биз | жакшы көрөбүз |
| 2-жак | Силер | жакшы көрөсүңөр |
| 2-жак | Сиздер | жакшы көрөсүздөр |
| 3-жак | Алар | жакшы көрүшөт |

**10.** Сөз айкаштарды окуп, белгиленген сөздөрдүн антонимдерин жазгыла.

**күчтүү** мамлекет
туулган жер
**мөлтүр** булак
маданий мурас
**бийик** тоо
керилген талаа

*Колдонулуучу сөздөр:* чабал, тунук эмес, жапыз.

**мамлекет** – государство
**мурас** – наследие
**мөлтүр булак** – чистый родник

**11.** Биринчи катардагы сөздөргө экинчи катардагы сүйлөмдөрдү маанисине карай туура байланыштыргыла.

| | |
|---|---|
| Менин | мамлекетибиз көп улуттуу. |
| Сенин | мекеним – Кыргызстан. |
| Биздин | айылың кандай? |
| Сиздин | улуту ким? |
| Анын | туулган жериңиз кайсы? |

**көп улуттуу** – многонациональный
**улут** – национальность

**12.** Бала чоң атасы менен эмне жөнүндө сүйлөшүп жатат деп ойлойсуңар? Өз оюңарды бири-бириңер менен бөлүшкүлө.



**13.** Текстти окугула. Силердин оюңар тексттин мазмуну менен дал келдиби?

## Мекен деген эмне?

Сапар телевизор көрүп отуруп, «Сенин мекениң – Кыргызстан» деген сөздү укту.

– Мекен деген эмне? – деп сурады ал чоң атасынан.

– Мекен деген сенин туулуп-өскөн жериң,– деп жооп берди чоң атасы.

– Ал эми Кыргызстан дегенчи?

– Сенин элиң жашаган мамлекет Кыргызстан деп аталат.

– Анда биздин айыл Кыргызстан деп аталабы? – деп кайталап сурады Сапар таңдана.

– Сен үйдөн чыгып, айлана-тегерегиңе көз жүгүртчү. Көчөлөрдү, үйлөрдү, бак-дарактарды көрөсүң. Андан ары карасаң – керилген талаалар, мөлтүр булактар, бийик тоолор, көлдөр... Айылдан чыккан жолдор сени башка айылдарга, шаарларга алып барат. Мына ушулардын баары – Кыргызстан деп аталат. «Мекен өз үйүңдөн башталат»,– деген сөздүн мааниси ушунда.

– А мамлекет деген эмне? – деп сурады Сапар.

– Сенин элиң жашаган жердин аймагы мамлекет деп аталат,– деп түшүндүрдү чоң атасы.

– Башка элдердечи?

– Ооба, көптөгөн мамлекеттер бар дүйнөдө.

– Мамлекетти эмне үчүн коргош керек?

– Сенин мамлекетиң – сенин мекениң. Эс тартып чоңойгон сайын өз мекениңе карыз экениңди түшүнөсүң. Анткени, ал сени асырап өстүргөн. Сен ошол жерден дүйнөнү тааный баштагансың. Мекенди сага ата-бабаларың мураска калтырган. Сен дагы аны көздүн карегиндей сактап, балдарыңа, небере-чөбүрөлөрүңө өткөрүп берүүң керек...

*Ы. Кадыров*

**чоңойгон сайын** – когда взрослеешь
**ата-бабаларың** – твои предки
**небере-чөбүрөлөрү** – внуки-правнуки
**тааный баштагансың** – начал познавать
**көздүн карегиндей** – как зеницу ока
**өткөрүп берүүң керек** – должен передать

**14.** Жупта суроолорго жооп берип, класста талкуулагыла. Мекен дегенди кандай түшүндүңөр?

1) Мамлекет деген эмне экен?
2) Эмне үчүн биз мекенибизге карыз экенбиз?
3) Ата Мекенге кантип пайда келтирсек болот деп ойлойсуңар?
4) «Мекен өз үйүңдөн башталат» деген макалды кандай түшүнөсүңөр?

**15.** Текстке таянып, диалогду толуктап жазгыла.

– Мекен деген эмне?
– ... .
– Ал эми Кыргызстан дегенчи?
– ... .
– Анда биздин айыл Кыргызстан деп аталабы?
– ... .
– А мамлекет деген эмне?
– ... .
– Мамлекетти эмне үчүн коргош керек?
– ... .

**16.** Мекенибизге керектүү болуш үчүн кандай жүрүү пайдалуу, кандай жүрүү зыяндуу деп ойлойсуңар? Таблицага жазып келгиле.

| Пайдалуу иш | Зыяндуу иш |
|---|---|
| ... | ... |

## 3-сабак

## Мекен деген эмне?

**Грамматика:** Жекелик жана көптүк сандагы этиштер

**Лексика:** кымбат, тааныш, түшүнөт, өскөн жер, өстүргөн, алтын бешик, Ата журт.

**17.** Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин жазгыла.

кымбат – ...
баалуу – ...
тааныш – ...
кызыктуу – ...
пайдалуу – ...
негизги – ....

**18.** Сүйлөмдөрдү мааниси боюнча толуктап жазгыла.

Мекен – бул биз ..., биздин ата-энелерибиз ... жана ата-бабаларыбыз ... ... жер. Балалыгыбыздан бул жерде бизди ... ...

дүйнө, үй-бүлө, досторубуз, жакындарыбыз баары тааныш. Ар бир адам Мекенди өз көз карашына, дүйнө таанымына жараша ....

*Колдонулуучу сөздөр:* төрөлгөн, жашаган, жашап өткөн, курчап турган, түшүнөт

**19.** Ырды угуп, кандай сезимдер пайда болгонун айтып бергиле.

## Мекеним

*Сөзү И. Мансуровдуку*
*Обону Ж. Кайыповдуку*

Кымбатым – өскөн жер мекеним,
Сен десем толгонуп кетемин.
Апамдай асырап өстүргөн,
Аныңды мен актаар бекемин.

Тоолоруң, түздөрүң, белесиң,
Көңүлгө шат болуп келесиң.
Киндик кан тамызган ата журт,
Чаалыксам күч-кубат бересиң.

**асыроо** – опекать **түздөр** – равнины **белес** – отрог

**20.** Ырдын мазмунуна дал келген сүйлөмдөрдү белгилегиле.

| | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Өскөн жер мен үчүн кымбат.<br>Ата журт мага күч-кубат берет.<br>Мен Бишкекте жашайм.<br>Биз мекенибизди коргошубуз керек.<br>Ар бир адамдын мекени бар. | | |

**21.** Текст менен ырды салыштырып, таблицаны толтургула.

| **Суроолор** | **Мекен деген эмне? (текст)** | **Мекеним (ыр)** |
|---|---|---|
| Эмне жөнүндө айтылган? | | |
| Каармандар кандай түшүнүшөт? | | |
| Кыргызстан кандай сүрөттөлгөн? | | |

**22.** «Менин мекеним» деген темадагы текстти улантып жазгыла.

Ар бир адамдын өз мекени бар. «Мекен» деген сөз – ата-бабанын жери, өскөн жер дегенди билдирет. Менин туулган жерим – ... .

**23.** Макалдардын маанисин түшүндүрүп бергиле.

Ар  кимдин туулган жери өзүнө кымбат.
Ата журтуң – алтын бешигиң.

**бешик** – колыбель

**24.** Өзүңөрдү түстүү карточкалардын жардамы менен баалагыла.

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

## 4-сабак

## Кыргызстан кайда жайгашкан?

**Грамматика:** Этиштин чактарын кайталоо

**Лексика:** түндүк, түштүк, батыш, чыгыш, тил, борбор, чакырым, калк, жайгашкан, чектешет.

**25.** Сөздөрдү  туура  формада  колдонуп жазгыла.


Түндүк... барам. Кыргызстандын түштүк...  жашаймм. Өлкөнүн батыш... чоң шаарлар бар. Мамлекетибиз чыгыш... Кытай менен чектешет.

Кыргызстан Орто Азия ... (кайда?) жайгаш... (эмне болгон?). Ал түндүк... (кайдан?) Казакстан, батыш... (кайдан?) Өзбекстан, чыгыш... (кайдан?) Кытай, түштүк-батыш... (кайдан?) Тажикстан менен чектеш... (эмне кылат?) Кыргызстан... (кайда?) 6 миллиондон ашык калк жаша... (эмне кылат?).

**түндүк** – север
**түштүк** – юг
**батыш** – запад
**чыгыш** – восток

**26.** Картаны пайдаланып, Кыргызстандын аймактары кайда жайгашканын жазгыла.

**Үлгү:** *Бул – Ош аймагы. Ал түштүктө жайгашкан.*




*Колдонулуучу сөздөр:* Бишкек, Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Талас, Ош, Жалал-Абад, Баткен.

**27.** Кайсы аймакта жайгашканын айтып бергиле.

**Үлгү:** – *Бул эмне?* – *Ал кайда жайгашкан?*
– *Бул ... .* – *Ал ... жайгашкан.*






**28.** Тексттин темасын аныктагыла. Кайсы маалымат силер үчүн жаңы болду?

Биздин Мекенибиз – Кыргызстан. Анын жалпы аянты 198 чарчы километрге барабар. Азыркы күндө өлкөбүздө 6 миллиондон ашык калк жашайт. Кыргызстанда жети облус бар. Алар Чүй, Ош, Жалал-Абад, Баткен, Ысык-Көл, Талас, Нарын деп аталат. Кыргызстандын борбору – Бишкек шаары.

**жалпы аянты** – общая площадь
**калк** – население
**облус** – область
**чарчы** – квадрат
**борбор** – столица

**29.** Кыргызстан кайсы өлкөлөр менен чектешкенин таблицаны пайдаланып туура жазгыла.




## Эсиңе тут!

| Эмне? | Кайдан? | Эмне менен? | Эмне кылат? |
|---|---|---|---|
| Ал | түндүктөн | Казакстан менен | чектешет. |
| Кыргызстан | түштүктөн | Тажикстан менен | чектешет. |
| Өлкө | батыштан | Өзбекстан менен | чектешет. |
| Мамлекет | чыгыштан | Кытай менен | чектешет. |

**30.** Каарман өз айылын кандай сүрөттөдү?

Менин айылым Ысык-Көлдүн жээгинде жайгашкан Бөкөнбаев айылы. Айылдын аты акын Жоомарт Бөкөнбаевдин атынан коюлган. Биздин айылда 12 миңден ашуун эл жашайт. Айылдын көркүн чыгарган так ортосундагы дүкөндөр, кафелер, ар кандай маданий жайлар бар. Ошондой эле 3 чоң орто мектеп бар. Айылыбыз мөмө-жемиштерге бай, эли ынтымактуу. Мен өзүмдүн айылым менен сыймыктанам.

**31.** Силер кайсы жерде жашайсыңар? Ал кайсы аймакта жайгашкан? Өзүңөрдүн жашаган жериңер жөнүндө чакан текст жазгыла.

1) Сенин жашаган шаарың (айылың) эмне деп аталат?

2) Ал кайсы аймакта жайгашкан жана анда бардыгы канча түтүн бар?

3) Шаарыңдын (айылыңдын) көрүнүшү, жаратылышы кандай?

4) Анын кандай көзгө көрүнүктүү, өзгөчө нерселери бар?

5) Сенин шаарыңдан (айылыңдан) чыккан сыймыктуу инсандар барбы?

6) Сен өзүңдүн айылың менен сыймыктанасыңбы? Эмне үчүн?

**32.** Тема боюнча өзүңөрдү баалагыла.

| | | |
|---|---|---|
| жаңы нерсе билдим | Мен | үйрөндүм |
| пайдаландым | | түшүндүрө алам |
| таң калдым | | түшүнгөн жокмун |

## 5-сабак

## Кайталоо сабагы

**33.** Туура жоопту белгилегиле, ✓ – туура.

| | |
|---|---|
| 1. Менин мекеним – | А) Россия<br>Б) Казакстан<br>В) Кыргызстан |
| 2. Ош шаары кайда жайгашкан? | А) түндүктө<br>Б) түштүктө<br>В) батышта |

| | |
|---|---|
| 3. Сен жашаган жер кайда жайгашкан? | А) түндүктө<br>Б) түштүктө<br>В) батышта<br>Г) чыгышта |
| 4. Ата-Мекендин топурагы ... | А) жеңил<br>Б) баалуу<br>В) жакшы |
| 5. Кыргызстанга туристтер көп .... | А) келебиз<br>Б) келбейт<br>В) келишет |
| 6. Мен Кыргызстанда ... | А) жашайбыз<br>Б) жашаймын<br>В) жашайт |
| 7. Өлкөбүздө 6 миллиондон ашык калк .... | А) жашайт<br>Б) жашайбыз<br>В) жашайсыңар |
| 8. Биз мекенибиз менен ... | А) сыймыктанабыз<br>Б) сыймыктанам<br>В) сыймыктанасыңар |
| 9. Кыргызстан деген ырды Алыкул Осмонов .... | А) жазган<br>Б) жазышкан<br>В) жазганбыз |
| 10. Биздин мамлекет чыгыштан Кытай менен ... | А) чектешебиз<br>Б) чектешет<br>В) чектешпейт |

**34.** Бул ыр саптары кимге таандык? Аны кайсы чыгармадан окудуңар эле?

Кыргызстан – жашыл жери, жашыл бакча жергеси,
Жайыт төрү, дан талаасы, сан байлыктын энеси.
Кен казнасы, көл сулуусу, тунук суунун атасы,
Ак пейилдин, мартчылыктын, ырыскынын кемеси.
Тоолоруң, түздөрүң, белесиң,
Көңүлгө шат болуп келесиң.
Киндик кан тамызган Ата журт,
Чаалыксам күч-кубат бересиң.

**35.** Мекен тууралуу кандай макалдарды билесиңер? Аларды айтып жана чечмелеп бергиле.

**36.** Кыргыздын жерлери жөнүндө кайсы уламыштарды билесиңер? Алар жөнүндө эссе жазып келгиле.

# III ЧЕЙРЕК

## 1-сабак

### Кыргыз Республикасынын мамлекеттик белгилери

**Грамматика:** Сын атооч

**Лексика:** герб, гимн, туу, түндүк, шумкар, эгемендүү, бирим-дик, сыймыктануу.

**Эсиңе тут!**

| Ким? Эмне? | Кандай? |
|---|---|
| көл | жылуу |
| буудай | пайдалуу |
| пахта | ак |
| шумкар | күчтүү |

Заттын өңүн, түсүн, сынын, сапатын, даамын, формасын жана башка белгилерин көрсөтүш үчүн **сын атооч** пайдаланылат.

**1**. Диалогду толуктагыла.

– Мекенибиз – Кыргызстан кандай өлкө?
– ... Кыргызстан эгемендүү, көп улуттуу өлкө.
– Ата журтубуз менен сыймыктанабызбы?
– Ооба, бардыгыбыз ... менен абдан сыймыктанабыз.
– Мамлекетибиздин кандай символдук белгилери бар?
– ... мамлекеттик туусу, герби, гимни, Конституциясы жана тили бар.
– Өлкөдө элдин биримдиги кандай?
– ... биримдиги өтө бекем.
– Улуттар аралык ынтымагы кандай?
– ... ынтымактуу жашашат.

*Колдонулуучу сөздөр:* бардыгы, алардын, аны, биздин, анын.

**сыймыктануу** – гордиться **биримдик** – единство

**2.** Кыргызстандын гербинде эмнелер тартылган? Эмне үчүн? Ой бөлүшкүлө.




**3.** Жуптарда кеңешип, ар бир сүрөткө тиешелүү сөздөрдү жазгыла.

**Үлгү:** *Бул көл. Ал тунук жана кооз.*







**4.** Сүйлөмдүн бөлүктөрүн бириктирип, текст түзгүлө.

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби | Манастын ак шумкары тартылган. |
| Гербдин авторлору | 1994-жылдын 14-январында кабыл алынган. |
| Гербде канаттары жайылган | өлкөнүн эркиндигинин символу. |
| Шумкар | А. Абдраев, С. Дубанаев. |
| Ала-Тоонун бийик тоолору | кыргыз элинин ак калпагы сыяк-танат. |
| Тоонун чокулары | Ысык-Көлдү курчап турат. |

**кабыл алынган** – принят
**курчап турат** – окружает
**эркиндик** – свобода
**чоку** – вершина

**5.** Ырда эмне жөнүндө айтылган?

## Герб

Жери, тоосу, көлү бар,
Малдуу жашыл төрү бар.
Кандай көркөм мекениң –
Гербден карап көрүп ал.

Алтын даны, гүлзары,
Көзгө тааныш бүт баары.
Канаттууга кактырбас,
Турат алгыр шумкары.

«Биздин Герб» деп кубанып,
Сыймыктанып жүрөбүз.
Бул – мекендин көөнөрбөс
Белгиси деп билебиз.

*А. Кыдыров*

**жашыл төрү** – пастбище
**алгыр шумкар** – ловчая птица
**алтын даны гүлзары** – пшеничные поля
**көөнөрбөс** – незыблемый

1) Гербде эмнелер тартылган?
2) Гербди көргөндө кандай сезимдер пайда болот экен?
3) Акын бул белгини кандай деп жатат?

**6.** Текстти окугула. Анда эмне жөнүндө айтылган?

1991-жылдын 31-августунда Кыргызстандын көз карандысыздыгынын күнү белгиленген.

1993-жылы эгемендүү Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясы кабыл алынган.

Ошол жылы эле улуттук валютабыз – сомго ээ болгонбуз. Аны пайдалануу менен эсеп, соода-сатык иштерин эркин жүргүзөбүз.

1992-жылы 5-мартта Мамлекеттик Туубуз кабыл алынган. Андагы негизги белгилер: боз үйдүн түндүгү жана күн. Түндүк –

элибиздин тарыхый жашоосунун чексиздиги, үзүлбөгөн өмүрдүн символу. Күн түрдүү улуттарга нурун тегиз чачыратып турат.

1992-жылы 18-декабрда Мамлекеттин салтанаттуу Гимни бекитилген. Аны бардыгы жатка билишет жана ырдашат.

1994-жылы 14-январда Мамлекеттик Герб кабыл алынган.

**көз карандысыздыгынын күнү** – День независимости
**эгемендүү** – независимый, суверенный
**түндүк** – верхний деревянный круг остова юрты
**улуттук** – национальный
**салтанаттуу** – торжественный

**7.** Текст боюнча таблицаны толтургула.

| | | |
|---|---|---|
| Кыргызстандын көз карандысыздыгынын күнү | | белгиленет. |
| Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясы | | кабыл алынган. |
| | 1992-жылы 5-мартта | |
| Мамлекеттик Герб | | |
| Улуттук валюта – сомго | | ээ болгонбуз |
| Мамлекеттин салтанаттуу Гимни | | бекитилген. |

**8.** Изилдөө жүргүзгүлө.

1) Бул кайсы мамлекеттердин герби?
3) Анда эмнелер тартылган?
4) Эмне үчүн? Түшүндүрүп бергиле.







**9.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 2-сабак

# Уламыштар дүйнөсүндө

**Грамматика:** Сын атоочтун жай даражасы

**Лексика:** уламыш, үйүр, белги, тамга, сейрек, түн жамын-, илгери, окуя, көл жээги, баатыр.

### Эсиңе тут!

| Кандай? | Ким? Эмне? |
|---|---|
| кызгылтым | гүл |
| сары | талаа |
| сулуу | кыз |
| ач көз | адам |
| сейрек | өсүмдүк |
| кооз | жер |

**Сын атоочтун жай даражасы** атайын мүчөлөрдүн жардамысыз, уңгу түрүндөгү сапаттык сын атоочтор аркылуу жасалат.

**10.** Сүйлөшкүлө. Уламыш деген эмне? Уламышта эмне жөнүндө айтылат?

Анын кандай түрлөрү бар?
Берилген маалыматка таянып, суроолорго жооп бергиле.

**11.** Келгиле, саякатка баралы.

Сүрөттө Кыргызстандын кайсы жерлери тартылган? Алар жөнүндө кандай уламыштарды билесиңер? Жупта бири-бириңер менен ой бөлүшкүлө.





**12.** Сүйлөмдөрдү ирети менен жайгаштырып, текст түзгүлө. Тексттин мазмунун кыскача айтып бергиле.

Ошондо баатыр уурулардын аркасынан кубалап жетип, жылкысын кайтарып келиптир.

«Мындан ары менин малым экенин бардыгы билишсин» деп ар бир жылкыга өзүнүн белгиси түшүрүлгөн эн тамга басып чыгыптыр.

Илгери жоокерчилик заманда, кыргыз элинин баатыры Эр Табылды Ысык-Көлдүн жээгинде отурукташыптыр.

Бир күнү душмандар Эр Табылдынын жылкысын үйрү менен түн жамынын айдап кетишиптир.

**уламыш** – легенда
**үйүр** – косяк
**белги** – знак
**түн жамынып** – под покровом ночи
**эн тамга** – клеймо, знак

1) Эр Табылды кайда жашаптыр?
2) Ал кандай окуяга туш болуптур?
3) Ал окуя эмне болуп бүтүптүр?

**13.** Сүрөт боюнча Эр Табылдыга мүнөздөмө бергиле.



## 3-сабак

### Уламыштар дүйнөсүндө

**Грамматика:** Сын атоочтун жай даражасы

**Лексика:** кербен сарайы, илгерки, мүлк, улуусу, кичүүсү, каракчы, уламыш, согуш, коңшу, ак көз.

**14.** Сөздөрдүн антонимдерин жазгыла.

белгилүү – ....
алыс – ...
илгерки – ...
жаңы – ...
сейрек – ...
пайдалуу – ...

**15.** Топторго бөлүнүп, сунушталган уламыштарды маркировканы пайдаланып окугула.

« ✓ » – билем; «X» – жаңы маалымат; «?» – менде суроо бар

**1-топ**

Таш-Рабат кербен сарайы Нарын облусунун Ат-Башы районунун борборунан 90 чакырым алыстыкта, Бишкек–Торугарт жолунун түштүк жагында, тоо арасындагы капчыгайда жайгашкан. Ал жөнүндө элде мындай уламыш айтылат.

Бир хандын эки баласы болуптур. Улуусу тың чыгып, ары-бери өткөн кербендер эс алсын деп, Таш-Рабат деген кербен сарай курат. Бирок иниси ач көз болуптур. Агасы каза болгондо, кербендерди тоноп, уурдалган мүлктү Таш-Рабатка алып келип жыйнаптыр. Чыдамы түгөнгөн коңшу элдер бир күнү Таш-Рабатты чаап, каракчынын өзүн кулчулукка алып кетишкен экен.


**улуусу** – старший
**кичүүсү** – младший
**мүлк** – имущество
**каракчы** – разбойник
**кулчулук** – рабство

1) Хандын балдары кандай болуптур? Кичүү баласы эмне кылыптыр? Коңшу элдер Таш-Рабатты эмне кылышыптыр?

**16.** Уламыштагы эки бир тууганга мүнөздөмө берип, диаграмманы берилген таянычтар боюнча толтургула.

– мүнөздөрү
– сапаттары
– кылган иштери

улуу агасы




кичүү иниси

**2-топ**

Баткенде өтө сейрек кездешүүчү «Айгүл» деген коош гүл өсөт. Бул гүл жөнүндө элдин арасында мындай уламыш айтылат.

Илгери-илгери Козулан деген баатыр жигит жашаптыр. Ал айдай сулуу Айгүл деген кызды жакшы көрүп калып, экөө үйлөнмөкчү болуптур. Бирок согуш башталып, Козулан баатыр курман болот. Аны уккан Айгүл кыз аскадан боюн таштайт. Сулуу кыздын каны тамган жерлерден чоктой кызгылтым сары гүлдөр өсүп чыгып, аны эл Айгүл деп атап калыптыр.

**өтө сейрек** – очень редкий
**боюн таштайт** – бросилась со скалы
**курман болот** – погиб

**17.** Айгүл жана Козулан баатырды кандай элестеттиңер? Аларды сүрөттөп бергиле.



| Айгүл | Козулан баатыр |
|---|---|
| ... | ... |

**18.** Уламыштар боюнча таблицаны толтуруп, класста айтып бергиле.

| «✓» – билем | «X» – жаңы маалымат | «?» – менде суроо бар |
|---|---|---|
| 1)<br>2)<br>3) | 1)<br>2)<br>3) | 1)<br>2)<br>3) |

**19.** Силер жашаган жер жөнүндө кайсы уламышты билесиңер? Уламыштарды, кызык окуяларды таап, жазып келгиле.

## 4-сабак

## Нооруз майрамы

**Грамматика:** Сын атоочтун салыштырма жана күчөтмө даражалары

**Лексика:** көжө, сүмөлөк, шириндик, шаттык, даамдуу, сыйлуу, ширелүү, арча түтөт-.

### Эсиңе тут!

| жай | салыштырма | күчөтмө |
|---|---|---|
| жакшы | жакшыраак<br>... көрө жакшы<br>... караганда жакшы<br>...дан жакшы | эң жакшы<br>абдан жакшы<br>аябай жакшы<br>өтө жакшы<br>жакшы-жакшы<br>жапжакшы |

Заттагы белгини экинчи заттын белгиси менен салыштырууда **-дан** мүчөсү жардам берет. Заттын сын-сыпатын күчөтүүдө **эң, абдан, аябай, өтө, чымкый** бөлүкчөлөрү жардам берет. Күчөтмө даражада сын атооч кайталанышы мүмкүн. Сын атоочтун кыскарышы аркылуу да жасалат.

Балдар Нооруз майрамын **жакшы** майрамдашты. Алар майрамга демейдегиден **жакшыраак** даярданышты. Майрам **эң жакшы** маанайда өттү. Ата-энелер, мугалимдер балдарга **жакшы-жакшы** каалоо-тилектерин айтышты. Ошентип бул күнү балдар **жапжакшы** эс алышты.

**20.** Ырда кайсы майрам жөнүндө айтылганын тапкыла.

Ушул майрам өзүнчө бир керемет,
Мына бүгүн күн менен түн теңелет.
Таттуу уйкунун кучагынан ойгонуп,
Жер энебиз бир калыпта термелет.

*О. Намазбеков*

**майрам** – праздник
**теңелет** – равняется
**бир калыпта** – без изменений
**таттуу уйку** – сладкий сон

**21.** Диалогду толуктап жазгыла.

– Кыргыз эли Нооруздү качан тосот?
– ...
– «Нооруз» деген сөз эмнени билдирет?
– ...
– Ноорузда элдер эмне жасашат?
– ...
– Дасторконго кандай тамак-аштар коюлат?
– ...

*Жардамчы сөздөр:* 21-март, жаңы күн.

**22.** Текстти окугула.

Нооруз – бул кыргыз элинин жаңы жыл майрамы. Аны 2000 жылдан ашуун убакыттан бери 21-мартта тосушкан. Ноорузга карата жаңы кийимдерди даярдашкан. Ар бир адам эң даамдуу, эң сыйлуу тамак-ашын Ноорузга арнаган. Ноорузда даярдалган тамактардын ичинен өтө сыйлуусу, өтө ширелүүсү сүмөлөк менен көжө болгон. Сүмөлөктү өнүп калган буудайдын данынан жасашкан. Нооруз күнү ар бир үйдө арча түтөтүлүп, куран окулган.

**даамдуу** – вкусный
**ширелүүсү** – сочный
**көжө** – взвар пшена или пшеницы
**сыйлуу** – почётный
**сүмөлөк** – кисель из пророщеной пшеницы
**арча түтөтүү** – разжигать арчу

**23.** Бири-бириңерге суроо берип, аларга жооп бергиле.

| | |
|---|---|
| Эмне үчүн... | кыргыз эли Нооруз майрамын белгилеген? |
| | арчаны күйгүзүп, үй ичин жана короо-жайын алас-ташкан? |
| | сүмөлөк жасашкан? |

**24.** Ырды кунт коюп, көркөм окугула.

### Алас ыры

Алас, алас, алас,
Ар балээден калас!
Желин айрылып сүт чык,
Жер айрылып көк чык.
Жаңы жыл жакшылыгын баштай берсин,
Эски жыл жакшылыгын таштай кетсин.
Шириндик тартсын тилиңди,
Отко тазарт дилиңди!
Алас, алас, алас,
Ар балээден калас!
Нооруздун ушул күнүндө,
Арча түтөп ар үйдө,
Шаттык, күлкү жаңырып,
Шаң жаңырсын көктөмдө!

**25.** Изилдөө жүргүзгүлө.

1) Башка улуттар Нооруз майрамын кантип тосушат экен?
2) Алардын кандай салттарын белгилесе болот?
3) Презентация даярдап, класста айтып бергиле.

## 5-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

### Кыргызстан

**1.** Сөздөрдүн котормосун туура жазгыла.

| | |
|---|---|
| ата-бабалар | столица |
| небере-чөбүрөлөрү | область |
| түз | равнина |
| аянт | предки |
| чакырым | население |
| калк | внуки-правнуки |
| аймак | километр |
| борбор | свобода |
| эркиндик | клеймо |
| чоку | сладость |

| | |
|---|---|
| үйүр | беда |
| эн белги | веселье |
| тамга | знак |
| шириндик | дым |
| балээ | вершина |
| шаттык | косяк |
| түтүн | площадь |


**2.** Берилген сөздөр менен сөз айкаштарын түзгүлө.

чоң, ..., ... → өлкө | ..., ..., ... → көл | ..., ..., ... → жер

**3.** Сүйлөмдөрдү мааниси боюнча толуктап жазгыла.

1) Кыргызстан – ... жери, ... бакча жергеси.
2) Башка жерде ... болгуча, өз жериңде ултан бол.
3) Туулган жердин ... да таттуу.
4) Өскөн ... мен үчүн кымбат.
5) Кыргызстанда жети ... бар.
6) Акыл – ..., асыл – таштан.
7) Жаңы жылга карата даярдалган тамактардын ичинен өтө сыйлуусу, өтө ширелүүсү ... болгон.

**4.** Кыргызстан жөнүндө кластер толтургула.



**5.** Кайсы каарман жөнүндө айтылып жатат?

| | |
|---|---|
| – Мекен деген эмне? – деп сурады ал чоң атасынан. | |
| Бир күнү ал өзүнүн тынч турган коңшусуна кол салып, шаарын курчап алат. | |
| – Эгерде чоң десеңиз төө менен, сакалдуу десеңиз теке менен сүйлөшүңүз. | |
| Ошондо баатыр уурулардын аркасынан кубалап жетип, жылкысын кайтарып келген экен. | |
| Кербендерди тоноп, уурдалган мүлктү Таш-Рабатка алып келип жыйнаптыр. | |
| Ал айдай сулуу Айгүл деген кызды жакшы көрүп калып, экөө үйлөнмөкчү болуптур. | |

**6.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

Биздин республика – тоолуу өлкө. Тянь-Шань тоосу чыгыштан батышты көздөй созулуп жатат. Биздин тоолор кандай бийик! Кыргызстанда өстүрүлүүчү жемиштер булар: алма, жүзүм, жаңгак жана башкалар. Малчылардын миңдеген койлору, жылкылары, уйлары Ала-Тоодо багылат. Көргөн жанды суктандырган Ысык-Көлүбүз бар. Ысык-Көл жөнүндө орус элинин улуу саякатчысы Пржевальский көп жазган. Ала-Тоонун байлыгы да, суулары да, тоолору да көрктүү жана кооз. Адамды кызыктырып, суктандырып, кучагына тарткансыйт.

Силер да, мен да, бүткүл кыргыз эли да – баарыбыз Мекенибизди сүйөбүз. Же алыста, же жакында жүрсөк да, Мекенибизди эстейбиз. Бийик тоосу, көк кашка суусу көз алдыбызда элестейт.

1) Кыргызстан кандай өлкө?
2) Тянь-Шань тоосу кайда жайгашкан?
3) Кыргызстанда кандай байлыктар бар?
4) Биз мекенибизге кандай мамиле кылабыз?

**7.** Төмөнкү таблицаны толтургула.

| Тарыхый жерлер | Кайда жайгашкан? | Эмнеси менен кызыктуу? |
|---|---|---|
| Бурана | | |
| Таш-Рабат | | |

| | | |
|---|---|---|
| Тамга | | |
| Баткен | | |
| Бишкек | | |

**8.** Таяныч сөздөрдү пайдаланып, сүрөт боюнча чакан аңгеме жазгыла.



*Колдонулуучу сөздөр:* Нооруз, 21-март, сүмөлөк, майрам, арча.

- Текстти түзүүдө төмөнкү баалоо критерийлерин пайдалангыла.
  1) Мазмуну так, толук ачылган.
  2) Текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт.
  3) Көлөмү 5–7 сүйлөмдөн ашпаган.

**9.** Кырдаалды окуп, диалог жазып келгиле.

1) Досуң Кыргызстанга биринчи жолу келди. Ага тарыхый жерлерди көрүүнү сунушта.

2) Мекен дегенди кандай түшүнөсүң? Досуңа өз оюңду айтып бер.

3) Ата-энеңди Кыргызстандын эгемендүүлүк күнү менен куттукта.

# ДЕН СООЛУК. СПОРТ

## 1-сабак

### Дениң таза болсо, дилиң да таза болот

**Грамматика:** Сын атоочтун салыштырма жана күчөтмө даражаларын кайталоо

**Лексика:** дене, дил, чың, насыят, бекерлик, пайдалуу, зыяндуу, дени соо, эринбей.

**дене** – тело
**дил** – сердце как средоточие чувств, помыслов, желаний
**сердце** – жүрөк
**чың** – крепкий

**1.** «Дениң таза болсо, дилиң да таза болот» деген лакапты кандай түшүнөсүңөр? Жуптарда ой бөлүшкүлө.

**2.** Төмөнкү сөздөрдүн антонимдерин дептериңерге жазгыла.

таза –
пайдалуу –
маанилүү –
эмгекчил –
керектүү –
чың –

*Колдонулуучу сөздөр:* кир, жалкоо, алсыз, зыян, керексиз, маанисиз.

**3.** Таблицаны пайдаланып, берилген сөздөрдөн сын атоочтун даражаларын түзгүлө.

| Жай | Салыштырма | Күчөтмө |
|---|---|---|
| таза | тазараак | таптаза |
| пайдалуу | пайдалуураак | аябай пайдалуу |
| маанилүү | маанилүүрөөк | эң маанилүү |
| чың | чыңыраак | өтө чың |
| кир | баарынан кир | кипкир |
| керектүү | андан керектүү | керектүү-керектүү |

зыян, бекем, ак, кымбат, арзан

**4.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

| Ден соолук чың болуш үчүн | **Эмне кылыш керек?** |
|---|---|
| | 1) |
| | 2) |
| | 3) |
| | 4) |
| | 5) |

**5.** Акын балдарга кандай сунуштарды берип жатат? Ырдын ден соолукка кандай байланышы бар?

Дениң соодо эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эркиң менен жумуш кыл
Эринчээк, жалкоо дедирбей.

Эгин айдап чөбүң чап,
Эмгегиңден пайда тап.
Азамат болсоң, ак иштеп,
Аздыр-көптүр малың бак!

Өнөрүң болсо, өргө чап,
Кор кылбай, асыл жанды бак.
Эрдин көркү – эл менен,
Эмгегиң менен элге жак!

*Т. Сатылганов*

**насыят** – назидание
**дениң соодо** – когда ты здоров
**эринбей** – не ленясь
**бекерлик** – безделье
**эркиң менен** – по своей воле

1) Жалкоо атка конбош үчүн эмне кылуу керек?
2) Токтогул атабыз кантип эмгектенүү керек дейт?
3) Эл кандай адамды баалайт экен?

**6.** Төмөндөгү кайсы макал ырдагы ойго маанилеш экендигин тапкыла.

| **Макалдар** | **Маанилеш** | **Маанилеш эмес** |
|---|---|---|
| Биринчи байлык – ден соолук. | | |
| Туулган жердин топурагы алтын. | | |
| Абийирди жашыңдан сакта. | | |
| Дене тарбия – ден соолукка табылбас дары. | | |
| Адамды адам кылган асыл эмгек. | | |

7. Жыл мезгилдердин аталыштары боюнча кичи топторго бөлүнгүлө. Ар бир топто тандаган жыл мезгили адамдын ден соолугуна кандай таасир берерин талкуулагыла.

- Баалоо критерийлери

1) Тема так, толук ачылган.
2) Тексттин көлөмү чакан жана жеңил окулат.
3) Ар кандай сүрөттөр, графика, таблицалар пайдаланылган.

8. «Дене тарбия – ден соолукка табылбас дары» деген лакап боюнча түшүнүгүңөрдү жазып келгиле.

9. Өтүлгөн тема боюнча СМС жазгыла.



1) Сабак кандай өттү?
2) Сен кандай иштедиң?
3) Сага эмне жакты?
4) Сага эмне жаккан жок?

## 2-сабак

# Спорт менен машыгабыз

**Грамматика:** Ким менен? Эмне менен?

**Лексика:** ат үстүндөгү спорт, спорттун түрлөрү, кышкы, жайкы, спорт менен машыгабыз, машыктыруучу, машыктыргыч, спорт менен машыккан.

### Эсиңе тут!

| Ким? Кимдер? | Эмне менен? | Эмне кылат? |
|---|---|---|
| Мен | спорт **менен** | машыгам. |
| Сен | волейбол **менен** | машыгасың. |
| Ал (досум) | сууда сүзүү **менен** | машыгат. |
| Биз (досум экөөбүз) | теннис **менен** | машыгабыз. |
| Силер | велосипеддик спорт **менен** | машыгасыңар. |
| Окуучулар | спорттун баардык түрү **менен** | машыгышат. |

| Ким? Кимдер? | Ким менен? (бирге) | Эмне кылат? |
|---|---|---|
| Мен | балдар **менен** | жарышам. |
| Сен | Руслан **менен** | машыгасың. |
| Досум | атасы **менен** | стадионго барат. |
| Досум экөөбүз | силер **менен** | күрөшөбүз. |
| Силер | биз **менен** | машыгасыңар. |
| Окуучулар | классташтары **менен** | футбол ойношот. |

**10.** Спорттун түрлөрүн атагыла.











**11.** Таблицага спорттун кышкы жана жайкы түрлөрүн жазгыла.

| Спорттун кышкы түрлөрү | Спорттун жайкы түрлөрү |
|---|---|
| 1)<br>2)<br>3)<br>4)<br>5) | 1)<br>2)<br>3)<br>4)<br>5) |



**12.** Нурбек менен Азамат жөнүндө эмне билдиңер?


| **Нурбек:** | **Азамат:** |
|---|---|
| – Сен спорттун кайсы түрү менен машыгып жүрөсүң? | – Мен досторум менен волейбол, футбол, баскетбол ойнодум. А сенчи? |
| – Мен быйыл Ысык-Көлдө лагерде эс алдым. Көлдө чабак урдум, балдар менен жарыштым, кайык айдадым. Ошондой эле теннис ойнодум. | – Ал жакта спорттук мелдештер болдубу? Сен катыштыңбы? |
| – Албетте, шахмат оюну боюнча мелдешке катыштым. Анда биринчиликти алдым. Сен шахмат ойной аласыңбы? | – Анча деле ойной албаймын. Сени менен ойноп үйрөнсөм болобу? |
| – Ооба. Кел, анда эмесе шахмат ойнойлу! | – Жарайт, мен макулмун! |

**13.** Ойлонуп суроолорго жооп бергиле.

1) Балдар эмне жөнүндө сүйлөшүп жатышат?
2) Алар спорттун кайсы түрлөрүнө кызыгат экен?
3) Балдардын кандай жетишкендиктери бар экен?
4) Силер спорттун кайсы түрүнө кызыгасыңар?
5) Мектебиңерде спорт менен машыгуу үчүн кандай шарттар түзүлгөн?
6) Спорттук мелдештер боюнча кандай ийгиликтериңер бар?

**14.** Сүрөттөргө таянып, диалог түзгүлө.

– Кел, кышкы каникулда  тепкени барабыз. Сенин  барбы?

– Менин  жок,  бар.

– Мага  тепкен жагат. А сагачы?

– Мен  ойногонду жакшы көрөм.

**15.** Таблицаны толтургула.

<table>
<tr><td>Шахмат менен</td><td rowspan="8">машыгуу үчүн</td><td></td><td rowspan="8">керек.</td></tr>
<tr><td>Волейбол менен</td><td></td></tr>
<tr><td>Хоккей менен</td><td></td></tr>
<tr><td>Бокс менен</td><td></td></tr>
<tr><td>Футбол менен</td><td></td></tr>
<tr><td>Сууда сүзүү менен</td><td></td></tr>
<tr><td>Теннис менен</td><td></td></tr>
<tr><td>Велосипеддик спорт менен</td><td></td></tr>
</table>

**16.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

**Үлгү:** *теннис – Анна теннис менен машыгат.*

Азамат – футбол ... .
Мария – волейбол ... .
Глеб – хоккей ... .
Айгерим – гимнастика ... .
Жон – бокс ... .

**17.** Футбол жөнүндө эмне билесиңер? Билгениңерди таблицанын биринчи бөлүгүнө жазгыла. Суроолор пайда болсо, таблицанын экинчи бөлүгүнө жазгыла. Жуптарда, класста талкуулагыла.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**18.** Тексттеги билген маалыматты таблицанын үчүнчү бөлүгүнө жазгыла.

Футболдун мекени – Англия өлкөсү. «Футбол» – англис сөзү. «Фут» – бут, «бол» – топ дегенди билдирет. Демек, «бут тобу» деген маанини берет. Албетте, футбол бут менен ойнолот. Топту кол менен дарбазачы гана кармайт.

Азыркы футбол оюнунун тарыхы Англиядан башталат. 1836-жылы Англияда футбол ассоциациясы түзүлүп, биринчи жолу оюн эрежеси иштелип чыккан. Бирок тарыхта футболго чейин ага окшош оюндар болгондугу маалым. Мисалы, Кытай, Индия, Греция, Латын Америка элдеринде ушундай оюндар ойнолуп келген.

Бүгүнкү күнү футболду бүт дүйнөдө ойношот. Футбол боюнча мелдештер өткөрүлүп турат.

**дарбазачы** – вратарь **эреже** – правило

**19.** Сүйлөмдөрдүн туура же ката экенин аныктагыла. «✓» – туура; «X» – ката.

| **Сүйлөмдөр** | туура | ката |
|---|---|---|
| Футболдун мекени – Франция. | | |
| «Футбол» – англис сөзү. | | |
| «Фут» – кол, «бол» – топ дегенди билдирет. | | |
| Топту бут менен дарбазачы гана тебет. | | |
| 1836-жылы Англияда футбол ассоциациясы түзүлгөн. | | |
| Футбол башка өлкөлөрдө жайылган эмес. | | |

**20.** Таблицаны пайдаланып, мелдештин жыйынтыгы жөнүндө айтып бергиле.

| УЕФАнын (Европадагы футбол ассоциациялар союзу) кубогу | | | |
|---|---|---|---|
| 5-май | жарым финал | Арсенал: Манчестер | 1:3 |
| 6-май | жарым финал | Челси: Барселона | 2:2 |
| 14-июнь | жарым финал | Динамо: Спартак | 3:4 |

**21.** План боюнча «Мен кызыккан спорт» деген темада кыскача аңгеме жазып келгиле.

**План**

1. Сен спорттун кайсы түрүнө кызыгасың? Эмне үчүн?
2. Силердин мектебиңерде спорттун кайсы түрү менен машыкса болот?
3. Спорттук мелдештер кандай өтөт?
4. Досторуңа спорт менен машыгуу үчүн кандай кеңештерди бересиң?

**22.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 3-сабак

## Менин жашоомдогу спорт

**Грамматика:** Этиштин жөнөкөй жана татаал учур чагы. Эмне кылат? Эмне кылып жатат?

**Лексика:** мүнөз, сергек жашоо, рахат, эрк, чурка-, кыймылдуу, ыңгайлуу, кубануу.

### Эсиңе тут!

| Эмне кылат? | Эмне кылып жатат? |
|---|---|
| барат | бара жатат |
| ойнойт | ойноп жатат |
| машыгат | машыгып жатат |
| иштейт | иштеп жатат |

Этиштер түзүлүшүнө карата жөнөкөй жана татаал этиштер болуп экиге бөлүнөт.

Жөнөкөй этиштер бир сөздөн, татаал этиштер эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлөт.

**23.** Текстти окуп, сүрөттөр менен дал келтиргиле.



Менин атым Антон. Мен спорт менен машыкканды жакшы көрөм. Спорт адамга **сергек** жашоого жардам берет. Мүнөздү жана эркти тарбиялайт. Спорт менен машыгуу ден соолук үчүн **пайдалуу**.

Менин атым Катя. Мен **активдүү** көңүл ачууну жактырам. Дайыма **кыймылдуу** оюндарды ойноймун. Ата-энем мени кичинемден тенниске беришкен. Теннис – спорттун **өтө кызыктуу** түрү. Себеби, бул спорт бат реакция көрсөтүүгө, кыймылды **жакшы** координация кылууга, көңүлдү бир жерге топтоого үйрөтөт. Анан да спорттун бул түрү ийкемдүүлүктү өнүктүрөт, булчуңдардагы күчтү чыңайт.



Менин атым Айсулуу. Мен күндө кечинде чуркайм. Көп адамдар эртең менен чуркашат, бирөөлөр аэробикага же фитнеске барышат. Негизи, бул өзүңө жакса болду. Ошону менен бирге, спорт ден соолукту чыңдайт, **күчтүү** жана өзүңө **тың** болосуң. Көп жаңы досторду табасың. **Кызыктуу** адамдар менен таанышасың.



Менин атым Айдар. Мен футбол менен машыгам. Дарбазаны коргойм. Футбол менен машыгуу мага жагат. Себеби, көп машыгып, аракеттенсең, жеңишке жетесиң, жеңишке кубануу сезими **сонун**. Мелдештерде жеңип, **алдыңкы** орундарга ээ болгум келет.



**мүнөз** – характер
**сергек жашоо** – здоровый образ жизни
**рахат** – удовольствие
**чыңдайт** – укрепляет
**эрк** – воля
**кыймылдуу** – подвижный
**ийкемдүүлүк** – гибкость
**кубануу** – радость

**24.** Сүрөттөгү адамдар жөнүндө түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

**Үлгү:** *Антон эмне кылып жатат? Антон зарядка жасап жатат.*

**25.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Теннис ойногондон көрө кечинде чуркаган **жеңилирээк**. Себеби…

Эртең мененки зарядканы музыка менен жасаган **кызыктуураак**. Себеби…

Футбол оюнун кыздарга караганда балдар **көбүрөөк** ойношот. Себеби…

Спорт менен машыккан балдар машыкпагандарга караганда **тыңыраак**. Себеби…

Теннис – спорттун **өтө кызыктуу** түрү. Себеби...
Спортко барып, жаңы досторду тапкан **абдан жакшы**. Себеби...
Жеңишке кубануу сезими **эң сонун**. Себеби...
Теннис ойносо, дене **өтө ийкемдүү** болот. Себеби...

**26.** Текст менен таанышып, тапшырмаларды аткаргыла.

**Эртең мененки зарядка эмне үчүн керек?**

- Эртең мененки көнүгүүлөр сулуу болууга жана ден соолукту чыңдоого жардам берет.
- Эртең мененки зарядка күчтүү, ийкемдүү болууга, мелдештерде жеңүүгө.
- жардам берет.
- Эртең менен уйкудан ойгонууга жардам берет.
- Көңүлдүү музыка менен жасаган эртең мененки зарядка күнү бою энергия жана жакшы маанай менен заряддайт.

**Качан чуркаган жакшы: эртең мененби же кечиндеби?**

Эртең менен да, кечинде да чуркаса болот. Эгерде эртең менен чуркаган ыңгайлуу болсо, анда эртең менен чурка. Кечинде ыңгайлуу болсо – кечинде чурка. Бир гана нерсе эсиңерде болсун! Эртең менен уйкудан тургандан кийин 30 мүнөттан кем эмес убакыт өткөндө чуркагыла. Ал эми кечинде чуркасаңар, кечки тамактануудан кийин бир жарым-эки саат убакыт өтсүн.

**Чуркоо убагында кантип дем алуу керек?**

Чуркоо убагында жай дем алуу керек, мурун менен дем алып, ооз менен дем чыгаруу туура.

**чуркоо** – бег **ыңгайлуу** – удобный

- Спорттун жашоодогу маанисин белгилегиле. Тексттеги сүйлөмдөр менен далилдегиле.

**27.** Төмөнкү ырастоолордун ✓ – туура; X – ката; ? – мындай сүйлөм жок экенин белгиле.

| № | **Ырастоолор** | ✓ X ? |
|---|---|---|
| 1 | *Зарядка сулуу болууга, ден соолукту чыңдоого жардам берет.* | ✓ |
| 2 | Зарядка жасагандар мелдеште жеңе алат. | |
| 3 | Эртең менен уйкудан ойгонуу үчүн зарядка жасоо керек. | |
| 4 | Музыкасыз зарядка кылса болбойт. | |
| 5 | Чуркагандар эртең менен гана чуркаш керек. | |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | Көп адамдар эртең менен туруп эле чуркап баштайт. | |
| 7 | Чуркаганда ооз менен дем алыш керек. | |

**Жылмайып коёлу!**

– Сен эртең менен чуркайсыңбы?

– Ооба! Негизинен үйдүн ичинде чуркайм, «кечиктим, кечиктим!» – деп кыйкырып.

**кечигүү** – опоздать

**28.** Силер кызыккан спорт жөнүндө кыскача аңгеме жазгыла.

**29.** Тема боюнча өзүңөрдү баалагыла.

Мен

жаңы нерсе билдим

пайдаландым

таң калдым

үйрөндүм

түшүндүрө алам

түшүнгөн жокмун

## 4-сабак

# Менин күнүм

**Грамматика:** Этиштин терс формасынын **-ба** мүчөсүн кайталоо

**Лексика:** жашоо, машыгуу, бөлүгү, коротуу, болжолдуу, сакталат, машыкканды жактыр-, жайкы.

**Эсиңе тут!**


| **Этиштин оң формасы** | **Этиштин терс формасы** |
|---|---|
| Мен машыгам.<br>Мен спорт менен машыкканды жактырам.<br>Мага спорттун жайкы түрлөрү жагат. | Мен компьютерде көп отур**ба**йм.<br>Биз базардан дары сатып кел**бей**биз.<br>Кыздар футбол ойно**бой** коюшту.<br>Кечинде телевизордон кино көр**бөй**м. |
| Максат футбол ойнойбу?<br>– Ооба, ойнойт. | Айдана скрипка ойнойбу?<br>– Жок, ойно**бой**т. |

**машыгуу** – заниматься

**30.** Табышмакты тапкыла.


Жем жебейт, суу ичпейт,
Чарчоону түк билбейт,
Колу жок уруп турат,
Буту жок жүрүп турат.

**31.** Убакытты туура пайдаланганды үйрөнөбүз.



| | |
|---|---|
| Саат канча болду? | Саат ондон он мүнөт өттү. |
| | Саат алты болду. |
| | Саат экиге он мүнөт калды. |









**32.** Аянын бир күнү кандай өтөт? Кыскача аңгеме жазгыла.



**33.** Русландын күнү Аянныкына окшош бекен? Салыштыргыла.

Силердин бир күнүңөр кандай өтөт? Мен эртең менен саат алтыда турам. Физзарядка жасайм, жуунам, эртең мененки тамакты ичемин. Сабакка барам. Сабак окуп, досторума, мугалимдерге кезигем. Сабактан кийин үйгө келем. Тамагымды ичип, бөбөгүмдү ойнотом. Өзүм да эс алам. Анан сабакка даярданамын, тапшырмаларды аткарам, китеп окуйм. Кечки тамакка отурамын, телевизор көрөм. Ата-энем, бөбөгүм менен сүйлөшөм. Анан уктайм.

**34.** Сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна өзүңөрдүн режимиңер боюнча сааттагы убакытты белгилегиле.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Мен эртең менен саат ... турам. |  | Саат ... зарядка жасайм, жуунам, эртең мененки тамакты ичемин. |  |
| Саат ... мектепке барам. |  | Түшкү тамагымды саат ... ичем. |  |
| Спорт менен машыгам, спорт секцияга барам. |  | Анан саат ... сабакка даярданамын, тапшырмаларды аткарам. |  |
| Китеп окуйм. Кечки тамагымды саат ... ичем. |  | Түнү саат ... уктайм. |  |

**35.** «Биздин жашоодогу убакыт» деген радиопрограмманы уккула.

Сенин жашоондо канча минут бар? Эгерде адам 75 жашта болсо, анда ал 40 миллион минут жашайт. Ал 75 жылды кантип коротот? Жашоонун 1/3 бөлүгүн ал уйкуга коротот. Эгерде ал

ушул жылдарда болжол менен 50 тонна азык-түлүк жесе, анда ал дасторкондон 9 жыл турган жок. Азык-түлүк жана кийим алыш үчүн 3 жыл кетет. Жашообуздун жартысын биз телевизордун же компьютердин жанында өткөрөбүз. Жумуш жана эс алуу бакыт алып келиш үчүн убакытты туура бөлүштү үйрөнүү керек.

**жашоо** – жизнь
**коротуу** – тратить
**бөлүгү** – часть
**болжол менен** – приблизительно
**азык-түлүк** – продукты питания

**36.** Сүйлөмдөрдүн туура, катасын аныктагыла. ✓ – туура; X – ката.

| Сүйлөмдөр | туура | ката |
|---|---|---|
| Адам уйкуга 25 жыл коротпойт. | | |
| Адам 9 жыл тамактанат. | | |
| Адам тамактануусуз жашай албайт. | | |
| Адам сатыкка 5 жыл коротот. | | |
| Азык-түлүк жана кийим алыш үчүн 3 жыл кетпейт. | | |
| Болжолдуу жашоонун 37 жылы телевизор, компьютерге кетет. | | |

**37.** Суроолорго жооп жазып келгиле.

1) Сен түнү канча саат уктайсың?
2) Телевизорду күнүгө көрөсүңбү?
3) Дүкөнгө канча жолу барасың?
4) Досторуң менен жүргөндө эмне менен алектенесиңер?
5) Мектепте бир күндө канча саат өткөрөсүң?

## 5-сабак

## Менин күнүм

**Грамматика:** Этиштин терс формасы **-ба** мүчөсүн кайталоо

**Лексика:** машык-, аткар-, укта-, уйку, жолук-, ойно-, сейилдеп чык-, пайда, зыян.

**38.** Этиштерди терс формага өзгөртүп жазгыла.

1. Мен гимнастика менен машыгам.
2. Сен компьютердин оюндарга кызыгасың.

3. Сиз тарыхый китептерди окуйсуз.
4. Биз бассейнге бардык.
5. Силер экскурсияга барасыңар.
6. Ал азыр киного кетет.

**39.** Жаннат бош убактысын кантип өткөрөт? Ал үйүндө жана достору менен жолукканда эмне кылат?

## Менин бош убактым

### Үйдө

Мен үйдө болгондо китеп окуйм же музыка угам. Үй тапшырманы аткарам жана ата-энеме жардам берем. Мен эч качан компьютерде ойнобойм. Мен суткасына сегиз саат уктайм.

### Досторум менен

Мен досторум менен жолукканда, биз волейбол же баскетбол ойнойбуз. Киного же экскурсияларга барабыз.


**40.** Силер үйдө болгондо жана сейилдеп жүргөндө эмне кыласыңар? Иштердин тизмесин толтургула.

| Үйдө | Сейилдеп чыкканда |
|---|---|
| ... | ... |

**41.** Ишиңер боюнча өз алдынча диаграмма түзгүлө. Силер убакытты эмнеге көбүрөөк коротосуңар?

**Үлгү:** *Мен суткасына 8 саат уктайм. 5 саат мектепте болом* ... .

### Менин жашоомдогу убакыт



**42.** Ырды окугула. Бала компьютерди туура пайдаланат бекен айтып бергиле.

## Компьютер

Компьютерим бар менин,
Атам берген белекке.
Тамгаларды үйрөндүм,
Жарап жатат керекке.

Ката кетсе жазуумдан,
Кыйналбастан ондоймун.
«Чычкан» менен башкарып,
Кээде оюн ойноймун.

Монитордон көрүнөт,
Жазгандарым жаркырап.
Чыгарчусу кагазга,
«Принтер» деп аталат.

Иштей билсең компьютер,
Көп иштерди аткарат.
Процессор – мээсине,
Эмне жазсаң сакталат.

*Ы. Кадыров*

**кыйналбастан** – не мучаясь
**чычкан** – мышка
**сакталат** – сохраняется

**43.** Биздин жашоодо компьютердин пайдасын же зыянын аныктап, таблицаны толтургула.





| Компьютердин пайдасы | Компьютердин зыяны |
|---|---|
| 1. | 1. |
| 2. | 2. |
| 3. | 3. |

**44.** Бир жумада кылган иштердин тизмесин жазып келип, жупта талкуулагыла.

| | |
|---|---|
| Дүйшөмбү | |
| Шейшемби | |

| | |
|---|---|
| Шаршемби | |
| Бейшемби | |
| Жума | |
| Ишемби | |
| Жекшемби | |

**45.** Өзүңөрдү түстүү карточкалардын жардамы менен баалагыла.

| | | |
|---|---|---|
| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

## 6-сабак

## Улуттук спорт оюндары

**Грамматика:** Баяндагыч, буйрук этиштер

**Лексика:** найза, кармаш, ураан, улуттук спорт оюндары, ат чабыш, улак тартыш, күлүк, атаандаш, оюнчу, чап-, тарт-, жет-, эң-, мин-, сай-, ураан чакыр-.

### Эсиңе тут!

| Буйрук этиш | Баяндагыч этиш |
|---|---|
| Атка **мин**! Аттарга **мин**гиле! | Мен атка **мин**ем. |
| Тыйын **эң**! Тыйын **эң**ип ал! | Сен тыйын **эң**ип аласың. |
| Атты **чап**! Жакшы **чап**кыла! | Досум (ал) атты мыкты **чап**ты. |
| Улак **тарт**! Тез **тарт**кыла! | Биз айылда улак **тарт**тык. |
| Ат майданда оюн болот. **Көр**гүлө! | Силер улуттук оюн **көр**дүңөр. |
| Кызга **жет**! Кызды кууп **жет**! | Кыз куумайда кызга **жет**ишет. |

**46.** Сүрөттөгү кыргыз элинин улуттук оюндарын туура атагыла.



*Колдонулуучу сөздөр:* ат чабыш, кыз куумай, тыйын эңмей, улак тартыш, эр эңиш.

**47.** Ким эмне кылып жатат?

*Колдонулуучу сөздөр:* улак тартып жатат, кызды кууп баратат, ат чаап баратат, эр эңишип жатат.

| Кайсы оюнда? | Ким? | Эмне кылып жатат? |
|---|---|---|
| Улак тартыш оюнунда | жигиттер | улак тартып жатышат. |
| ... | кыз | ... |
| Эр эңиш оюнунда | | ... |

**48.** Сүрөттөгү улуттук оюн жөнүндө жуптарда ой бөлүшкүлө.



1) Бул сүрөттө кимдер тартылган?

2) Алар эмне кылып жатышат?

3) Бул спорттун түрүбү же жокпу?

4) Ал кандай аталат?

5) Азыркы кезде эр сайыш оюну ойнолобу? Эмне үчүн?

**эр сайыш** – поединок батыров
**найза** – копьё

**49.** Төмөнкү сөздөрдү жана сөз айкаштарын чечмелегиле.

| | | | |
|---|---|---|---|
|  |  |  |  |
| найза<br>сыр найза | кабылан<br>кабылан Манас | арстан<br>арстан Манас | эр сайыш<br>кармаш |

**50.** Текстти тыным менен окугула. Суроолорго жооп бергиле. Тапшырмаларды аткаргыла.

## Эр сайыш

### I

Манас менен Коңурбай бири-бирин ач арстандай качырышып, айкырып найза сунушуп, айыгышкан кармашта алтымыш найза сындырышат. «Кайнаган калмак бакырат, какандап ураан чакырат, кыргыздар тынбай бакырат, кабылан деп ураан чакырат».

**ач арстан** – голодный лев
**качыруу** – напасть
**айкыруу, бакыруу** – кричать
**сындыруу** – сломать
**кайнаган калмак** – много калмаков
**какан; кан** – хан
**найза** – копьё, пика
**найза сунуу** – вытянуть вперёд копьё, пику
**кармаш** – схватка
**эр сайыш** – схватка
**найза сындыруу** – сломать копьё/пику
**кабылан** – леопард, тигр, пантера; эпитет богатыря
**ураан** – боевой клич

II

Манас алп күчүн жыйып, каардана качырып барып, сыр найза менен таамай муштап өткөндө, Алоокенин Коңурбай Алгаранын үстүнөн тоо кулаган эмедей күркүрөп учуп түшөт. Манас Алгараны кармап, олжолоп алып кетерде Коңурбай тура калып, «тизеси жерге бүгүлүп, келин болуп жүгүнүп», Алгара атым берип кет, деп Манастан өтүнөт. Манас айкөлдүк кылып, Алгаранын чылбырын Коңурбайды көздөй ыргытат. Ошентип, эр сайышта Манас жеңип, чоң байгеге жетет.

**алп күч** – огромная сила
**каардана** – разгневанный
**ачуулана** – разгневанный
**таамай** – точно
**өтүн** – просить
**олжо, олжолоп** – добыча, как добычу
**айкөлдүк кылуу** – проявить широту души
**чылбыр ыргытуу** – бросить поводок, отдать
**байгеге жетүү** – получить приз

1) Манас кандай баатыр?
2) Коңурбай ким?
3) Кармашта ким жеңди?
4) Кыргыздар эмне үчүн «кабылан» деп ураан чакырат?
5) Эр сайышта жеңген үчүн Манас Коңурбайдын атын олжого алдыбы?
6) Манасты кандай сүрөттөп бересиң?
7) Коңурбайдын тулпары – Алгара, Манастын тулпарычы?

**51.** Бул сөздөр синонимдик катар экенин аныктагыла.

Жылкы – ат – күлүк – тулпар.
Кыйкыруу – бакыруу – айкыруу.

**52.** Төмөнкүлөр чынбы? Ойлонуп, туура жооп бергиле.

1) Манас менен Коңурбай кармашта алтымыш найза сындырышканы чынбы?
2) Кыргыздар кабылан деп ураан чакырганы чынбы?
3) Манас жеңилип калганы чынбы?
4) Манас сыр найза менен Коңурбайды сайганы чынбы?
5) Коңурбай Алгаранын үстүнөн учуп түшкөнү чынбы?
6) Манас Алгараны кармап, олжолоп алып кеткени чынбы?
7) Коңурбай «Алгара атымды берип кет» дегени чынбы?
8) Манас Алгараны Коңурбайга бербей койгону чынбы?

**53.** Эр сайыш спортпу же улуттук оюнбу? Эмне үчүн? Суроого жооп жазып келгиле.

## 7-сабак

# Улуттук спорт оюндары

**Грамматика:** Баяндагыч, буйрук этиштер

**Лексика:** күлүк, чап-, чапты, тыйын эңмей, ат оюну, эң-, байге, чабандес.

**54.** Досуңарга сураныч иретинде кайрылгыла.

**Үлгү:** *ойнойм – ойно. Жүр, кечирээк мени менен ойно.*

иштейм – ... кыялданам – ... ойлоном – ...
таптың – ... сактайбыз – .... сыймыктанабыз – ....

**55.** Ырды көркөм окугула. Кайсы улуттук оюн жөнүндө айтылып жатат?

### Күлүк чаптым

Ат жалында торолуу
Тоолук элдин салты экен.
Мендей кезде чоң атам,
Тыйын эңип алчу экен.

Ырас, шаар жеринде
Минип чабар ат болбойт.
Жакшы бала антсе да
Жылкы менен жат болбойт.

Биздин убак бир башка
Машиналуу убак да,
Бирок тоолук балага
Атты жерүү – уят да.

Жылкылары күтүрөп,
Кенен төргө жайылган.
Биз келебиз кол үзбөй
Атам өскөн айылдан.

*Т. Самудинов*

**жерүү** – чуждаться **күтүрөп** – в большом количестве

1) Бул ыр эмне жөнүндө экен?
2) «Тыйын эңмей» оюну азыркы учурда ойнолобу?
3) Шаар менен айылдын айырмасы ырда кандай сүрөттөлгөн?
4) Сага атка минген жагабы? Эмне үчүн?
5) Ат адамга кандай кызмат кылып келген? Азырчы?

**56.** Тыйын эңмей оюну жөнүндө маалымат менен таанышып, жаңы маалыматтарды белгилегиле.

**Тыйын эңмей** – ат оюндарынын бир түрү. Оюнга катышуучу жерге көрүнө коюлган тыйынды чаап баратып эңип кетүүгө тийиш. Чабандес шамдагай, **көрөгөч** болушу керек. Тыйын эңмейге чоң байге коюлуп, оюн аш-тойлордо өткөрүлгөн.

**тыйын эңмей** – схватывание монеты с земли

**57.** Ар улуттун ат жөнүндөгү макалдарын окуп, окшоштугун тапкыла.

| | |
|---|---|
| «Ат – адамдын канаты». | кыргыз эл макалы |
| «Камчы менен атты күчтүү кыла албайсың». | латыш макалы |
| «Атты минген учурда билесиң». | орус эл макалы |
| «Ким башка бирөөнүн атына минсе, ал кайрадан жөө калышы мүмкүн». | азербайжан макалы |

**58.** «Улуттук оюндар бүгүнкү күнү маанилүүбү же жокпу» деген темада дискуссия өткөргүлө. Дискуссияны төмөнкү сүйлөмдөр менен баштайбыз.

Мен ... деп ойлойм.
Биринчиден, ... .
Экинчиден, ... .
Үчүнчүдөн, ... .
Демек, ... .

**59.** Башка элдердин улуттук спорт оюндары жөнүндө Power Point программасын пайдаланып, презентация даярдагыла.

- Баалоо критерийлери

1) Тема так, толук ачылган.
2) Слайддардагы текст аз көлөмдө жана жеңил окулат.
3) Ар кандай сүрөттөр, графика, таблицалар пайдаланылган.

## 8-сабак

## Өзүңөрдү текшергиле

### Ден соолук. Спорт

**1.** Сөздөрдүн котормосун жебе менен көрсөткүлө.

| | |
|---|---|
| ден соолук | назидание |
| насыят | безделье |
| бекерлик | лентяй |
| жалкоо | богатство |
| байлык | правило |
| эреже | вратарь |
| мүнөз | характер |
| дарбазачы | здоровье |

тепкич — сосед
дабыш — отдых
эрк — воля
кошуна — звук
эс алуу — ступеньки

**2.** Жуманын күндөрүн ирети менен туура жайгаштыргыла.

| | |
|---|---|
| бейшемби | дүйшөмбү |
| жекшемби | |
| ишемби | |
| шаршемби | |
| дүйшөмбү → | |
| шейшемби | |
| жума | |

**3.** Кыргыз элинин улуттук оюндарын атап, алардын окшоштуктарын жана өзгөчөлүктөрүн жазгыла.

| Улуттук оюндардын аталышы | Окшоштуктары | Өзгөчөлүктөрү |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**4.** Сөздөрдү үч топко бөлүштүргүлө.

| Спорт | Улуттук оюндар | Башка сөздөр |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

*Колдонулуучу сөздөр:* футбол, насыят, зыян, сабак, эреже, волейбол, хоккей, теннис, велосипеддик спорт, машыгуучу, спортсмен, кыз куумай, улак тартыш, оодарыш, мекен, саат, убакыт, компьютер, ат чабыш, тыйын эңмей.

**5.** Сүйлөмдөрдү мааниси боюнча толуктап жазгыла.

1) Дениң таза болсо, дилиң да ... болот.
2) Спорт менен ... , ден соолукка пайда болот.
3) Эгин айдап чөбүң чап, ... пайда тап.
4) Өнөрүң болсо, ... чап.
5) Биринчи байлык – ... .
6) Абийирди жашыңдан ... .
7) Футболдун мекени – ... өлкөсү.

**6.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

## Дене тарбиянын пайдасы

Дени сак адамдын көңүлү да ачык, ал ишти сапаттуу бүтүрөт. Ал эми ден соолугу начар адам эч нерсеге көңүлү келбейт. Кымбаттуу окуучулар, бизде эң кызыктуу кесиптер көп. Бирок алардын айрымдары ден соолугу начар адамдарга оордук кылат. Эртең мененки көнүгүүлөр адамдын ден соолугун чыңдайт, күчтүүлүктү, чыдамкайлыкты өстүрөт. Ар түрдүү зыяндуу оорулардан сактайт.

Космонавттар өз эрдигин эртең мененки көнүгүүлөрдөн баштaшкан. Геологдор бир нече ай палаткаларда жашашып, ысык-суукка чыдашат. Ал эми моряктар, учкучтарчы! Алардын эмгеги көп күчтү жана эркти талап кылат. Көрүнүктүү адамдар дене тарбиялык көнүгүүлөрдү күндөлүк адатка айландырып, аны өтө карыганга чейин жасашкан.

Силер, балдар, күндө эртең менен гимнастика жасоону унутпагыла.

1) Дени сак адам кандай?
2) Ден соолугу начар болсо, эмне болот?
3) Ден соолук чың болуу үчүн эмне кылыш керек?

**7.** Сүйлөмдөрдү мааниси боюнча улантып жазгыла.

1) Адамдын дени таза болсо, ... .
2) Ал эми анын ден соолугу начар болсо, ... .
3) Эртең мененки көнүгүүлөр ... .

**8.** Дене тарбиянын пайдасы жөнүндө кластер толтургула.

**9.** Диалогго катышып, суроолорго жооп бергиле.

– Сага дене тарбия сабагы жагабы?
– ...
– Эмне үчүн?
– ...
– Дене тарбия сабагында эмнелерди үйрөндүң?
– ...

– Сен спорттун кайсы түрлөрүнө кызыгасың?
– ...
– Кандай жетишкендиктериң бар?
– …

**10.** Кырдаал менен таанышып, диалог түзгүлө.

1) Сен футбол ийримине катышканы келдиң. Сүйлөшүүнү башта.

2) Улуттук оюндарды көргөнү келдиң. Кайсы түрүн көргүң келерин түшүндүрүп бер.

# СООДА-САТЫК

## 1-сабак

### Дүкөндө

**Грамматика:** Жай сүйлөм. Суроолуу сүйлөм

**Лексика:** имарат, момпосуй, май, азык-түлүк, кийим-кече, үй эмеректери, айыл-чарба буюмдары, турмуш-тиричилик буюмдары, жайгашкан, сатылат, тейлөө

**Эсиңе тут!**

Суроо маанисинде айтылган сүйлөм **суроолуу сүйлөм** деп аталат.

**1.** Сүрөт боюнча суроолорду жана жоопторду окугула. Суроолуу сүйлөм менен жай сүйлөмдү салыштыргыла.

Бул кандай дүкөн деп ойлойсуңар? Анда адамдар эмне кылышат? Сен дүкөнгө барасыңбы? Ата-энеңе жардам бересиңби?



Кабарлоо иретинде айтылган сүйлөм **жай сүйлөм** деп аталат.

Бул азык-түлүк дүкөнү. Азык-түлүк дүкөнүндө адамдар азык-түлүк сатып алышат. Мен дүкөнгө барам. Ата-энеме азык-түлүк сатып алууга жардам берем. Сүт, нан, шире, кант сатып алам.

**2.** Диалогду кунт коюп уккула.

– Кечиресиз, жакын жерде азык-түлүк дүкөнү барбы?

– Ооба, бар. Кийинки көчөдө чоң имаратты көрөсүз. Ошол – дүкөн.

– Дүкөн азыр ачыкпы?

– Ал тынымсыз иштейт.
– Сиз ушул дүкөнгө барып, азык-түлүк сатып аласызбы?
– Ооба, мен дайыма ушул дүкөндөн азык-түлүктөрдү сатып алам.
– Сизге дүкөндөгү тейлөө жагабы?
– Ооба, сатуучулар дайыма сылык, жардам беришет.
– Сизге чоң ыракмат!
– Эч нерсе эмес.

ӨҮН **азык-түлүк дүкөнү** – продовольственный магазин
**имарат** – здание
**тейлөө** – обслуживание

**3.** Жогорку диалог боюнча тест аткаргыла.

**Канча адам сүйлөштү?**
а) эки
б) үч
в) төрт

**Алар каерде сүйлөштү?**
а) үйдө
б) дүкөндө
в) көчөдө

**Эмне жөнүндө сүйлөштү?**
а) азык-түлүк дүкөнү
б) азык-түлүк жөнүндө
в) азык-түлүк сатып алуу

**Дүкөн издеген адам дүкөндү кайдан табат?**
а) азык-түлүк дүкөнүнөн
б) кийинки көчөдөн
в) дүкөн азыр ачык

**– Дүкөн издеген адам ушул дүкөндөн азык-түлүк сатып алабы?**
**– Ооба, ...**
а) ал азык-түлүк дүкөнүн издеп башка жактан келди
б) бул дүкөндөгү тейлөө адамдарга жагарын билди
в) дүкөн дайыма ачык болгондуктан, азык-түлүк сатып алат


| | | | |
|---|---|---|---|
| Жакын жерде | азык-түлүк<br>кийим-кече<br>үй эмеректери<br>айыл чарба буюмдары<br>турмуш-тиричилик буюмдары | дүкөнү барбы? | – Ооба, бар.<br>– Жакын жерде жок |

**4.** Таблицаны толтуруп, үлгү боюнча сүйлөм түзгүлө.

**Үлгү:** *Азык-тулук дүкөндө ..., ... сатылат.*

| **Дүкөндөрдүн түрлөрү** | **Бул дүкөндө эмнелер сатылат?** |
|---|---|
| Азык-түлүк | |
| Кийим-кече | |
| Үй эмеректери | |
| Айыл чарба буюмдары | |
| Турмуш-тиричилик буюмдары | |

**5.** Азык-түлүктөрдүн аталыштарын бөлүмдөргө туура бөлүштүрүп жазгыла.

| Сүт азыктары | Жашылчалар | Кондитердик бөлүм | Бакалея |
|---|---|---|---|
|  |  |  |  |
|  |  |  |  |
|  |  |   |  |
|  |  |  |  |

**6.** Азык-түлүк дүкөнүндө кайсы бөлүмдөр бар? Топто кеңешип жазгыла.

**7.** Сүрөттөргө кунт коюп карап, азык-түлүк дүкөнү жөнүндө текст жазып келгиле.

**Үлгү:** *Мен бакалея бөлүмүнөн ... сатып алам.*



## 2-сабак

### Дүкөндө

**Грамматика:** Жай сүйлөм. Суроолуу сүйлөм

**Лексика:** кеңсе товарлары, белек, кеңеш, сатуучу, оюнчук, окуу куралдары, дүкөнчү, зер буюмдар, эс алуу жайы.

**8.** Силер кийим-кече дүкөнүнө барган жатасыңар. Төмөнкү үлгү боюнча таблицаларды пайдаланып, классташыңарды кийим-кече дүкөнүнө чакыргыла.

**Үлгү:** *Мен китеп дүкөнүнө барышым керек. Сен да мени менен барасыңбы? Макул болсоң, экөөбүз чогуу барабыз. Англисче-кыргызча сөздүк сатып алышым керек. Анан кеңсе товарлары*

*дүкөнүнө киришим керек. Мен дептер, эки-үч калем сап, сүрөт альбом, боёк, түстүү калемдерди алышым керек. Сен да керектүү китептерди карап көр.*

| | | | |
|---|---|---|---|
| Мен | | барамын | барбаймын |
| Сен | | барасың | барбайсыз |
| Сиз | | барасыз | барбайсыз |
| Ал | дүкөнгө | барат | барбайт |
| Биз | | барабыз | барбайбыз |
| Силер | | барасыңар | барбайсыңар |
| Сиздер | | барасыздар | барбайсыздар |
| Алар | | барышат | барышпайт |

| | | |
|---|---|---|
| Мен | төлөшүм<br>барышым<br>алышым<br>жабышым<br>күтүшүм | керек. |

| | | |
|---|---|---|
| Мага |  | керек эле. |
| Мага |  | берип коюңузчу. |

**9.** Кичи топтордо төмөнкү кырдаалдар боюнча сүйлөшкүлө.



Силер дүкөнгө мектепке керектүү кеңсе товарларын алганы келдиңер.



Силер апаңарга белек тандап жатасыңар. Сатуучудан кеңеш сурагыла.



Силер кичинекей бөбөгүңөргө оюнчук алганы келдиңер.



Силер классташыңарга туулган күнүнө гүл белек кыласыңар. Сатуучу менен кеңешкиле.

**10.** Силер жашаган жерде кандай дүкөндөр бар? Силер дүкөнгө келдиңер. Эмне сатып алыш керектигин дүкөнчү менен кеңешип, диалог жазгыла.

**11.** Бишкек шаарындагы дүкөндөр жөнүндө эмне билесиңер? Тобуңарда ой бөлүшкүлө.

**12.** Тексттеги маалымат менен таанышкыла. Досуңарга дүкөндү мактап кат жазгыла, дүкөнгө чакыргыла.

Бишкектин борборунда «Бишкек парк» дүкөнү жайгашкан. Бул жерде дайыма адамдар көп болот. Бул төрт кабаттуу дүкөндүн ичи кеңири, жарык жана таза. Биринчи кабатында кийим-кече, косметика жана зер буюмдар сатылат. Экинчи кабатта кыргыздын улуттук кийимдери, бут кийимдер бар. Үчүнчү кабатта тамак-аштын түрү сатылат. Ал эми дүкөндүн төртүнчү кабатында эс алуу жайлары жайгашкан. Ал жакта кино көрүп, оюн автоматтарын ойносо болот.

**13.** Апендинин жоругун окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

Апендинин артынан балдар чурулдашып ээрчип алышат. Кантип кутулууну ойлогон Апенди:

– Мени эмнеге ээрчийсиңер? Молдонун үйүнө барбайсыңарбы, момпосуй берип жатат,– деп коёт. Балдар чуулдаган бойдон жөнөшөт.

Апенди аларды карап туруп: «Чын эле момпосуй берип жаткан го»,– деп өзү да балдардын артынан чуркайт.

**чурулдап** – шуметь **кутулуу** – спасение

## 3-сабак

# Базарда

**Грамматика:** Илептүү сүйлөм. Буйрук сүйлөм

**Лексика:** шабдалы, жүзүм, пияз, сабиз, палоо, күрүч, таттуу, пайдалуу, жемиш, мөмө-жемиш.

### Эсиңе тут!

**Илептүү сүйлөм** – сүйлөп жаткан адамдын ички сезиминен, эмоциясынан чыккан кабарды билдирет.

Алло, балас, жакшы болду! Ош базарына бат эле жетип алдым!

**Буйрук сүйлөм** – сүйлөп жаткан адамдын тилегин, өтүнүчүн, буйругун, кайрылуусун билдирет.

Токто! Шашпачы!
Машинеге отур!
Сураныч, жайыраак айда!

**14.** Балдар эмне жөнүндө сүйлөшүп жатышат? Силердин жашаган жерде базар барбы? Ал жакта эмнелер сатылат?



– Иним сен мага шаардагы базарлар жөнүндө айтып берчи! Мен айылдан келдим. Шаарыңарда кандай базарлар бар?

– Шаарыбызда азык-түлүк, жер-жемиш, жашылча саткан үч чоң базар бар.

– Алар кайсылар?

– Аламүдүн базары, Ош базары, Орто-Сай базары. Аламүдүн базары шаардын чыгышы**нан**, Ош базары батыш жагы**нан**, Орто-Сай базары болсо шаардын түштүгү**нөн** орун алган.

– Базарлардын эң жакшысы кайсы?

– Базарлардын баары жакшы!

**15.** Таблицаны диалогдун мазмуну боюнча толтургула. ✓ – туура; X – ката.

| **Ырастоолор** | туура | ката |
|---|---|---|
| Шаарыбызда азык-түлүк, жер-жемиш, жашылча саткан 3 чоң базар бар. | | |
| Алар бири-бирине жакын жайгашкан. | | |
| Аламүдүн базары шаардын чыгышы**нан** орун алган. | | |
| Базарлардын жакшысы – Орто-Сай базары. | | |
| Ош базар шаардын түштүгү**нөн** орун алган. | | |

**16.** Базарда эмнелер сатылат? Аталыштарын таблицага жазгыла.

| **Мөмө-жемиштер** | **Жемиштер** | **Жашылчалар** |
|---|---|---|
|  |  |  |
| Жемиштер | Мөмө-жемиштер | Жашылчалар |
| ... | ... | ... |

**17.** Алма менен помидор эмне жөнүндө сүйлөшүүсү мүмкүн? Жуптарда кеңешип, айтып бергиле.

**18.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

## Алма менен помидор

Бак ичинде алма да, помидор да кызарып бышып турду.

– Эй, алма, адамдар силерден да томат жасайбы? – деп сурады помидор.

– Помидор, силерден да кыям жасайбы? – деп сурады андан алма.

Анан экөө тең бири-бирине «жок» деп баштарын чайкаганда, бутактарынан тырс-тырс үзүлүп, жерге түшүп кетишти. Ошондон кийин экөө сүйлөшпөй калышыптыр.

*С. Рысбаев*


1) Алма менен помидор эмне жөнүндө сүйлөштү?
2) Алар бири-биринин суроосуна кантип жооп беришти?
3) Эмне үчүн алар сүйлөшпөй калышыптыр?

**19.** Силер базарга келдиңер. Кайсы жашылча-жемиштерди сатып аларыңар тууралуу сатуучу менен кеңешип диалог түзгүлө.




**20.** Жашылчалардын кандай дарылык касиеттерин билдиңер? Айтып бергиле.

| | |
|---|---|
|  | **Шабдалы**<br>Эзиле бышкан шабдалы ашказан үчүн пайдалуу. Анын майын баш жана кулак ооруларга да колдонсо болот. |

| | |
|---|---|
| **Жүзүм**<br>Жүзүм ашказан жана боорго пайдалуу. Мейиз бөйрөккө табылгыс дары. |  |
| **Алма**<br>Алмада адам үчүн пайдалуу витаминдер көп. Алманын суюктугу организмдеги туздуулукту азайтып, өз калыбына келтирет. |  |
| **Капуста**<br>Капустада аскорбин кислотасы абдан көп. Ал организмдеги шлактарды тазалагандан тышкары, ашказандын иштешин да жакшыртат. |  |

**шабдалы** – персик **жүзүм** – виноград алма – яблоко

**21.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 4-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

### Соода-сатык

**1.** Төмөнкү сөздөр менен сөз айкаштарынан сүйлөм түзгүлө.

**Үлгү:** *кийим-кече; Базарда кооз кийим-кечелерди сатат.*

Базар, кийим-кече, бут кийим, тамак-аш, жашылча-жемиш, кездеме.

**2.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

Апенди түш көрөт. Түшүндө бир сонун корозу бар экен. Анан кимдир бирөө:

– Корозуңду сат,– деп жабышып алат.

– Кымбат алсаң, сатам,– дейт Апенди.

– Канчага сатасың? – дейт берки.
– 30 сомго,– деп жооп берет Апенди.
– 20 сомго сат,– дейт тиги.
– Жок, жыйырмага сатпайм,– дейт Апенди.
– Анда жыйырма эки сом берейин?

Ушинтип соодалашып жатып, короздун баасы 25 сомго чыкканда, Апенди ойгонуп кетет да, «каап» деп өкүнгөндөн кайра көзүн жума салып:

– Мейли эми, жыйырма беш сом болсо деле бере бериңиз,– деп колун сунуптур.

1) Апенди эмне жөнүндө түш көрүптүр?
2) Ал түшүндө ким менен соодалашат?
3) Алардын соодалашканы эмне менен бүтүптүр?
4) Апенди ойгонгондо эмне кылыптыр?

**соодалашып** – торговаться
**өкүнөт** – раскаивается
**колун сунат** – протягивает руку

**3.** Сенде 200 сом бар. Бул акчага жемиштерди алышың керек. Сатуучу менен соодалашып, жемиштин үч түрүн сатып ал.

**4.** Палоонун рецепти менен таанышып, өзүңөр жакшы көргөн тамагыңардын рецептин жазгыла. Силерге кандай азыктар керек, аларды кайдан сатып аласыңар?

## Палоо



Этти анча чоң эмес бөлүктөргө туурап, майга куурат. Ал куурулган учурда сабиз, пияз кошуп, аны дагы куурат да, суу куюп кайнатат. Жарым саат кайнагандан кийин тазаланып, жуулган күрүчтү салат. Күрүч орто бышкан учурда үстүн тегиздеп, капкагын бекем жаап, демдеп коёт.

Азыктар: 2–3 стакан күрүчкө 500 грамм эт, 4–5 стакан суу, 10 орточо сабиз, 2–3 түп пияз, 200 грамм өсүмдүк майы, даамына жараша туз.

**палоо** – плов
**куурат** – жарить
**пияз** – лук
**кайнатат** – кипятит
**сабиз** – морковь
**күрүч** – рис

# IV ЧЕЙРЕК

## 1-сабак

## Улуу Жибек жолу

**Грамматика:** Сан атооч. Эсептик сан. Бөлчөк сан

**Лексика:** ачылыш, жибек, байлык, кербен, сарай, чыгыш өлкөлөр, батыш өлкөлөр, мурас кагаз, II кылым.

**Эсиңе тут!**

**Эсептик сан атооч** заттын санын, эсебин билдирип, канча? нече? деген суроого жооп берет.

Мисалы: бир, беш, он, жыйырма эки, миң, миллион.

**Бөлчөк сан** чыгыш жөндөмөсүнүн **-дан** мүчөсү аркылуу жасалат.

Мисалы: $\frac{1}{2}$ экиден бир; $\frac{3}{5}$ бештен үч; $\frac{2}{10}$ ондон эки; $\frac{20}{100}$ жүздөн жыйырма.

**1**. Жибек жолу деген сөз айкашын укканда силерде кандай элестөөлөр пайда болот? Жалпы класста элестөөңөр менен бөлүшкүлө.

**2**. Кичи топтордо иштегиле, төмөнкү тапшырманы аткарууда математика сабагынан алган билимиңерди пайдалангыла. Эгерде Жибек жолунун узундугу 7 миң километр болсо, анда Кыргызстандын территориясындагы жол бардык жолдун узундугунун канча бөлүгүн түзөт?

**3**. Картаны карагыла. Картада канча өлкө бар экен? Аларды атап бергиле.



**4.** Кичи топто кеңешип, суроого жооп бергиле. Кандай ойлойсуңар, соодагерлер Жибек жолунун канча бөлүгүн жөө, канча бөлүгүн төө минип өтүшчү экен? Божомолдооңорду далилдегенге аракет кылгыла.







## Билип алгыла!

Биздин заманга чейин II кылымда жибек товары чыгыш өлкөлөрүн батыш өлкөлөр менен байланыштырган – Улуу Жибек жолу пайда болгон.

**чыгыш өлкөлөр** – восточные страны
**батыш өлкөлөр** – западные страны
**жибек** – шёлк

**5.** Жибек деген эмне? Ал кандайча пайда болгон? Жуптарда сүйлөшкүлө.

**6.** Сөздөрдү окуп, маанисин тактап, сөз айкаштарын түзгүлө.

*Колдонулуучу сөздөр:* жибек пилласы, тыт дарагы, кербен-сарай, кербен, ханыша, ачык сере.

**жибек пилласы** – шёлковый кокон
**тыт дарагы** – тутовое дерево
**ачылыш** – открытие
**чубалжы** – разматываться
**сарай** – дворец
**ханыша** – царица
**кербен-сарай** – караван-сарай
**ачык сере** – терраса

**7.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү ыраатын менен жазып, текст түзгүлө. Жуптарда иштеп, бири-бириңерге окуп бергиле.

1) Ал убактан бери беш миң жыл өттү.

2) Аңгыча тыт дарагынын бутагынан чайга жибек пилласы түшүп калды.

3) Илгери-илгери кытай ханышасы өз сарайынын ачык сересинде чай ичип отурган дешет.

4) Бул ачылыштан кийин жибек пайда болду, ал Кытайга атак-даңк менен байлык алып келди.

5) Ханыша узун тырмагы менен пиаладан аны алып салайын десе, анын тырмагына ичке жип жабышып калды.

6) Ханыша ал жипти тартса, ысык чайда жумшарып калган пилла чубалжый баштайт.

**атак-даңк** – слава **байлык** – богатство **тырмак** – ноготь

**8.** Түзүлгөн текстке тема койгула. Текст боюнча таблицанын биринчи бөлүгүндөгү суроолорго жооп берүүдө таблицанын экинчи бөлүгүндөгү маалыматты пайдалангыла.

| Суроолор | Материалдар |
|---|---|
| Жибек качан пайда болгон? | беш миң жыл мурда |
| Жибек кайсы өлкөдө пайда болгон? | Чыгыш өлкөсү, Кытайда |
| Кытай ханышасы чайды кайсы жерде ичип жаткан? | өз сарайынын ачык сересинде |
| Ачылыш кантип пайда болду? | узун тырмак, пиала, алып салуу, анын тырмагына ичке жип жабышуу |

| | |
|---|---|
| Ачылыш Кытайга эмнелерди алып келди? Эмне үчүн? | атак-даңк, байлык |
| Бул ачылыштан улам кайсы соода жолу пайда болду? | Улуу Жибек жолу |
| Кайсы өлкөлөрдүн ортосунда соода байланышы түзүлдү? | чыгыш өлкөлөр, батыш өлкөлөр |

**9.** Жибек жолу жөнүндө кызыктуу маалыматтарды таап окуп, класста айтып бергиле. **PowerPoint** программасынын жардамы менен презентациялагыла.

## 2-сабак

# Улуу Жибек жолу

**Грамматика:** Сан атооч. Эсептик сан. Бөлчөк сан

**Лексика:** жибек, татымал, алтын, күмүш, төө, Улуу Жибек жолу, бөлүк, килем, соодагер, чыгыш өлкөлөр, батыш өлкөлөр.

**10.** Кичи топтордо кеңешип, төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Азыркы учурда жибектен жасалган товарлар барбы?
2. Силер жашаган шаардын же айылдын адамдарынын канча бөлүгү жибектен кийим кийишет?
3. Кандай ойлойсуңар, жибектен кийим гана тигилбестен, жибекти дагы кайсы тармактарда колдонушат?

**11.** Улуу Жибек жолу менен өткөн соодагерлер сүрөттөрдөгү товарларды сатышчу. Сүрөттөр аркылуу товарлардын аталышын тапкыла.

*Колдонулуучу сөздөр:* фарфор, жибек, кагаз, татымал, килем, алтын, күмүш, төө.





**12.** Кичи топтордо кеңешип, төмөнкү суроолорго жооп берип, тапшырмаларды аткаргыла.

1. Улуу Жибек жолундагы товарларды атап бергиле.
2. Кандай ойлойсуңар, соодаргерлер кайсы товарларды чыгыш өлкөлөрүнө, кайсы товарларды батыш өлкөлөрүнө алып барышчу? Эмне үчүн?
3. Жибек жолундагы соодагерлердин бардык товарларынын эң көп бөлүгүн кайсы товар түзчү эле? Эмне үчүн?
4. Соодагерлер бардык товарларды сатып алып, анан жолго чыгышчу. Алардын товарларынын канча бөлүгүн фарфор, канча бөлүгүн жибек, канча бөлүгүн кагаз, ал эми татымал, килем, алтын, күмүш канча бөлүгүн түзгөн? Эмне үчүн?

**13.** Улуу Жибек жолундагы кайсы товарларды азыркы учурда да адамдар колдонушат? Аларды кайдан сатып алса болот? Ал эми кайсы товарларды сатып алса болбойт? Эмне үчүн? Үлгүнү пайдаланып жазгыла.

**Үлгү:** *Улуу Жибек жолундагы ... товарларын азыркы учурда да сатып алса болот, анткени ... .*

Улуу Жибек жолундагы ... товарларын ... азыркы учурда сатып алууга болбойт, анткени ... .

**14.** Текстти окугула.


Улуу Жибек жолу биздин заманга чейин II кылымдан биздин замандын XV кылымына чейин өкүм сүргөн эл аралык соода жана карым-катнаш жолу болуп келген. Ал соода жолунун узундугу жети миң километрден ашык болгон. Бул соода жолундагы негизги унаа – төө болгон.

**негизги унаа** – основной транспорт
**соода жолу** – торговый путь
**төө** – верблюд

**15.** Суроолордун жообун жазып келгиле.

1) Улуу Жибек жолу качан пайда болгон?
2) Бул соода жолу кайсы убакытка чейин пайдаланылган?
3) Анын узундугу канча миң километр?
4) Эмне үчүн бул соода жолунун негизги унаасы төө болгон?
5) Азыркы учурда товарларды ташуу үчүн кайсы унааларды колдонушат?

**16.** Топто иштегениңер боюнча «токочту» бөлгүлө.



– Мен топтогу иштин … бөлүгүн аткардым.
– Мен өзүмө токочтун ушул бөлүгүн бөлдүм. Себеби … .

## 3-сабак

# Акылдуу мугалим

**Грамматика:** Чамалама сан. Жамдама сан

**Лексика:** мурас кагаз, чындык, табуу, сексен-токсон, улуу, ортончу, кичүү.

**Эсиңе тут!**

| **Эсептик сан атооч** | | **Чамалама сан атооч** |
|---|---|---|
| **Канча?** | | **Канча чамалуу?** |
| -дай, -ча, -даган мүчөлөрү уланат | | |
| отуз | **+ -дай** | отуз**дай** |
| элүү | **+ -ча** | элүү**чө** |
| жүз | **+ -даган** | жүз**дөгөн** |
| **чамалуу, чакты, жакын, ашуун** деген сөздөр кошулат | | |
| жыйырма | **чамалуу** | жыйырма **чамалуу** |
| кырк | **чакты** | кырк **чакты** |
| миң | **жакын** | миң**ге жакын** |
| алтымыш | **ашуун** | алтымыш**тан ашуун** |
| беш | **ашык** | беш**тен ашык** |

**Чамалама сан** эсептик сан атоочтордун өз ара айкалышуусу аркылуу жасалат: *алты-жети, он-он беш, кырк-элүү, алтымыш-жетимиш, сексен-токсон, эки жүз-үч жүз.*

**Эсептик сан атоочтор** чамалуу, чакты, жакын, ашуун, ашык деген сөздөрдүн айкалышы менен түзүлөт.

**Жамдама сан атоочтор** эсептик сандарга -оо, -өө мүчөлөрү уланنуу менен түзүлөт: бирөө, экөө, үчөө, төртөө, бешөө, алтоо, жетөө.

**17.** Төө кандай жаныбар? Төө жөнүндө эмнелерди билесиңер? Айтып бергиле.



**18.** Төмөнкү тамсилди тыным менен окуп, тыным сайын суроолорго жооп берип, тапшырмаларды аткаргыла.

## Акылман мугалим

I

Илгери-илгери бир акылман мугалим болуптур. Анын он жети төөсү бар экен. Акылман каза болорунда өзүнүн үч окуучусуна мурас кагаз калтырыптыр. Ал мурасында окуучуларына он жети төөнү бөлүп алгыла деген тапшырма бериптир.

**мурас кагаз** – завещание
**бөлүп алуу** – разделить
**тапшырма берүү** – дать задание
**акылман мугалим** – мудрый учитель
**каза болуу** – умереть

*1-тыным*

1) Ким каза болот?
2) Анын канча төөсү бар экен?
3) Акылман мугалим окуучуларына эмне калтырды?
4) Мурас кагазда окуучуларына акылман мугалим кандай тапшырма бериптир?
5) Кандай ойлойсунар, андан ары эмне болот?

II

Акылман мугалим мурас кагазында минтип жазыптыр: улуу окуучум он жети төөнүн жарымын, ал эми ортончусу үчтөн бир бөлүгүн, кичүүсү тогуздан бир бөлүгүн алышсын.

**улуу** – старший
**ортончу** – средний
**кичүү** – младший
**жарым** – половина
**үчтөн бир бөлүгү** – третья часть
**тогуздан бир бөлүгү** – девятая часть

*2-тыным*

Акылман мугалим мурас кагазына эмнелерди жазыптыр?

Он жети төөнү акылман мугалим жазгандай бөлүштүргүлө, кичи топтордо кеңешкиле. Өз чечимиңерди айтууда төмөнкү үлгүлөрдү пайдалангыла:

**Үлгү:** *Эгерде улуу окуучуга он жети төөнүн жарымын берсек, анда... .*



Эгерде орто жаштагы окуучуга он жети төөнүн үчтөн бир бөлүгүн берсек, анда ... .

Эгерде кичүү окуучуга он жети төөнүн тогуздан бир бөлүгүн берсек, анда... .

III

Мурас кагазды окуучулар окуп, абдан таң калышты. Он жети төөнү кантип бөлөбүз? Бирөө бөлбөй эле бардык он жети төө баарыбызга калсын десе, экөө кеңеш сурай баштайт. Кеңешчилер да бул үчөөнө жардам бере алган жок. Анан бир акылман карыяны табышты.

**кеңеш сура** – попросить совета
**кеңешчи** – советник
**акылман карыя** – мудрый старик
**кээ бирөө** – некоторые
**бөлүү** – делить

*3-тыным*

1) Окуучулар мурас кагазды түшүнүштүбү?
2) Кеңешчилер жардам бере алдыбы? Эмне үчүн?

3) Силер жардам бере аласыңарбы?
4) Акылман карыя жардам береби?
5) Мындан ары эмне болот?

IV

Акылман карыя он жети төөнү кантип бөлүш керек экенин түшүндүрүп берди.

Мына менин чечимим:

– Он жети төөгө мен бир төөнү кошом. Он сегиз төөнүн жарымы – тогуз төөнү улуу окуучу алат. Экинчи окуучу үчтөн бир бөлүгүн – алты төөнү алат. Ал эми үчүнчү окуучу тогуздан бир бөлүгүн – эки төөнү алат. Мына он жети төө бөлүндү. Бир төө калат, ал менин төөм, аны мен кайрадан өзүм алам,– деп айтыптыр.

Ошентип окуучулар кайрадан өзүнө мугалим таап алышыптыр.

**чечим** – решение
**кошуу** – добавить
**кайрадан** – вновь
**таап алуу** – найти

1) Акылман карыянын чечими кандай экен?
2) Силер да ушинтип чыгардыңарбы? Эмне үчүн?
3) Тамсилдин мааниси эмнеде?
4) Акылман мугалим өз окуучуларына эмне каалаптыр?
5) Силер мугалимдердин айткандарын дароо түшүнөсүңөрбү же кээде убакыт керекпи? Эмне үчүн?

**19.** Акылман мугалимдер жөнүндө кандай макалдарды билесиңер? Эсиңерге салып, алардын мааниси жөнүндө айтып бергиле.

**20.** Макалды окуп, түшүнгөнүңөр боюнча эссе жазгыла.

Акылман мугалим чындыкты табууну үйрөтөт.

**чындык** – истина
**начар** – плохой
**табуу** – находить

**21.** Классташтарыңардын билимин баалаш үчүн 1 сүйлөмдү тандагыла.

Сен азаматсың.
Сен сабакта мыкты иштедиң.
Сен мындан дагы жакшы иштесең болмок.

# 4-сабак

## Өзүңөрдү текшергиле

## Соода-сатык

**1.** Сөздөрдүн котормосун жебе менен туура көрсөткүлө.

| | |
|---|---|
| момпосуй | рыба |
| май | конфета |
| бал | масло |
| балык | мёд |
| кант | продукты |
| азык-түлүк | обслуживание |
| кийим-кече | одежда |
| үй эмеректер | сахар |
| тейлөө | мебель |
| мөмө-жемиш | виноград |
| жемиштер | открытие |
| жашылчалар | ткань |
| жүзүм | овощи |
| кездеме | шёлк |
| жибек | верблюд |
| ачылыш | фрукты |
| төө | ягода |

**2.** Берилген сөздөр менен сөз айкаштарын түзгүлө.

кымбат, ..., ... → буюмдар | ..., ..., ... → кийим | ..., ..., ... → жашылча

**3.** Сүйлөмдөрдү мааниси боюнча толуктап жазгыла.

Азык-түлүк дүкөнүндө ... сатылат.
Кийим-кече дүкөнүндө ... бар.
Үй эмеректер дүкөнүнөн ... тапса болот.
Айыл-чарба буюмдары дүкөнү ... жайгашкан.
Турмуш-тиричилик буюмдары дүкөнүндө ... бар.

**4.** Табышмактарда эмнелер жөнүндө айтылып жатат? Алар кайда сатылат?

Токсон катар тону бар,
Тоголок келген бою бар.

Башы күндү ээрчиме,
Түшүмүн багат бетине.

**5.** Дүкөн менен базарды салыштыргыла.

| Дүкөн | Окшоштуктары | Базар |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**6.** Базар жөнүндө айтып берүү үчүн кандай сөздөр керек? Таяныч сөздөрдү колдонуп, чакан аңгеме жазгыла.

*Колдонулуучу сөздөр:* соода, жашылча, жемиштер, сатуучу, шабдалы, алма, банан, көл, тоо, кийим-кече, дарбыз, окуучу, мектеп, китеп, жүзүм.


Текстти түзүүдө төмөнкү баалоо критерийлерин пайдалангыла

1) Мазмуну так, толук ачылган.
2) Текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт.
3) Көлөмү 5–7 сүйлөмдөн ашпаган.

**7.** Текстти окуп, аталган витаминдер кайсы жемиштерде, азыктарда көп болорун айтып бергиле.

**«С»** витамини көбүнчө карагатта, калемпирде, капустада, помидордо, лимондо, апельсинде, пиязда, сарымсакта болот. **«А»** витамини сабизде, өрүктө, помидордо көп болот. Ошондой эле бул витамин балыктын майында, каймак майда, сүттө, боордо, бөйрөктө көп кездешет. Ал эми **«Д»** витамини балыктын майында, жумуртканын сарысында көп. Бул витамин күндүн ультра кызгылт нурларынын жардамы менен адамдын терисинде пайда болот.

**8.** Улуу Жибек жолу жөнүндө кластерди толтургула.



**9**. Сүйлөшүүнү өз алдыңарча уланткыла.

– Улуу Жибек жолу качан пайда болгон?
– ...
– Ал кайсы өлкөлөрдөн өткөн?
– ...

**10**. Кырдаалды окуп, диалог түзгүлө.

1) Силер дүкөндөн келе жаткан досуңарга жолуктуңар. Ал эмне сатып алганы жөнүндө сурагыла.

2) Улуу Жибек жолунун тарыхы жөнүндө чет өлкөдөн келген досуңарга кыскача айтып бергиле.

# КЫЗЫГУУЛАР

## 1-сабак

### Ким эмнеге кызыгат?

**Грамматика:** Этиштин жактарын, чактарын кайталоо

**Лексика:** кызыгуу, атак-даңк, кийим токуу, чоподон карапа жасоо, балык уулоо, чогултуу, сайма саюу, атактуу, белгилүү, бак өстүрүү, музыка жазуу, ыр жазуу.

**Эсиңе тут!**

| Ким? Кимиси? | Эмнеге кызыгат? |
|---|---|
| Мен | китепке кызыгам. |
| Сен | музыкага кызыгасың. |
| Бөбөк | мультфильмге кызыгат. |
| Атасы | китепке кызыгат. |
| Апасы | киного кызыгат. |
| Уулу | волейболго кызыгат. |
| Кызы | сүрөт тартканга кызыгат. |
| Чоң атасы | маркаларга кызыгат. |
| Чоң апасы | кийим токууга кызыгат. |
| Балдар | оюнга кызыгышат. |
| Адамдар | жаңы маалыматка кызыгышат. |

Этиштер биринчи, экинчи, үчүнчү жак боюнча өзгөрөт. Этиштер өткөн чактагы, учур чактагы, келер чактагы кыймыл-аракеттерди билдирет.

**1.** Сүрөттөрдү карап, суроолорго жооп бергиле.

1) Сүрөттө кимдер тартылган?
2) Алар эмне кылып жатышат?
3) Алар эмнелерге кызыгышат?



**2.** Сөздүктү пайдаланып, жогорудагы сүрөттөрдү таблицадагы сүйлөмдөр менен дал келтирип жазгыла.

| Ким? Кимдер? | Эмне кылганды жакшы көрөт? Эмне кылганды жакшы көрүшөт? | Ал эмнеге кызыгат? Алар эмнеге кызыгышат? |
|---|---|---|
| Алёна | сүрөт тартканды жакшы көрөт. | Ал сүрөткө кызыгат. |
| Кыздар менен балдар | волейбол ойногонду жакшы көрүшөт. | Алар волейболго кызыгышат. |
| Атасы менен апасы | китеп окуганды жакшы көрүшөт. | Алар китеп окууга кызыгышат. |

| | | |
|---|---|---|
| Балдар | скейт тепкенди жакшы көрүшөт. | Алар скейтке кызыгышат. |
| Окуучулар | футбол ойногонду жакшы көрүшөт. | Алар футболго кызыгышат. |
| Руслан | пластилинден ар кандай оюнчуктарды жасаганды жакшы көрөт. | Ал оюнчук жасоого кызыгат. |
| Апасы | кийим токуганды жакшы көрөт. | Ал кийим токууга кызыгат. |
| Атасы | чоподон карапа жасаганды жакшы көрөт. | Ал чоподон карапа жасоого кызыгат. |

**кызыгуу** – интересоваться
**кийим токуганды жакшы көрөт** – любит вязать
**чоподон карапа жасаганды жакшы көрөт** – любит лепить из глины кувшины

**3.** Төмөнкү кызыгууларды топторго бөлгүлө, эмне үчүн ушундай бөлгөнүңөрдү түшүндүрүп бергиле.

Чоподон карапа жасоо, кийим токуу, китеп окуу, шахмат ойноо, волейбол ойноо, оюнчуктарды жасоо, сүрөт тартуу, музыка угуу, кино көрүү, скейт тебүү, марка чогултуу, футбол ойноо, балык уулоо, бий бийлөө, компьютердик оюндарды ойноо.

**чопо** – глина
**карапа** – горшок
**балык уулоо** – ловить рыбу, рыбалка

| Спорт менен байланыш-кан кызыгуулар | Искусство менен байланышкан кызыгуулар | Кол эмгеги менен байланышкан кызыгуулар | Интеллектуалдык кызыгуулар | Чогултуу |
|---|---|---|---|---|
| ... | ... | ... | ... | ... |

**4.** Текстти окуп, тексттин ар бир бөлүгүнө суроолорду түзүп, суроолорго жооп бергиле.

## Белгилүү адамдар жана алардын кызыгуулары

I

Белгилүү адамдардын көбүнүн кызыгуулары бар экен. Мисалы, атактуу хирург Николай Васильевич Склифосовский бак өстүргөндү жакшы көрчү. Ал алма менен алмуруттун жаңы

сортун чыгарыптыр. Ал эми белгилүү дарыгер Сергей Петрович Боткин виолончелде ойногонду жакшы көрчү. Ал 50 жашка чейин музыкага үйрөнүптүр.

**атактуу** – знаменитый
**бак өстүргөн** – садоводство
**музыкага үйрөнүптүр** – обучался музыке

*1-тыным*

Атактуу хирург эмне кылганды жакшы көрчү экен?

II

Кээ бир белгилүү адамдар кызыгуулары менен атак-даңкка ээ болушкан. Мисалы, таланттуу дарыгер Владимир Иванович Даль орус сөздөрүн, макалдарын чогултуп сөздүк чыгарган. Ал дүйнөгө ошол сөздүгү менен белгилүү болгон. Ал эми «Князь Игорь» операсына музыка жазган Александр Порфирьевич Бородиндин кесиби химик болчу экен.

**атак-даңкка ээ болушкан** – стали знамениты, прославились

*2-тыным*

- Суроолорду түзгүлө.

III

Кээ бир адамдардын кызыгуусу кесипке айланыптыр. Улуу композитор Вольфганг Амадей Моцарт үч жашынан музыканы жакшы көрчү экен. Ал эми белгилүү математик Софья Ковалевская бала чагынан эле формула менен сандарга кызыккан. Падыша Петр I нумизмат болуптур. Ал абдан көп моneталарды чогулткан. Швециянын королу Густав V сайма сайганды жакшы көрчү экен. Арнольд Шварценеггер Hammer маркасындагы кичинекей машинелерди чогултканды жакшы көрөт.

**сайма сайганды жакшы көрчү** – любил вышивать
**монеталарды чогулткан** – собирал монеты

- Суроолорду түзгүлө.

**5.** Туура, катасын аныктагыла. ✓ – туура, X – ката.

| | туура | ката |
|---|---|---|
| Атактуу хирург Николай Васильевич Склифосовский шахмат ойногонду жакшы көрчү. | | |

| | | |
|---|---|---|
| Белгилүү дарыгер Сергей Петрович Боткин виолончелде ойногонду жакшы көрчү. | | |
| Владимир Иванович Даль орус сөздөрүн, макалдарын чогултканды жакшы көрчү. | | |
| Ал эми «Князь Игорь» операсына музыка жазган Александр Порфирьевич Бородиндин кесиби физик экен. | | |
| Улуу композитор Вольфганг Амадей Моцарт үч жашынан музыканы жакшы көрчү экен. | | |
| Падыша Петр I абдан көп маркаларды чогулткан. | | |
| Арнольд Шварценеггер сайма сайганды жакшы көрчү экен. | | |

**6.** Текст боюнча үлгүгө таянып, төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

**Үлгү:** *Николай Васильевич Склифосовский бак өстүрүүгө кызыккан экен. Анын кызыгуусу кесиби менен байланышкан эмес.*

Сергей Петрович Боткин…
Владимир Иванович Даль…
Александр Порфирьевич Бородин…
Вольфганг Амадей Моцарт…
Софья Ковалевская…
Падыша Пётр I…
Швециянын королу Густав V…
Арнольд Шварценеггер…

**7.** Силердин кызыгууларыңар кайсы кесип менен байланышкан деп ойлойсуңар? Таблицаны толтургула. Жалпы класска өз кызыгууларыңар жөнүндө айтып бергиле.

| Ким эмне кылганды жакшы көрөт? | Ким эмнеге кызыгат? | Кайсы кесип менен байланышкан? |
|---|---|---|
| Мен шахмат ойногонду жакшы көрөм. | Мен шахмат оюнуна кызыгам. | Шахмат оюну ... кесиби менен байланышкан. |
| Мен музыка укканды жакшы көрөм. | Мен музыкага кызыгам. | Музыка ... кесиби менен байланышкан. |

# 2-сабак

## Ким эмнеге кызыгат?

**Грамматика:** Этиштин чактарын, жактарын кайталоо
**Лексика:** чогулт-, кызыктуу, кызыгат, кызыгуу, ар түрдүү, жакшы көрөт пайдалуу.

**8.** Кээ бир адамдар бир нерселерди чогултканды жакшы көрүшөт. Жуптарда иштеп, бири-бириңер менен эмнелерди чогутканды жакшы көргөнүңөр жөнүндө сүйлөшкүлө.

**Үлгү:** *Мен маркаларды чогултканды жакшы көрөм. Мен маркаларга кызыгам, а сенчи?*

**9.** «Коллекционер» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр? Жупта талкуулагыла.

**10.** Текстти окуп, ат койгула. Текстте баяндалган кызыгуулар менен силердин кызыгууларыңар дал келеби?

Балдар, кызыгуулар дүйнөсү ар түрдүү. Ал кызыктуу жана пайдалуу.

Мисалы, бир нерселерди чогултуу. Мындай адамды коллекционер деп аташат. Маркаларды чогултканды жакшы көргөн адамдар – филателисттер. Ширеңкенин кутучасын чогултканды жакшы көргөн адамдар – филуменисттер. Открыткаларды чогултканды жакшы көргөн адамдар – филокартисттер. Монеталарды чогултканды жакшы көргөн адамдар – нумизматтар. Календарларды чогултканды жакшы көргөн адамдар – филотаймисттер. Ал эми китептерди чогултканды жакшы көргөн адамдар – букинисттер.

**чогултуу** – коллекционировать
**ширеңкенин кутучасы** – коробка спичек
**деп аташат** – так называют

**11.** Сүйлөмдөрдүн «туура» же «ката» экенин аныктагыла. ✓ – туура, X – ката.

| | туура | ката |
|---|---|---|
| Кызыгуулар дүйнөсү кызыктуу жана пайдалуу | | |
| Бир нерселерди чогултпаган адамдарды коллекционер деп аташат. | | |

| | | |
|---|---|---|
| Китептерди чогултканды жакшы көргөн адамдар – нумизматтар. | | |
| Открыткаларды чогултканды жакшы көргөн адамдар – филокартисттер. | | |
| Ширеңкенин кутучасын чогултканды жакшы көргөн адамдар – филуменисттер. | | |

**12.** Классташтарыңардын кызыгуусун аныктап таблицаны толтургула.

| Окуучунун аты | Ал эмнени чогултканды жакшы көрөт? | Эмне үчүн? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**13.** Өтүлгөн тема боюнча суроолорго жооп бергиле.

| | |
|---|---|
| Тема кызыктуу болдубу? Эмне үчүн? | |
| Кайсы маалымат баалуу болду? | |
| Кандай суроолор пайда болду? | |
| Тема боюнча дагы эмнени билгиң келет? | |

## 3-сабак

## Таланттуу адамдар силердей кезинде...

**Грамматика:** Сын атоочтун даражаларын кайталоо

**Лексика:** бала чак, жаш, таланттуу, ырлар жыйнагы, сапат, сынчы, жаратуу, белгилүү, абдан жогору.

### Эсиңе тут!

| | | |
|---|---|---|
| жаш | жашыраак | өтө жаш |
| таланттуу | таланттуураак | абдан таланттуу |
| жогору | жогорураак | абдан жогору |
| сапаттуу | сапаттуураак | жогору сапаттуу |

**14.** Сүйлөмдөрдү мааниси боюнча толуктап жазгыла.

Атай Өмүрзаков ... жакшы көрөт. Гүлнур Сатылганова ... жакшы көрөт. Эрнест Абдыжапаров ... жакшы көрөт. Чыңгыз Айтматов ... жакшы көрчү. Николай Васильевич Склифосовский ... жакшы көрчү. Белгилүү дарыгер Сергей Петрович Боткин ... жакшы көрчү. Мен ... жакшы көрөм. Мен ... кызыгам, анткени .... Мен ... кызыгам, бирок... .

*Колдонулуучу сөздөр:* бак өстүргөндү, виолончелде ойногонду, чыгарма жазганды, ыр ырдаганды, бий бийлегенди, кинофильм тартканды.

**15.** Сүрөттөрдү карагыла. Бул Кыргызстанда жашаган Медер Келдеевдин чыгармачылыгы. Ал эмнеге кызыгат деп ойлойсуңар?



**16.** Сөз айкаштарды окугула. Жупта ой бөлүшкүлө.

Ар бир деталь сүрөтчүнүн өзгөчө маанайын көрсөтүп турат. Бала чагынан сүрөт тартканды жакшы көрчү.

**17.** Текстти окугула. Медер Келдеев жөнүндө эмнелерди билдиңер?

Бир карасаң, белгилүү актёрлор менен ырчылардын сүрөттөрү жөн эле түстүү эмес, фотосүрөттөргө окшош. Чындыгында бул сүрөттөр калем менен тартылган портреттер, анда ар бир деталь сүрөтчүнүн өзгөчө маанайын көрсөтүп турат.

**түстүү эмес фотосүрөт** – чёрно-белая фотография
**өзгөчө маанай** – особенное настроение



Медер Келдеев – талантуу сүрөтчү. Ал жүзгө жакын портрет тартты. Медер Уилл Смит, Жеки Чан, Арнольд Шварценеггер, Майк Тайсон жана Чак Норристин портреттерин жаратты.

**бүтүрүүчү** – выпускник
**портрет жаратты** – написал портрет
**татаал болсо да** – даже если сложно



Кыргызстандын белгилүү адамдарынын да портретин тарткан. Алар Саякбай Каралаев, Сүймөнкул Чокморов, Таттыбүбү Турсунбаева, Мирбек Атабеков, Гүлнур Сатылганова, Эрнест Абдыжапаров, ошондой эле Чыңгыз Айтматовдун 3D портретин да тарткан. Медер бала чагынан эле сүрөт тартууга өтө кызыккан. Татаал болсо да, ага 3D сүрөттөрдү тартуу өзгөчө жагат.

*«Слово Кыргызстана» гезитинин материалдары боюнча*

- Төмөнкүлөр чынбы? Ойлонуп, жооп бергиле.

Медер Келдеев – Кыргыз мамлекеттик архитектура жана куруулуш университетинин бүтүрүүчүсү.
Медер жаш жана талантуу сүрөтчү.
Анын сүрөттөрү абдан аз.
Медер чет өлкөлүк белгилүү адамдардын портретин тартат.
Ал кыргызстандык белгилүү адамдардын портретин тартпайт.
Медер бала чагынан сүрөт тартканды жакшы көрөт.
3D портретин тартуу оңой.

**18.** Медер эмнеге кызыгат? Эми билдиңерби? Айтып бергиле.

| Ким? | Эмне кылганды жакшы көрөт? | Эмнеге кызыгат? | Өзгөчө эмнеге кызыгат? | Кандай портретти тартуу татаал? Эмне үчүн? |
|---|---|---|---|---|
| ... | ... | ... | ... | ... |

**19.** Төмөнкү үлгүнү пайдаланып, «Менин кызыгуум» деген темада эссе жазып келгиле.

Мен ... жакшы көрөм.
Мен ... кызыгам, анткени ... .
Менин үй-бүлөм ... жакшы көрөт, анткени ... .
Менин досторум ... жакшы көрүшөт.
Алар ... кызыгышат.
Менин кызыгуум ... кесиби менен байланыштуу.
Менин досторумдун кызыгуусу ... кесиби менен байланыштуу.

## 4-сабак

## Таланттуу адамдар силердей кезинде

**Грамматика:** Сын атоочтун даражаларын кайталоо
**Лексика:** өмүр, ыр, чыгарма, жыйнак, котормо, баала-, музыка ук-.

**20.** Сүрөттү карагыла, бул кимдин сүрөтү? Ал эмне кылып жатат?



**21.** Текстти окуп, ар бир тынымдан кийин суроолорго жооп бергиле.

## Алыкул Осмонов
## (1915–1950)

### I

Акын Алыкул Осмонов ата-энесинен эрте ажырап, балдар үйүндө тарбияланган. Ал узак өмүр сүргөн жок, бирок көптөгөн ырларды жана драмалык чыгармаларды жараткан. Анын көптөгөн ыр жыйнактары бар. Акын котормочулукка да кызыккан. Ал А. Пушкиндин, У. Шекспирдин, И. Крыловдун, Ш. Руставелинин чыгармаларын кыргыз тилине которгон. Сынчылар ал котормолордун сапатын абдан жогору баалашат.

**ата-энесинен эрте ажырап** – рано лишившись родителей
**балдар үйү** – детский дом (дом, где воспитываются дети-сироты)
**ырлар жыйнагы** – сборник стихов
**котормочулукка кызыгуу** – увлекаться переводом
**сапат** – качество

*1-тыным*

1) Акын канча жыл жашаптыр?
2) Ал кандай чыгармаларды жаратыптыр?
3) А. Осмонов кимдердин чыгармаларын кыргыз тилине которгон?
4) Которулган чыгармалардын сапаты кандай экен?
5) Силер канча тилди билесиңер?
6) Котормочулар деген кимдер? Алар эмне кылышат?

### II

Алыкул Осмоновдун чыгармаларын белгилүү акындар орус тилине которушкан. Алар: А. Вознесенский, Е. Долматовский, В. Шаповалов, Н. Чуковский, М. Синельников, В. Цыбин жана башкалар. Акын өмүрүнүн акыркы жылдарында абдан катуу ооруса да, жашоону даңазалаган ырларды жараткан. Акын ырларды гана жазганды жакшы көрбөстөн, музыкага да кызыккан.

**абдан катуу ооруса да** – несмотря на тяжёлую болезнь
**жашоону даңазалаган** – прославляющий жизнь
**өмүрүнүн акыркы жылдарында** – в последние годы жизни

*2-тыным*

1) Кайсы акындар Алыкул Осмоновдун чыгармаларын которушкан?
2) Акын жашоону даңазалаган ырларын качан жазган? Эмне үчүн?
3) Акын эмнеге кызыккан?
4) Силер музыканы жакшы көрөсүңөрбү? Эмне үчүн?

**22.** Таблицанын экинчи бөлүгүндөгү маалыматты пайдаланып, таблицанын биринчи бөлүгүндөгү сүйлөмдөрдү мааниси боюнча толуктап жазгыла.

| | | |
|---|---|---|
| Акын А. Осмонов ... балдар үйүндө тарбияланган. | | музыкага да |
| Ал узак өмүр сүргөн жок, бирок ... жараткан. | | абдан катуу ооруса да |
| Ал ... чыгармаларын кыргыз тилине которгон. | | ата-энесинен эрте ажырап |
| Сынчылар ... абдан жогору деп баалашат. | | көптөгөн ырлар жыйнагын жана драмалык чыгармаларды |
| Алыкул Осмоновдун чыгармаларын ... орус тилине которушкан. | | А. Пушкиндин, У. Шекспирдин, И. Крыловдун, Ш. Руставелинин |
| Акын өмүрүнүн акыркы жылдарында ..., жашоону даңазалаган ырларды жазган. | | ал котормолордун сапаты |
| Акын ырларды гана жазганды жакшы көрбөстөн,... кызыкчу. | | белгилүү акындар |

**23.** А. Осмоновдун музыка жөнүндөгү ырын уккула, акын музыканы эмнеге салыштырып жатат?

## Музыка

Мен суу ичпейм, таңдай катып турганда,
Мен нан жебейм, алдан тайып курганда.
Музыкадай мага таттуу суусун жок,

Берчи мага,
Берчи мага,
Жарым кашык музыка!

Мен ыйлабайм, капа тартып турганда,
Мен кубанбайм, бак-дөөлөткө тунганда.
Дарым ушул – кайгы жана шаттыкта,
Берчи мага,
Берчи мага,
Жарым ууртам музыка!

Эмнелер жок, бул дүйнөдө, жарыкта,
Не бир сонун... не бир кымбат асыл баа.
Мен кетерде ошончонун ичинен,
Сагынарым,
Эң аярым,
Эң кымбатым – музыка!

**таңдай катып турганда** – когда меня мучает жажда
**алдан тайып курганда** – когда теряю силы от голода
**өнүгүүгө пайдалуу** – полезно для развития
**суусун** – напиток
**бак-дөөлөткө тунганда** – когда я счастлив
**не бир кымбат асыл баа** – сколько много в мире прекрасного

**24.** Акын музыканы абдан жакшы көрчү экен, силер музыкага кызыгасыңарбы? Жупта сүйлөшүп, ким кайсы музыкага кызыгарын аныктагыла.

**25.** Үлгүнү пайдаланып, презентация даярдап келгиле.

**Үлгү:** *Мен рок музыканы укканды жакшы көрөм. Себеби ...*

## 5-сабак

## Каникулда эмне кылгыңар келет?

**Грамматика:** Сан атоочтун түрлөрүн кайталоо
**Лексика:** кийим токуу, курак, бош убакыт, зеригүү, кыйналуу, көтөрүңкү маанай, байкоо.

## Эсиңе тут!

| Эсептик сан атооч + -оо | Жамдама сан атоочтор |
|---|---|
| бир | бир**өө** |
| эки | эк**өө** |
| үч | үч**өө** |
| төрт } + **-оо** | төрт**өө** |
| беш | беш**өө** |
| алты | алт**оо** |
| жети | жет**өө** |

**26.** Эсептик жана жамдама сан атоочторду туура колдонуп, сүйлөмдү толуктап жазгыла.

Биздин үй-бүлөбүздө адамдардын саны … . Биздин үй-бүлө … адамдан турат. Эжем … сууга түшүп, күнгө күйдүк. … кыз көлгө барышты, сууга түшүштү, күнгө күйүштү. Кечинде … китеп окуй баштаса, … шахмат ойнойт. Жээкке барып, … абдан көңүлдүү эс ала баштадык.

*Колдонулуучу сөздөр:* эки, экөөбүз, төрт, төртөөбүз, төртөө, бирөө, экөө.

**27.** 1 мүнөттүн ичинде каникулда эмнеге кызыкканыңар жөнүндө кыскача текст жазгыла.

**Үлгү:** *Мен каникулда ... кызыгам.*

**28.** Кичи топтордо кеңешип сүрөттөрдөгү кырдаалды байланыштырып, чакан аңгеме түзгүлө.






**29.** Ар бир адамдын кызыккан нерсеси болуш керекпи? Үлгүгө таянып, өз алдыңарча суроого жазуу түрүндө жооп бергиле.

**Үлгү:** *Ар бир адамдын сөзсүз кызыгуусу болуш керек, анткени ... .*

*Ар бир адамдын сөзсүз түрдө кызыгуусу болбош керек, анткени ... .*

**30.** Жоопторуңарды жупта талкуулагыла. Ким кандай ойлойт? Эмне үчүн?

**31.** «Ооба» «жок» деген позициялардын бирин тандап, ар бириңер өз алдынча пикир жазгыла.

| Ооба | Жок |
|---|---|
| 1. ...<br>2. ...<br>3. ... | 1. ...<br>2. ...<br>3. ... |

**32.** Канча окуучу «ооба» деген, ал эми канча окуучу «жок» деген позицияны ээледи? Эмне үчүн? Жазгыла.

| Окуучулардын аты | Ээлеген позициясы «ооба» же «жок» | Эмне үчүн? |
|---|---|---|
| Жалпы | Канча «ооба»<br>Канча «жок» | Көпчүлүк окуучуларга тиешелүү |

## 6-сабак

## Каникулда эмне кылгыңар келет?

**Грамматика:** Сан атоочтун түрлөрүн кайталоо

**Лексика:** ыңгайлуу, жайгаш-, жээк, жакын, маанай, зерикти, ээрчи-, сызгыч, желим, кагаздан жаса-.

**33.** Текстти угуп, анын темасын аныктагыла, ар бир тынымдан кийин суроолорго жооп берип, тапшырмаларды аткаргыла.

I

Жайкы каникулда биз үй-бүлөбүз менен Ысык-Көлдө эс алдык. Биздин үй-бүлө төрт адамдан турат, алар: атам, апам, эжем жана мен. Менин атым Руслан. Биз көлдүн жээгинде кичинекей,

ыңгайлуу үйгө жайгаштык. Биз жашаган үй жээкке жакын экен. Аба ырайы жылуу, суудан чыккың келбейт. Баары сонун, бирок менин маанайым көтөрүңкү болгон жок.

ӨҮН **көтөрүңкү маанай** – хорошее настроение

*1-тыным*

1) Үй-бүлө эс алууга каякка барды?
2) Алар кандай үйдө жашай башташты?
3) Аба ырайы, суу кандай экен?
4) Кандай ойлойсуңар, эмне үчүн Русландын маанайы көтөрүңкү эмес?
5) Мындан ары эмне болот?

## II

Эс алуу күнүбүз төмөнкүдөй: эртең менен туруп, тамактанган соң сууга түшөбүз, эс алабыз. Анан түшкү тамактануудан саат бешке чейинки убакытты төртөөбүз өз алдыбызча пайдаланабыз. Ал кезде атам китеп окуй баштайт, анткени ал китептерге абдан кызыгат. Апам ар кандай кийимдерди токуганды жакшы көрөт. Ал тор кийим токуп, бош убактысын өткөрөт. Эжем шахмат ойногонду абдан жакшы көрөт, ошондуктан ал шахмат клубуна жазылды.

*2-тыным*

- Текстке таянып, төмөнкү суроолорго жооп бергиле. Бош убактысын ким кандай өткөрдү? Эмне үчүн?

Атасы … . Себеби …
Апасы … . Себеби …
Эжеси … . Анткени …
Руслан … . Анткени …

## III

Биздин үй-бүлөдө үчөөнүн тең кызыгуулары бар экен. Мен гана эмне кылуу керектигин билбей кыйналдым. Маанайым чөгүп, зериктим. Анан көлдүн жээгин көпкө кыдырып жүрдүм. Бир кезде менин курагымдагы балдар бир жакка топтошуп бара жатканын байкадым. Мен дагы аларды ээрчип бастым.

ӨҮН **кыйналдым** – мучился
**курак** – возраст
**ээрчип басуу** – пойти
**зериктим** – скучал
**байкадым** – заметил

*3-тыным*

1) Эмне үчүн Руслан зерикти?
2) Ал эмне үчүн компьютердик оюндарды ойногон жок?
3) Анын курагындагы балдар каякка барышты деп ойлойсуңар, божомолдогула.
4) Мындан ары эмне болот?

IV

Балдар кичинекей бир жарык бөлмөгө киришти. Бөлмөнүн ортосунда чоң стол бар экен. Столдун үстүндө ар кандай боёктор, түстүү кагаздар, кайчы, сызгыч, желим жатыптыр. Балдар буларды эмне кылат болду экен деп таң калдым. Аңгыча бир жаш агай менен эже кирип келишти да:

– Келгиле балдар, бүгүн кагаздан мышык жасайбыз,– дешти.

Балдар сүйүнүп:

– Ооба, келгиле, мышык жасайбыз,– деп жооп беришти.

ӨҮН **мен таң калдым** – я удивился

*4-тыным*

1) Руслан кайсы жерге келди деп ойлойсуңар?
2) Ал жерде балдар эмнеге кызыгышат?
3) Руслан да эми кызыгабы?
4) Мындан ары эмне болот?

Агай менен эже экөө кагаздан мышык жасаганды үйрөтө башташты. Мени да чакырышып:

– Столго отур, сен да үйрөнсөң болот,– дешти. Ошентип үйрөнө баштадык.

*5-тыным*


- Кагаздан мышык жасайбыз.

1) Түстүү кагазды 4 бурчтуу кылып кыркып алабыз. Бири-бирине карама-каршы турган эки учун бириктирип бүктөп, кайра жазабыз (1-сүрөт);

2) Калган эки учун бириктирип бүктөйбүз (2-сүрөт);

3) 3- жана 4-сүрөттөгүдөй кылып мышыктын кулактарын бүктөп алабыз (3–4-сүрөт);

4) Эми мышыктын башы болсун үчүн эки кулактын ортосун бүктөп коёбуз (5-сүрөт);




5) Бетине калем менен көзүн, оозун, муруттарын тартып коёбуз (6-сүрөт). Мына эми мышыгыбыз даяр!

IV

Мен дагы балдар менен кошо мышык жасадым. Менин мышыгым бардык балдарга, эжеге, агайга жакты. Мышыгымды алып, атама, апама, эжеме көрсөттүм. Аларга да жакты. Менин маанайым көтөрүлдү. Жээкке барып, төртөөбүз тең абдан көңүлдүү эс алдык.

*5-тыным*

1) Руслан кимдерди ээрчип басты? Эмне үчүн?
2) Алар эмне кылганды жакшы көрүшөт экен?
3) Русландын маанайы эмне үчүн көтөрүңкү болду?
4) Кандай ойлойсуңар, эс алууга бара жатканда бош убакытта эмне кылам деп пландаштыруу керекпи? Эмне үчүн?

5) Силер эс алууну кандайча пландаштырасыңар?
6) Эс алуу учурунда кайсы кызыгууларга убакыт бөлөсүңөр?

**34.** Сүйлөмдөрдүн туура же ката экенин аныктагыла. ✓ – туура, X – ката.

| Жайкы каникулда биздин үй-бүлө, төртөөбүз тең Ысык-Көлдө эс алдык. | туура | ката |
|---|---|---|
| Биз көлдүн жээгинде чоң, ыңгайлуу эмес үйгө жайгаштык. | | |
| Баары сонун, бирок менин маанайым көтөрүңкү болгон жок. | | |
| Анан түшкү тамактануудан саат бешке чейин бош убакыт болду. | | |
| Бош убакытта апам ар кандай китептерди окуй баштады, анткени ал китептерге абдан кызыгат. | | |
| Атам ар кандай кийимдерди токуганды жакшы көрөт. | | |
| Эжем теннис ойногонду абдан жакшы көрөт, ошондуктан ал теннис клубуна жазылды. | | |
| Руслан кагаздан мышыкты жасаганды үйрөндү. | | |

**35.** Жогорудагы текстти колдонуп, ата-энеңердин, бир туугандарыңардын жана өзүңөрдүн эс алуу учурундагы кызыгууларыңар жөнүндө жазып келгиле.

- Текстти түзүүдө төмөнкү баалоо критерийлерине таянгыла.

1) Мазмуну так, толук ачылган.
2) Текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт.
3) Көлөмү 5–7 сүйлөмдөн ашпаган.

**36.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| **Тема боюнча эмнелерди билдим?** | **Тема боюнча эмнелерди аткара алам?** | **Мага эмне түшүнүксүз болду?** |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

# 7-сабак

## Өзүңөрдү текшергиле

### Кызыгуулар

**1.** Сөздөрдүн котормосун жебе менен туура көрсөткүлө.

| | |
|---|---|
| кийим токуу | удивиться |
| атактуу | возраст |
| багбанчылык | мучиться |
| музыкага үйрөнүү | скучать |
| сайма саюу | замечать |
| чогултуу | сборник стихов |
| ширеңкенин кутучасы | детский дом |
| түстүү эмес сүрөт | увлекаться переводом |
| өзгөчө маанай | качество |
| бүтүрүүчү | выпускник |
| портрет жаратуу | написать портрет |
| балдар үйү | чёрно-белая фотография |
| ырлар жыйнагы | особое настроение |
| котормочулукка кызыгуу | коллекционировать |
| сапат | коробка спичек |
| кыйналуу | вышивать |
| зеригүү | знаменитый |
| байкоо | садоводство |
| курак | обучаться музыке |
| таң калуу | вязать |

**2.** Берилген сөздөр менен сөз айкаштарын түзгүлө.

Курак, атак-даңк, сапат, атактуу, таң кал, маанай, бак өстүрүү, чогултуу, сүрөт.

**3.** Үлгүнү пайдаланып, үйдөгүлөрдүн, досторуңардын кызыгуулары жөнүндө жазгыла.

Менин … … кызыгат. Ал … жакшы көрөт.

**4.** Диалогду окуп, улантып жазгыла.

– Салам, Руслан!
– Салам, Асан, кандайсың?
– Ракмат, жакшы, өзүңчү?
– Жакшы, жаңы досторум жөнүндө айтып берейинби?
– Ооба, алар эмнеге кызыгышат экен?
– Оо, алар абдан кызыктуу балдар экен. Экөө тең ар кандай нерселерди чогултканды жакшы көрүшөт экен!
– Кызык, эмнелерди чогултушат болду экен?
– ...

**5.** Төмөнкү таблицаны маалыматтар менен толтургула.

| Белгилүү адамдардын аты-жөнү | Алар эмне кылганды жакшы көрүшөт? | Эмнеге кызыгышат? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**6.** Кырдаал боюнча диалог түзгүлө.

Сенин классыңа жаңы окуучу келди. Ал абдан кызыктуу бала экен. Ага өзүң эмнеге кызыкканың жөнүндө айтып бер. Анын кызыгуусу жөнүндө сура.

**7.** Классташтарыңардын кызыгуулары жөнүндө кластерди толтургула.



**8.** Сүрөттөр боюнча таяныч сөздөрдү пайдаланып, чакан аңгеме жазгыла.

### Силердин кызыгууларыңар










*Колдонулуучу сөздөр:* кызыгуу, бийлөө, оригами жасоо, сүрөт тартуу, сүрөткө тартуу, жакшы көрүү, кесип менен байланыштуу, сайма саюу, велосипед тебүү, шахмат ойногонду жактырат.

- Текстти түзүүдө төмөнкү баалоо критерийлерин пайдалангыла.

1) Мазмуну так, толук ачылган.

2) Текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт.

3) Көлөмү 5–7 сүйлөмдөн ашпаган.

**9.** Сүрөттөрдү карагыла, чогултуу деген кызыгуу жөнүндө эмнелерди билесиңер? Кыскача 5–6 сүйлөм жазгыла.





**10.** Төмөнкү кырдаалды сүрөттөп жазгыла. Эмне болуп жатат деп ойлойсуңар? Ушундай кырдаал силерде да болобу?



**11.** Сүрөттү карап, суроолорго жооп бергиле. Жоопторду чакан текстке айландырып, текстке тема койгула.



Кыз эмне кылып жатат?
Ал канча жашта?

Кыз китепти кайсы мезгилде окуп олтурат деп ойлойсуңар?
Ал эмнеге кызыгат?
Анын кызыгуусу пайдалуубу?
Ушул кызыгуусу кайсы кесип менен байланыштуу деп ойлойсуңар?
Силер акыркы айларда кайсы китептерди окудуңар?
Канча жашыңардан баштап китептерди окуй баштадыңар?
Кайсы авторлордун китептерин окудуңар? Эмне үчүн?
Китеп окуу адамдын өнүгүүсүнө жардам береби?

- Текстти түзүүдө төмөнкү баалоо критерийлерин пайдалангыла.

1) Мазмуну так, толук ачылган.
2) Текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт.
3) Көлөмү 5–7 сүйлөмдөн ашпаган.

## Класстан тышкаркы окуу үчүн материалдар

### Үч энем

Кучагында тынчтыктын,
Мээриминде төрөлдүм.
Үч энемдин алтындай
Мээримине бөлөндүм:
Мекен, мектеп, өз энем,
Бак-таалайга бөлөдүң.

*М. Абылкасымова*

**мээриминде** – сүйүүндө
**бөлөндүм** – курчалдым
**бак-таалайга** – бакытка

1) Бул ыр сага эмнеси менен жакты?
2) Эмне себептен Мекенди, мектепти энеге теңеп жатат?
3) Сенин дагы кандай оюң бар?

### Эненин жүгү

*(Аңгеме)*

Бир колуна бала, экинчи колуна баштык көтөргөн эне. Ал бир жагынан ыйлаган баласын сооротуп, бир жагынан оор баштыгын көтөрүп, аябай жүдөдү. Жардам сурагандай эки жагын каранды. Аны байкаган Дастан жардамга шашты.

– Саламатсызбы, эне! Баштыгыңызды бериңизчи, көтөрүшүп алайын,– деди.

Аны көрүп, сүйүнүп кеткен эне ыраазычылык билдирип, минтти:

– Ой, азамат! Улууларга жардам берген кичи пейил, жакшы бала турбайсыңбы! Бир жагынан балам ыйласа, бир жагынан жүгүмдү көтөрө албай, аябай жүдөп турдум эле.

– О, энеке! Балаңыз менен бул баштыкты кантип көтөрүп келдиңиз? – деди Дастан баштыкты көтөрө албай кайкалап.

– Э, балам! Турмуш деген ушундай татаал тура! Кээде ушинтип баштыкты да, баланы да көтөрүүгө туура келет,– деди эне оор үшкүрүнүп.

*А. Кармышаков*

**баштык** – сумка
**сооротуп** – көңүлүмдү көтөрдү
**шашты** – тез басты
**ыраазычылык** – ыраазы
**жүк** – оордук
**үшкүрүнүп** – кайгырып

1) Дастан эмнени байкады?
2) Анын кылган иши сага жактыбы?
3) Сен Дастандын ордунда болсоң эмне кылат элең?

## Мен киммин?

Урпагымын кыргыздын,
Ала-Тоону жердеген.
Бабам – Манас айтылуу,
Жоого намыс бербеген.
Кыргызстан – ардактуу,
Менин Ата Мекеним.
Эне тилим – кыргыз тил,
Билем кымбат экенин.

*А. Кыдыров*

**урпагымын** – тукумумун
**жоого намыс бербеген** – душмандан жеңилбеген
**кымбат экенин** – баарынан бийик

1) Биз кимдин урпагыбыз?
2) Мекениңдин аты кандай?
3) Баарынан эмне бийик, эмне улук?

## Ааламга жол

Илим-билим өркүндөп,
Түшүнүктөр кеңейди.
Компьютердей акылдуу
Машинелер көбөйдү.

Артып адам өнөрү,
Укмуштарды жаратты.
Айга жеттик илимден,
Алып талбас канатты.

Азыр деле дүйнөнүн
Ачыла элек сыры көп,
Сан жылдызын жайнатып,
Кызыктырат бизди көк.

Өрчүп илим Марска да,
Бир күнү кадам ташталат.
Ааламга жол – дал ушул,
«Алиппеден» башталат.

*А. Кыдыров*

**илим** – билимдер системасы
**жаратты** – түздү
**кеңейди** – чоңойду
**өрчүп** – өнүктү

1) Ушул техникалардын баарын ким жаратты?
2) Ааламга жол «Алиппеден» башталат дегенди кандай түшүнөсүңөр?

## Мугалим

Окутуп көпту үйрөткөн,
Ойлонтуп көркөм сүйлөткөн,
«Адептүү бол» деп ар убак,
Айтканы кетпейт жүрөктөн.
Мугалим эжем ал менин,
Актасам деймин эмгегин.
Аябай акыл, кеңешин,
Айдаткан билим кемесин.
Көчөдө, бакта жүрсөк да,
Көрөбүз сүйкүм элесин.
Мугалим эжем ал менин,
Актасам деймин эмгегин.
Келечек күнгө үндөгөн,
Китеп жок өзү билбеген.
Айланып бүткүл жер жүзүн,
Келгендей түгөл сүйлөгөн.
Мугалим эжем ал менин,
Актасам деймин эмгегин.

*А. Кыдыров*

**актасам** – бааласам
**элесин** – келбетин
**түгөл** – толук
**үндөгөн** – тарбиялаган

1) Ырды көркөм окуп, жаттап алгыла.
2) Жакшы көргөн мугалимиңер жөнүндө айтып бергиле?
3) Чоңойгондо мугалимдин эмгегин кантип актаар элем деп ойлойсуңарбы?

## Китептин душманы

Ырайымы болбосо,
Сүрөттөрүн уурдаса,
Уурдап көнгөн колдорчо
Ал – китептин душманы.

Бардыгынан ким жаман?
Китеп жырткан шум жаман.
Китепти сүйгөн балдардан
Наалат алсын ал адам.
Ким китептин душманы?

*А. Осмонов*

**ырайымы** – жакшылыгы
**уурдап жүргөн колдорчо** – уурдаган кишинин колу
**шум** – шок
**наалат** – жаман сөз

1) Китептин душманы кимдер болот?
2) Китепти кандай күтүү керек?

## 8-март

8-март майрам,
Бизге дагы шат майрам.
Байчечекей табабыз,
Апабызга капкайдан.
Текке кетпейт камыбыз.
Жыргайт чалкып жаныбыз.
Апамдыкы деп коюп,
Майрамдайбыз баарыбыз.

*А. Кыдыров*

**шат** – көңүлдүү
**капкайдан** – алыс жер болсо дагы
**текке** – жөн эле
**чалкып** – жыргап

1) 8-март кимдердин майрамы?
2) Бул майрамдын байчечекей менен кандай байланышы бар?
3) Эмне себептен баарыбыз майрамдайбыз?

## Ойго алгыла

«Папа» десе атаны,
«Мама» десе апаны,
Ала-тоолук бала үчүн
Аябай чоң ката бу!

Шаарда, мейли айылда,
Андай балдар арбын да.
Байкашпайт го ошолор
Барын сөздө айырма.

«Папа», «Мама» – орусча,
«Ата», «Апа» – кыргызча.
Ойлонгула, бөбөктөр,
Силерге бул – бир нуска.

*Б. Асаналиев*

**Ала-Тоолук** – Ала-Тоону жердеген адамдар
**ката** – кемчилик, туура эмес
**айырма** – өзгөчөлүгү бар
**арбын** – көп
**нуска** – акыл, кеңеш

1) «Мама, папа» деген кайсыл тилде экен?
2) Кыргызча кандай болушу керек?
3) Силер ата-энеңерди кантип атайсыңар?
4) Мындан ары силер «ата, апа» деп айтасыңарбы?

## Ээрчип алат апасын

Көрсөң Гүлай оюнун,
Көп кызыкка батасың.
Кошо туруп иштешип,
Кубандырат апасын.

Шып көтөрүп колуна,
Гүлдүү жашыл чакасын,
– Мен музоосун саалмын,– деп,
Ээрчип алат апасын.

Таргыл уйду саайын деп,
Апасы кам урганда,
Ыргып турат Гүлай да,
Куру калбай мындан да.

Идиш турса, идиш жууйт,
Үй шыпырса, шыпырат.
Кечте тамак жасаса,
А да кошо бышырат.

*Б. Асаналиев*

**кызыкка батасың** – көрөсүң
**кам урганда** – даярданганда
**шып көтөрүп** – тез көтөрүп

1) Гүлай кандай кыз экен?
2) Апасына кантип жардам берет?
3) Силер ата-энеңерге жардам бересиңерби? Кантип?

## Апа

Апа бизди төрөгөн,
Ал – Күн
Тийген төбөдөн.
Ашкан камкор,
Боорукер,
Мээримине бөлөгөн.
Апабызды сүйөбүз!
Ал – теңдешсиз
Билебиз.
Кайгы-муңсуз эркелеп,
Каткырабыз,
Күлөбүз!
Апам бизди чоңойтот,
Күн-түн
Бешик терметип.
Актайбыз биз
Ак сүтүн,
Күчкө толсок
Эр жетип.

*Б. Асаналиев*

**төбөдөн** – өйдөдөн
**теңдешсиз** – эч нерсеге тең келбеген
**кайгы-муңсуз** – капасыз
**камкор** – дайыма кам көргөн
**эр жетип** – чоңоюп

1) Апа деген кандай? Оюңарды айтып бергиле.
2) Силер апаңарды эмнеге теңейсиңер?
3) Апаңардын силерге кылган эмгегин айтып бергиле.
4) Чоңойгондо апаңардын ак сүтүн кантип актайт элеңер?

## Сүрөтчү болдум

Бир күнү үйдө жалгыз калдым. Мен жаңы нерсени ойлоп табууну чечтим. Атамдын столундагы сүрөт тарткан гуашты колума алдым. «Дубалга сүрөт чаптагандан көрө, тартып койсо абдан сонун болот да»,– деп ойлодум да жайлоо, тоолор, кошунанын күчүгүн тарттым. Акыры гуаш түгөнүп калды.

Апам менен атам келгенде абдан сүйүнөт деп ойлоп, аларды күтө баштадым. Апам кирип келип, дубалдагы сүрөттөрүмдү көрдү да:

– Бул эмне? Муну ким тартты? Эмне кылганың бул? – деп жемелей баштады. Менин көзүмдүн жашы мөлтүлдөп:

– Мен тарткан жокмун,– дедим. Эми атамдын келишин күтүп, корко баштадым. Бир маалда атам келди.

Атам менен апам шыбырашып сүйлөшүп, менин жаныма келди.

– Ай-ийй, абдан кооз сүрөттөр турбайбы. Муну ким тарткан? Телибайым мындай тарта албайт. Сен эле тарткансың го, апасы? – деп апамды карады. Мен болсо чыдай албай:

– Ата, мен тарттым. Буларды мен тарткам! – деп кыйкырып жибергенимди өзүм да билбей калыпмын.

*«Кырчын» журналынан*

**жемелей** – уруша баштады
**көзүмдүн жашы мөлтүлдөп** – ыйлап
**шыбырашып** – акырын сүйлөшүп

1) Телибай үйдө ким менен калды эле?
2) Ал эмне кылууну чечти?
3) Апасына Телибайдын тарткан сүрөтү жактыбы?
4) Апасына чындыкты айттыбы?
5) Атасы Телибайды эмне кылды?
6) Телибайдай үйдүн дубалына сүрөт тарттыңар беле? Ата-энеңер жазалады беле?

## «Кол канатым» менин

Асылдын апасы ооруп калды. Атасы жумушта эле. Асыл «тез жардам» чакырды. Доктурлар тез эле келишти. «Дары ичип, жылууланыңыз» дешти доктурлар.

– Апа, мен төшөк салайын, жылуу жатыңыз,– деди Асыл.

– Кызым, сен төшөк сала албайсың го...

– Жок, апа, мен төшөк сала алам. Сиз дарыдан ичип, жылуу жатыңыз.

Асыл апасына төшөк салып берген соң, кандай тамак ичээрин сурады.

– Сен тамак жасай албайсың да,– деди апасы.

– Жасай алам.

– Эмне жасай аласың?

– Шорпо.

Ошентип Асыл апасына бат эле тамак жасап берди. Аны апасы ичип, тердеп, ыраазы болду.

– Колуңдан айланайын, менин кол канатым, кичинекей жардамчым, Асыл кызым,– деди апасы жарпы жазылып. – Сен чоңоюп калган турбайсыңбы?

– Ооруган жериңиз айыктыбы, апаке?.. – деди анда Асыл тамак ичип, көңүлү ачылып калган апасын көрүп сүйүнүп.

– Ооба, айыгып калдым, кагылайын!

Апасы жароокер кызын бооруна кысты.

*С. Рысбаев*

**куурма чай** – куурулган унга сүт кошуп жасалган чай
**ыраазы болду** – ракмат айтты
**кол канатым** – жардамчым
**жарпы жазылып** – көңүлү ачылып
**жароокер** – боорукер

1) Асылдын апасына эмне болду?
2) Асыл апасына эмне кылып берди?
3) Апасы Асылга ыраазы болуп эмне деп айтты?
4) Силер дагы апаңардын көңүлү чөккөндө жардам бересиңерби? Кантип?

## Инисине агасы

– Күндө эле ээрчип аласың,
Эми качан каласың?
Түшүнбөгөн айтканды
Деги кандай баласың?
– Сен кетесиң мектепке,
А мен үйдө ар дайым.

Тилиңди алып жүрөмүн,
Эртең үйдө калайын.
Бүгүн эле бир жолу
Китебиңди мектепке,
Көтөрүшүп барайын.

*Т. Кожомбердиев*

**ээрчип** – бирге басып
**тилиңди алып** – айткан сөзүнө көнүп

1) Бул ыр кимдер жөнүндө болуп жатат?
2) Силердин да ушундай бөбөгүңөр барбы?
3) Ал жардам берем деп китептериңерди көтөрүшөбү?
4) Силер ошондо кандай акыбалда болосуңар?
5) Силерге анын ушул кылган иши жагабы?

## Кара чыйырчык

Кара чыйырчык көрсөңөр,
Атпагыла жаа менен.
Тал башына коуздоп,
Үй салгыла кепкенен.

Эгинге зыян келтирген
Чегиртке менен кармашат.
Жазмыштын өжөр колунан
Адамдын багын талашат.

Чоңго айланат акыры,
Турмушта майда кырсыктар.
Майданын майда баатыры –
Биздин кара чыйырчыктар.

*А. Осмонов*

1) Бул ырлардагы канаттуулардын жашоосу менен таанышсыңарбы?
2) Эмне менен азыктанышат?
3) Алар кышында кайда кетишет?
4) Канаттууларды кантип коргоо керек? Аларды коргоого кандай жардам беришиңер керек?

## Кумурска

Салмагынан он эсе
Оор жүктү ташыган.
Ак эмгекке көндүргөн,
Ата-энеси жашынан.

Ичке белдүү кумурска
Ичкен ашын актаган,
Кампасына күн бою
Каттаганы – каттаган.

*Ж. Мамытов*

1) Кумурска жөнүндө эмнени билдиңер?
2) Алардын жашоо-турмушун билесиңерби? Ыр кызыктуу бекен?
3) Дагы кандай курт-кумурскаларды билесиңер? Алардын жашоосун айтып бергиле.

## Түшүп калыптыр

Күчүк эмен жалбырагын
Казга тиштеп барыптыр:
– Мобул сенин таманың го,
Жерге түшүп калыптыр.

*К. Жунушев*

## Жамгыр ыры

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Жумшарт эгин тамырын,
Кара көсөө көз ачпай,
Өлсүн каран калгырың.

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Гүлдөт шактын бардыгын.
Алма, өрүктү бүрдөтүп,
Текши мөмө алдыргын.

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Кызылчаны кандыргын.
Жаштайынан түйүлтүп,
Жанга кубат алдыргын.

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Жыргат элдин бардыгын.
Колу тарды март кылып,
Сандыктан нан алдыргын.

Чегирткени чертип өт,
Ташбаканы таптап өт,
Ударникти мактап өт,
Жалкоолорду каптап өт.

*А. Осмонов*

1) Булут, жамгыр булардын кандай байланышы бар?
2) Булар кантип пайда болот?
3) Билгендериңер жөнүндө айтып бергиле.
4) Жер, Ай жөнүндө эмне билесиңер?

## Пил

Африка, Индия –
Пил аттуунун мекени.
Белгисиз чыгар салмагы
Беш тоннага жетери.
Таң каласың пилдердин
Талыкпаган күчүнө.

Колго үйрөнүп ал бачым,
Кызмат кылат кишиге.

## Маймыл

Капаста маймыл олтурат,
Качпастан сенден чочулап.
Жакын барсаң жалооруп,
Жаңгак сурап кол сунат.
Орангутан, шимпанзе...
Санаса түрү бир нече.
Так ушундан адамдар
Тараган имиш бир кезде.

## Жираф

Кыргызча аты – акыра,
Эске түйүп алгыла!
Моюну узун – иче албайт,
Суу койсоңор алдына.
Биздеги уй, кой сыяктуу,
Бул дагы ача туяктуу.
Африка жеринен
Алган экен туракты.

*Б. Асаналиев*

**акыра** – жираф

1) Жогорудагы айбанаттарды кайдан жолуктурсак болот?
2) Алар кайсы өлкөлөрдө жашашат?
3) Айбанаттарды сүрөттөп бергиле.

## Эсеп сабагы

Кагаз, калем албай туруп
Эсептейли, табалы.
Бир дептерде 24 бет –
Анын канча барагы?

Беш козуга беш козуну
Кошо билет бүт баары.

Бирок анын канча болот
Кулактары, буттары?

Эгер болсо 50 тиши
Колуңдагы таракта,
5 таракта канча тиштин
Болоорун айт заматта.

Бир кутуда 12 түр
Фломастер салынган.
Үч кутуда канча болот?
Аны дагы тап ылдам.

Үч жуп түстүү үйлөмө шар
Бар болуучу Токондо.
Жарып алды бир даанасын,
Канча калат ошондо?

*Ж. Абдылдаев*

## Китеп окуган шамал

Данияр эмнегедир бир нерсе жасагысы келди. Колу бош. Убакыт деген толтура. Бирок эмне жасаса болот? Багайын десе кой жок. Кой деген тиякта, жайлоодо. Куурай терейин десе, бул жер айыл эмес. Куурайдын шаарга эмне кереги бар? Өткөн жылы каникулда айылга барганда козу-улак байлап, кулун кармашып, чоң апасына куурай терип берген. А, бул шаарда анын бири жок. Быйылкы каникулда айылга качан барат, белгисиз.

Ошентип, Данияр аябай эригип отуруп, кызыктуу китеп окуюн деп көңүлдөндү. Текчеде атасы сатып берген китептери көп. Аны барактап бир ирет көргөнү болбосо, окуй элек. Өзү жакшы көргөн сүрөттүү китеби бар. Анын сүрөттөрүн канча ирет караса да, окуй элек болчу. Данияр ошол китепти алды да, сереге барып, чалкасынан жатып окуй баштады...

Окуп жатты... Бирок чалкасынан жатып да китеп окуйт бекен. Чалкасынан жатып китеп окуганда уйку дегениң эми эле келе калат. Кыйынсынып китеп окууга киришкен Данияр жарым барак окуганда эле уйкуга киргенин байкабай калды...

Анын уктап калганын көргөн апасы тим койду. «Китеп окуп чарчады го» деп ойлоду.

Бир кезде тентек шамал ичиркентип, Даниярды ойготту. Уктап калганын ал ошондо гана билди. Уялды. Анан жанында барактары ачылып, ачылганда да аягына чейин ачылып жаткан китебин көрдү.

– Апа,– деди анда Данияр жүзүн күлкү чайып,– мен уктап калсам китебимди шамал окуп бүтүп коюптур... Карасаң, мен жаңы эле баштаган болчумун...

Апасы уулунун бул тамашасын туура түшүндү, бирок апасынын жообу аны уялтып салды. Апасы минтип айтты жалкоо уулуна:

– Сенин жалкоолугуңду көрүп, сен окубасаң мен окуюн деп, кызыктуу китепти эстүү шамал өзү эле окуп койгон турбайбы...

*С. Рысбаев*

ӨҮҢ **куурай** – куурап калган өсүмдүк

**көңүлдөнду** – чечти, ойлоду

**ичиркентип** – үшүтүп

1) Данияр эмне кылууну чечти?
2) Китепти каякка барып окуду?
3) Канча бет окуду?
4) Окуп жатып эмне кылды?
5) Данияр эмне болуп ойгонду?
6) Апасынын сөзү Даниярды эмнеге уялтты?

## Коркок бала[1]

Бул – Крымда болгон окуя. Сырттан келген бир бала деңизге кайырмак менен балык уулоого барды. Деңиздин жээги аябай бийик, тик өйдө, жылма эле. Бала төмөн түшүп баратып, ылдый жактагы учтуу чоң-чоң таштарды көрүп, коркуп кетти. Артка же алдыга жылбай, бир түп бадалды кучактап, чочоюп, демин ичине тартып отуруп калды.

Бул учурда ылдыйда бир дыйкан балык уулап жүрдү. Аны менен кошо кайыкта кызы бар эле. Кыз тиги баланын коркуп отурганын түшүндү. Баланы карап, сөөмөйү менен көрсөтүп, күлө баштады.

Бала уялса да билмексенге салып, эс алып отургандай түр жасады. Ысуулап жаткандай кепкасын колуна алып, желпинип отура берди.

Бир маалда шамал колундагы кайырмагын жулуп кетти. Кайырмагына өкүнсө да, төмөнгө кантип түшөрүн билбеди. Кыз

[1] Вишнякова О. В. Кыска аңгемелер. – М.: Русский язык. – 1979. – 10-б.

болсо баланын түрүн байкап, атасына айтты. Атасы башын көтөрүп, кызына бир нерсе деп жооп кайтарды.

Кыз кайыктан түшүп, жээк бойлой барып, баланын кайырмагын алып, кайра кайыкты көздөй бет алды.

Бала кызга ачуусу келип, коркконун унутуп, ылдыйга жыгылып-туруп, тоңкочук атып жүгүрдү.

– Эй! Бер дейм! Бул менин кайырмагым! – Бала кызга жетип барып, колунан кармап кыйкырды.

– Ме, ала бер,– деди кыз кайырмакты сунуп. – Сенин кайырмагыңдын мага кереги жок. Сени камалбай, ылдый түшсүн деп атайы жасадым.

Бала таң калып:

– Менин ылдый түшөрүмдү сен кайдан билдиң?

– «Эгерде коркок болсо, анда сараң да болуш керек деп атам айткан»,– деди кыз.

*Л. Пантелеев*

## Бир мүнөт

Митянын үйүндөгүлөрдүн баары тактыкты жана тыкандыкты жактырышчу. Митя гана андай эмес болучу. Ал ар дайым кечигип жүрө берет. Атасы, апасы жана чоң энеси тамактанууга чогуу отурушса, Митя адатынча дагы кечикти.

– Митя, кел тамакка! – деп чакырды апасы.

– Бир мүнөт,– деп Митя адаттагысындай эле жооп берди да, китебин окуй берди. – Мен азыр ...

Митянын ушундай адаты бар. Аны бирөө чакырганда же бир нерсе жасоосун өтүнгөндө ал ар убак:

– Бир мүнөт,– дей берчү.

– Сен качан убакытты баалайсың? – деп атасы көп айтчу.

Анда уулу:

– Бир эле мүнөт го, ушул да көппү? – деп жооп узатып коё турган.

Бир жолу мектепте лыжа тебүү боюнча жарыш уюштурулуп калат. Митя лыжаны жакшы тепчү жана спорттун бул түрүн аябай жактырчу. Ал өзүнүн марага биринчи келишине абдан ишенет эле. Бирок жеңиш ал тарапта болбой калды. Досу андан бир мүнөт эрте келип, Митя экинчи орунду ээледи. Үйүнө капалуу кайтып келди. Атасына өзүнүн жеңишке жетишпей калганы тууралуу айтып берди эле, атасы мыйыгынан жылмайып:

– Бир эле мүнөт го, ушул да көппү? – деди.

Митя ошондо гана бир мүнөт адам өмүрү үчүн маанилүү экенине көзү жетти.

*Ю. Золотарев*

## Сары кум

– Кел, ушул жерге отуралы,– деди кыз.

– Жок, скамейкага баралы,– деди бала. – Ал жерде кум бар. Мен сары кумду жакшы көрөм.

Экөө кичинекей отургучта бири-бирине тийип-тийбей отурушту. Бала сары кумга ойлуу карап, ичке чыбык менен чиймелеп отурду.

– Эмне тартып жатасың?

– Бул сен.

– Окшошпойт го.

– Мейли окшошпосо.

Сүрөт тартуу оңой болбоду. Кургак кум улам чачылып кетет.

– Ии, карасаң, коңуз учуп баратат,– деди кыз.

– Бул ургаачысы.

– Сен кайдан билесиң?

– Эркеги мындай жапыз учпайт.

Шамал айланып келип, сары кумдагы кыздын элесин өчүрүп салды.

– Эртең дагы ушул жерге келбейлиби,– деди кыз. – Сен ушул жерге келесиң да, ээ? Келесиңби?

– Келем.

Бирок бала эртеси келбеди. Анын эртеси да келбеди. Эки күндөн кийин да келбеди. Ай өтсө да келбеди. Ал такыр келбеди. Кыз болсо кичинекей отургучка көп жолу келип отурду. Жалгыз. Анын эмне үчүн келбей калганын канча ойлонсо да, түшүнө албады. Ата-энеси баланы башка бакчага которуп кеткенин кыз билген жок.

*А. Арканов*

## Рождестводогу жомок

Бул окуя Рождествонун алдында болгон. Тверь көчөсүндөгү үйдө бир сымбаттуу киши жашайт эле. Анын үй-бүлөсү жок болгондуктан, жалгыз жашачу. Кечинде ал каминдин жанында отуруп, гезит окуганды жакшы көрчү.

Үйдүн жертөлөсүндө кичинекей чычкан жашачу. Ал камини бар батирдеги кишиге тез-тез конокко барып турчу. Бул жер ага аябай жагат эле. Ашканадагы шкафтын текчесинен ар дайым нан менен быштак таба алчу.

Бирок күндөрдүн биринде батирдин ээсине бир жагымсыз аял келди. Ал эртеден кечке батирди жыйнады, чычкан шкафтагы текчеден быштак менен нанды таппай калды. Баягы жагымсыз аял баарын жыйнап, муздаткычка салып таштаптыр. Быштак менен нан эртеси күнү да, бир жумадан кийин да, бир айдан кийин да табылбады.

Беш ай бою аял баарын муздаткычка салып коюп жүрдү. Ошентип чычкан камини бар батирге жолду унутту.

Кыш келип, суук түштү. Көчөдөн тамак табуу кыйындады. Кыштын ызгаар кечтеринин бири эле. Кар жаап жаткан. Чычкандын курсагы абдан ачты. Курсагы кабырылып, кечинде баягы камини бар батирге бармай болду. Адаттагысындай эле каминдин жанында отуруп, гезит окуган кишини чычкан көпкө карап турду. Аны көргөндө сыр менен нан берет деп үмүттөнүп, көпкө күттү.

Бир маалда тиги киши гезитин окуп бүтүп, ашканага барып, кечки тамагын даярдай баштады. Ал ошол жерден чычканды көрдү да:

– Сен бул жакта эмне кылып жүрөсүң? – деп сурады. – Мен сени чакырган эмесмин.

Чычкан көптөн бери эч нерсе жебей, курсагы аябай ачканын айтып бергиси келди, бирок кантип айтып берерин билбей турду. Ал адамча сүйлөй албады.

Үй ээси тамагын даярдап бүттү. Бул абдан даамдуу тамак болчу: нан жана быштак. Ах, кичинекей чычкан ушул быштак менен нанды кандай жакшы көрөт!

«Муну буга кантип айтсам? – деп ойлонду чычкан. – Же кооз кагаз алып келсем кандай болот болду экен? Мен аны төмөн жактан, жертөлөдөн көргөм».

Киши абдан боорукер эле. Ал ачка чычканга боору оруп, бир аз быштак менен нан берди. Чычкан абдан кубанды. Ал баарын тез жеп бүтүп: «Мен сага белек кылгым келип турат»,– деп жертөлөнү карай чуркап кетти. Киши болсо, албетте, эч нерсеге түшүнгөн жок, себеби чычкандын тилин билчү эмес.

Отуз мүнөт чамасында чычкан кайрылып келди.

«Сен кайра келдиңби? – деди үй ээси. – Мен сага өзүмдө болгондун баарын бердим. Дагы эмнени каалайсың?»

Чычкан болсо ага кооз, жашыл кагаз алып келди. Бул анын белеги эле. Киши кагазды алды. Ал 100 долларлык банкнот болчу.

«Оо, кудай! Сен муну кайдан алдың?! Кайдан алып келдиң?!» – деп таң калды үй ээси.

Бирок кичинекей чычкан эч нерсе деп жооп бере алган жок, себеби, биз билгендей ал адамча сүйлөй алчу эмес.

Азыр да чычкан курсагы ачкан кезде камини бар батирдеги кишиникине конокко барат. Ал аны ар дайым күтүп, быштак менен нан берип турат, чычкан болсо кишиге кооз, жашыл кагаз алып келип берет.

Чычкан ар дайым жүз долларды кайдан алат деп сурайсызбы? Ал абдан жөнөкөй. Чычкан жашаган төмөн жактагы дубалдын боорунда кооз жашыл кагаздын көп кенчи бар.

*С. Романов*

1) Силерге бул текст жактыбы? Эмне үчүн?
2) Үй кызматчынын окуядагы ролу кандай?
3) Чычкан доллар алып келбесе, киши ага тамак бергенди улантат беле?
4) Чычкан жөнүндө эмне айта аласыңар?
5) Ушул сыяктуу окуяга туш болдуңар беле?

# КЫРГЫЗЧА-ОРУСЧА СӨЗДҮК

## А

**автобекет** – автовокзал
**адабий** – литературный
**адат** – привычка
**адилеттүү** – справедливый
**ажайып** – очень
**ажыроо** – лишиться
**азык** – продовольствие, изделия
**азык-түлүк** – продовольствие, продукты питания
**айдап келүү** – пригнать
**айдоо** – водить
**айдоочу** – водитель
**айлана-тегерек** – вокруг
**аймак** – территория
**айыл-чарба** – сельскохозяйственный
**ак ниет** – порядочный, добросердечный
**ак ниеттик** – порядочность
**ак пейил** – душевность
**аксакал** – старейшина
**актёр** – актёр
**актоо** – оправдать
**акылдуу** – умный
**акыл-насаат** – наставление
**акын** – поэт
**акыра** – жираф
**акыркы** – последний
**ал** – сила, мощь; он
**ала-була** – пёстрый
**алгыр куш** – ловчая птица
**алдан таюу** – обессилеть
**алдында** – перед, впереди
**алсыз** – слабый
**алтын** – золото
**алыс** – далеко
**антпесе** – иначе
**аңгеме** – рассказ
**апа** – мама
**ар кандай** – разный
**арал** – остров
**арман** – печаль
**артында** – за, позади
**аска** – скала
**астында** – под, внизу
**асыл** – ценный, прекрасный
**асыроо** – опекать
**ата** – отец
**Ата Мекен** – отчизна, родина
**атаандаш** – соперник, конкуренция
**ата-баба** – предки
**атайын** – специальный
**атак-даңк** – слава
**атактуу** – знаменитый, прославленный
**ата-эне** – родители
**атка конуу** – называться
**аткаруу** – исполнить
**атоо** – называть
**ач көз** – жадный
**ачкыч** – ключ
**ачууланую** – злиться
**ачылыш** – открытие
**ашпозчу** – повар
**аэропорт** – аэропорт
**аял** – женщина
**аянт** – площадь

## Б

**баа** – цена
**баалуу** – ценный
**багат** – уход
**багуу** – ухаживать
**бай** – богатый

**байге** – приз
**байкоо** – заметить, наблюдать
**байланыш түзүү** – связаться
**байлык** – богатство
**бак** – дерево, сад; счастье
**бак өстүрүү** – садоводство
**бакалея** – бакалея
**бак-таалайлуу, бактылуу** – счастливый
**бакыт** – счастье
**бал** – мёд
**бала** – ребёнок
**бала чак** – детство
**балдар үйү** – детский дом
**балык** – рыба
**балык уулоо** – ловить рыбу, рыбалка
**балээ** – беда, напасть
**баракелде** – хвала, восхищение, одобрение
**баруу** – идти
**басуу** – нажимать, ходить
**батир** – квартира
**батыш** – запад
**баш тартуу** – отказаться, лишиться
**башка** – другой
**башкаруучу** – правитель
**баштоо** – начинать
**бекем** – крепкий
**бекерлик** – безделье
**белги** – знак
**белгилүү** – известный, знаменитый
**белес** – отрог
**бешик** – колыбель
**бийик** – высокий
**бийик тоолуу** – высокогорный
**бийлөө** – танцевать
**бийчи** – танцовщик, танцор
**билим берүү** – дать знания, образование
**бир калыпта** – без изменений
**бир тууган** – родственник
**бири-бирине** – друг другу
**биримдик** – единство
**болжолдуу** – приблизительно
**болжоо** – предполагать
**борбор** – столица, центр
**боюн таштоо** – броситься вниз
**бөдөнө** – перепёлка
**бөлмө** – комната
**бөлүгү** – часть
**бөлүм** – отдел
**буйруу** – приказать
**булак** – источник, ключ, родник
**буроо** – поворачивать
**бурулуш** – поворот
**бут кийимдер** – обувь
**буюм** – вещь
**бүтүрүүчү** – выпускник
**бышыр-** – готовить

## Г

**герб** – герб
**гимн** – гимн
**гүл** – цветок
**гүлзар** – газон, цветник

## Д

**даамдуу** – вкусный
**дабыш** – звук
**далай** – много
**дан** – зерно
**даңазалоо** – прославлять
**дарбазачы** – вратарь
**дарбыз** – арбуз
**дарыгер** – врач, доктор
**дарылоо** – лечение
**дарыя** – река
**ден соолук** – здоровье

**дене** – тело
**дени соо** – здоровый телом
**деңиз** – море
**долбоор** – проект
**дос** – друг
**дөөлөт** – достояние
**дубал** – стена
**душман** – враг
**дүйнө** – мир
**дүкөн** – магазин

## Ж

**жагуу-** – нравиться
**жаза** – наказание
**жаздыруу** – записать
**жазуучу** – писатель
**жайгашуу** – расположиться
**жайкы** – летний
**жайлуу** – комфортный
**жайыт-төр** – пастбище, луг
**жакпайт** – не нравиться
**жактырат** – одобрять
**жактырбоо** – не одобрять
**жактыруу** – одобрить
**жалгыз** – единственный
**жалпы** – общий
**жамоо** – штопать
**жанынан кетүү** – убраться
**жапыз** – низкий
**жаратуу** – создать
**жаратылыш** – природа
**жаркыроо** – светить ярко
**жарык** – светлый
**жарык кылуу** – делать светлее
**жарым-жартылай** – наполовину
**жарыяланды** – опубликовать
**жарыялоо** – объявлять
**жасоо** – делать, изготовить
**жашоо** – жизнь
**жашылча** – овощи
**жашынуу** – спрятаться
**желекче** – лепесток
**жер** – земля
**жертөлө** – подвал
**жер титирөө** – землетрясение
**жер-суу** – местность
**жерүү** – чуждаться
**жеткирүү** – подвести, довести
**жетүү** – догнать, дойти
**жол** – путь
**жолдош** – товарищ
**жооптуу** – ответственный
**жөндөмдүү** – способный
**жөө** – пешком
**жумушчу** – рабочий
**жуу-** – мыть, чистить
**жүзүм** – виноград
**жүргүзүү** – проводить
**жыгач** – дерево
**жый-, жыйна-** – убирать
**жыйнак** – сборник
**жыйноо** – собрать, убрать
**жыйыштыруу** – прибрать
**жыл** – год
**жылдыздуу, жагымду** – симпатичный
**жымжырт** – тишина
**жыргай түшүү** – вздохнуть
**жээк** – берег, пляж

## З

**зарядда** – заряжать
**зер** – ювелирный
**зергер** – ювелир
**зеригүү** – скучать
**зыян** – вред, вредный

## И

**идиш-аяк** – посуда
**идиш-аяк жуу** – мыть посуду
**изилдөө** – исследовать
**ийрим** – кружок
**илимпоз** – учёный

**имарат** – здание
**ини** – младший брат
**ичи ачышты** – пожалел
**ичинде** – внутри
**ички** – внутренный
**ичүү** – выпить
**иш** – работа
**ишендирүү** – убеждать
**ишенич** – доверие
**ишенүү** – верить
**ишкер** – предприниматель
**иштөө** – работать

## К

**каардуу** – суровый, жестокий
**каарман** – герой произведения
**кабаттуу** – этажный
**кабыл алуу** – принять
**кадыр-барк** – репутация
**кадырлуу** – почётный, уважаемый
**казна** – казна, сокровищница
**каймак** – сметана
**кайнатуу** – кипятить
**кайык** – лодка
**калемпир** – перец
**калк** – население
**калың** – густой, плотный
**калың журт** – весь народ
**калып** – форма, формат
**калыс** – знаток, дающий оценку, судья
**кам көр-** – заботиться
**кант** – сахар
**карайт** – смотрит
**каракчы** – грабитель, разбойник
**карапа** – кувшин, горшок
**карыз** – долг
**карындаш** – младшая сестра
**карыя** – старик
**касапчы** – мясник
**кат** – письмо
**каттоо** – посетить, регистрировать
**катуу** – сильно, тяжело, твёрдо
**кебете** – вид, внешность
**келишимдүү** – статный
**кемчилик** – недостаток
**кен** – ископаемые, руда
**кеңеш** – совет
**кеңири** – широкий
**керексиз** – ненужный
**кесип** – профессия
**кеч** – поздно
**кечигүү** – опоздать
**кечинде** – вечером
**кечирим суроо** – просить пощады
**кечирүү** – простить
**кийим, кийим-кече** – одежда
**кийим тигүү** – шить одежду
**кийим токуу** – вязать
**кир жуугуч машине** – стиральная машина
**кичинекей** – маленький
**кичүү** – младший
**классташ** – одноклассник
**кол** – рука
**кол салуу** – напасть
**кол шилтөө** – махнуть рукой
**колдонуу** – пользоваться
**конокко баруу** – ходить в гости
**коңшу** – сосед
**кооз** – красивый
**коргоо** – защищать
**коркунучтуу** – страшный
**коркуу** – испугаться
**короо** – двор
**короо шыпыргыч** – дворник
**коротуу** – тратить
**котормочулук** – переводческий
**кошуна** – сосед
**көжө** – взвар пшена или пшеницы

**көз карандысыздык** – независимость
**көз чаптыртуу** – окинуть взглядом
**карек** – зрачок
**көктөм** – ранняя весна
**көл** – озеро
**көөнөрбөс** – незыблемый
**көңүлдүү** – весёлый
**көп** – много
**көп улуттуу** – многонациональный
**көпчүлүк** – большинство
**көтөрүңкү** – приподнятый
**көчүп келүү** – переехать
**кубаныч** – радость
**кул** – раб
**кулак салуу** – прислушаться
**кулпу** – замок
**кулпунун тешиги** – замочная скважина
**кулчулук** – рабство
**кумарын жазуу** – получить удовлетворение
**курак** – возраст
**кургакчылык** – суша
**курдаш** – ровесник
**курман болуу** – погибнуть
**куруу** – строить
**курууучу** – строитель
**курчоо** – окружить
**кутулуу** – спастись
**кутуча** – коробка
**кууруу** – жарить
**күбө** – свидетель
**күжүрмөн** – боевой
**күйөө** – муж
**күлүк** – скакун
**күлүү** – смеяться
**күн** – день; солнце
**күнүгө** – каждый день
**күрүч** – рис
**күтүрөө** – быть в большом количестве
**күч** – сила
**күчтүү** – сильный
**кызыгуу** – увлечение, хобби
**кызык** – интересно
**кызык-** – интересоваться, увлекаться
**кызыктуу** – интересный
**кыймылдуу** – подвижный
**кыйна-** – мучиться
**кылуу** – делать
**кымбат** – дорогой, ценный
**кышкы** – зимний
**кыялдануу** – мечтать

## М

**маалымат** – информация
**маанай** – настроение
**маанисиз** – бессмысленный
**май** – масло
**майрам** – праздник
**мамлекет** – государство
**мартчылык** – щедрость
**машыгуу** – заниматься
**мекен** – родина
**минүү** – садиться на коня
**момпосуй** – конфеты
**мөлтүр** – прозрачный
**мугалим** – учитель
**мурас** – наследие
**муун** – поколение
**мүлк** – имущество
**мыйзам** – закон
**мээлей** – перчатки

## Н

**наалат** – проклятие
**наразы болуу** – быть недовольным

**найза** – копьё
**намыс** – честь
**нан** – хлеб
**насыят** – назидание
**небере** – внук
**небере-чөбүрө** – внуки-правнуки
**негиз** – основа
**негиздөөчү** – основатель
**нерсе** – вещь

### О

**образ** – образ
**ой** – мысль
**ойлонуу** – думать
**ойноо** – играть
**ой-пикир** – мысль, мнение
**океан** – мухит
**окуу** – читать, учиться
**окшошуу** – быть похожим
**оң жагында** – справа
**отуруу** – сидеть
**оюн** – игра
**оюнчу** – игрок
**өз** – свой
**өзгөрүү** – измениться
**өзгөчө** – особый
**өлүм** – смерть
**өлүм жазасы** – смертная казнь
**өмүр** – жизнь
**өмүр сүрүү** – жить
**өнөр** – искусство, ремесло
**өнүгүү** – развитие
**өнүү** – прорасти
**өрт** – пожар
**өрт өчүрүүчү** – пожарный
**өткөрүү** – передать, пропустить
**өчүрүү** – тушить

### П

**пайда** – польза
**пайдалуу** – полезный
**пил** – слон
**пияз** – лук
**планета** – планета

### С

**саат** – часы
**сабаттуу** – грамотный
**сагынуу** – соскучиться
**сайма саюу** – вышивать
**сайроо** – петь (о птице)
**сакта** – сохранять
**сакталуу** – сохраняться
**салтанаттуу** – торжественный
**санаалаш** – единомышленники
**сапат** – качество
**сатуу** – продать
**сатуучу** – продавец
**саякатчы** – путешественник
**себеби** – причина
**себүү** – сеять, разбросать, брызгать
**сейилдөө** – прогуливаться
**сейрек** – редкий, редко
**сергек** – чуткий
**сергек жашоо** – здоровый образ жизни
**сокку** – удар
**сол жагында** – слева
**сонун** – замечательный, прекрасный
**соо** – здоров
**соолуу** – увядать
**сөз** – слово
**сөз берүү** – обещать
**спорттук** – спортивный
**суктан-** – любоваться
**суктануу** – восхититься
**султан** – правитель, султан
**сулуу** – красивый
**суу** – вода, водоём, река
**суу сактагыч** – водохранилище

**суу сепкич** – лейка
**сууда сүзүү** – плавать
**суусундук** – напиток
**сүз-** – плавать
**сүйлөшүү** – говорить
**сүйүү** – любить
**сүмөлөк** – кисель из пророщенной пшеницы
**сүрөтчү** – художник
**сүрүштүрүү** – наводить справки
**сүт** – молоко
**сыйлуу** – почётный
**сыймыктануу** – гордиться
**сын** – критика
**сыноо** – критиковать
**сынчы** – критик
**сыр** – секрет, тайна
**сыртында** – снаружи

## Т

**тааны** – узнать, разпознать
**табият** – природа
**таене** – бабушка по матери
**таза** – чистый
**таланттуу** – талантливый
**талап кылат** – требуется
**талашуу** – спорить
**талкалоо** – разгромить
**тамак** – еда
**тамак-аш** – блюдо, еда
**тамактануу** – принимать пищу
**тамаша** – шутка
**тамашалоо** – шутить
**тамга** – буква, знак
**тамсил** – басня
**тамсилчи** – баснописец
**тандоо** – выбор
**таң калуу** – удивиться
**таңдай** – нёбо
**таңдай катуу** – мучаться жаждой
**тар** – тесный
**тарап** – сторона
**тарбиялоо** – воспитывать
**таруу** – тянуть
**татаал** – сложно
**таттуу** – сладкий
**таштанды** – мусор
**таштатуу** – заставить бросить
**таштоо** – бросать
**таята** – дедушка по матери
**тейлөө** – обслуживание
**текшерүү** – проверить
**теңелүү** – равняться
**тепкич** – лестничные
**тепкич** – ступенька
**терезе** – окно
**тешик** – дырка
**тигилген** – сшитый
**тигиле** – пристально
**тигүү** – шить
**тигүүчү** – швея
**тийүү** – коснуться
**тил** – язык
**тиш** – зуб
**токой** – лес
**толкун** – волна
**тоо** – гора
**тоолуу** – горный
**топурак** – глина, земля
**тосуу** – встречать
**төгүү** – вынести, вылить
**төк-** – выкидывать
**төр** – почётное место
**төшөк** – постель
**тунук** – прозрачный, чистый
**турмуш** – жизнь, быт
**турмуш-тиричилик** – бытьё; житьё-бытьё
**туруу** – встать
**туруштук берүү** – выдержать
**туу** – флаг, знамя
**туул-** – родиться

**туура келүү** – подходить
**тушуна** – напротив
**түз** – ровный, равнина
**түн** – ночь
**түндүк** – север; верхний деревянный круг остова юрты
**түр** – вид
**түссүз** – чёрно-белый
**түстүү** – цветной
**түтөтүү** – дымить
**түтүн** – дым
**түш** – сон, сновидение
**түштүк** – юг
**түшүн жоруу** – объяснить значение сна
**тынч** – мирный, спокойный
**тынчсыздануу** – беспокойство
**тыңшоо** – слушать
**тырмак** – ноготь

## У

**убакыт** – время
**уйку** – сон
**укмуш** – замечательно
**уктоо** – спать
**укук коргоо** – защитить права
**укукчу** – правозащитник, юрист
**улак тартыш** – козлодрание
**уламыш** – предание
**ултан** – подмётка; подошва (обуви)
**улут** – национальность
**улуттук** – национальный
**улуу** – великий, старший
**унаа** – транспорт
**урпак** – потомок
**уста** – мастер
**устакана** – мастерская
**устачылык** – мастерство
**уурда-** – украсть; красть
**ууру** – вор
**ууч** – горсть
**учак** – самолёт

## Ү

**үзүндү** – отрывок
**үй эмеректер** – мебель
**үй-бүлө** – семья
**үйрөнгөнү** – то, чему научился
**үйрөнүү** – научиться
**үйрөнүү үчүн** – чтобы поучиться
**үйүр** – косяк, стадо
**үмүтсүз** – безнадёжно
**үстүндө** – над, наверху
**үтүк** – утюг

## Ф

**фермер** – фермер
**футбол менен машыгуу** – заниматься футболом

## Х

**ханзада** – принц

## Ч

**чабуу** – косить, скакать на коне
**чакырым** – расстояние
**чарчы** – квадрат
**чаташуу** – перепутать
**чачуу** – разбрасывать
**чекте-** – граничить
**чет өлкө** – заграница
**чечим** – решение
**чогултуу** – коллекционировать
**чоку** – вершина
**чоң** – большой
**чоңой-** – взрослеть
**чочулоо** – испугаться
**чопо** – глина, земля
**чөбүрө** – правнук
**чөл** – пустыня

**чукулап** – копаться
**чуркоо** – бег
**чурулдоо** – шуметь
**чыгарма** – произведение
**чыгармачыл** – творческий
**чыгыш** – восток
**чыдамкайлык** – терпеливость
**чыдоо** – терпеть
**чың** – крепкий
**чыңдоо** – укреплять
**чыгуу** – выйти
**чычкан** – мышка

## Ш

**шаар** – город
**шабдалы** – персик
**шайман** – инструмент
**шамал** – ветер
**шаңдуу** – величественный, отчётливый
**шарт** – условие
**шаттык** – веселье
**ширелүү** – сочный
**ширенке** – спички
**шириндик** – сладость
**шумкар** – сокол
**шыбыроо** – шептать
**шылдыңдоо** – высмеивать
**шып** – потолок
**шыпыруу** – подметать

## Ы

**ынтымактуу** – сплочённый
**ыңгайлуу** – удобный
**ырахат** – довольствие, счастье
**ыр** – стих
**ырдоо** – петь
**ырчы** – певец
**ырыскы** – доля человека в мирских благах

## Э

**эгемендүү** – независимый, суверенный
**эл** – народ
**эл ишеничи** – доверие народа
**элдик намыс** – честь народа
**элчи** – посол
**эмгектенүү** – трудиться
**эмгекчил** – трудолюбивый
**эн тамга** – клеймо
**эңкейүү** – наклоняться, нагибаться
**эр сайыш** – поединок батыров
**эреже** – правило
**эрин-** – лениться
**эрк** – воля
**эркек** – мужчина
**эркиндик** – свобода
**эрте** – рано
**эс алуу** – отдыхать
**эсеп** – счёт
**эстүү** – рассудительный
**эшик** – дверь
**ээ болуу** – владеть
**ээн-эркин** – свободный, свободно
**ээрчип басуу** – пойти за кем-либо
**ээрчүү** – следовать, идти за кем-либо

# МАЗМУНУ


**I ЧЕЙРЕК** ........ 4

**ҮЙ-БҮЛӨ** ........ 4

Силердин үй-бүлөңөр кандай? ........ 4

Менин атым мага жагат ........ 8

Үй-бүлөдө ким эмне кылат? ........ 11

Сенин үйүң кандай? ........ 16

2020-жылга чейин үй-бүлө кантип өзгөрөт? ........ 19

Өзүңөрдү текшергиле. Үй-бүлө ........ 25

**ЭС АЛУУ. САЯКАТ** ........ 29

Саякаттар дүйнөсү ........ 29

Саякаттаган кандай сонун! ........ 35

Кайда саякаттаса болот? ........ 42

Өзүңөрдү текшергиле. Саякат ........ 50

**II ЧЕЙРЕК** ........ 53

**КЕСИП** ........ 53

Ар бир кесип ардактуу ........ 53

Ар бир кесип маанилүү ........ 61

Тамсилчи ........ 67

Кесип тандоо оңойбу? ........ 73

Өзүңөрдү текшергиле. Кесип ........ 78

**КЫРГЫЗСТАН** ........ 82

Кыргызстан – менин мекеним ........ 82

Мекен деген эмне? ........ 85

Кыргызстан кайда жайгашкан? ........ 90

**III ЧЕЙРЕК** ........ 95

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик белгилери ........ 95

Уламыштар дүйнөсүндө ........ 99

Нооруз майрамы ........ 103

Өзүңөрдү текшергиле. Кыргызстан ........ 105

**ДЕН СООЛУК. СПОРТ** ........ 109

Дениң таза болсо, дилиң да таза болот ........ 109

Спорт менен машыгабыз ........ 111

Менин жашоомдогу спорт ........ 116

Менин күнүм ........ 119

Улуттук спорт оюндары ........................................ 125
Өзүңөрдү текшергиле. Ден соолук. Спорт ........................ 130

**СООДА-САТЫК** ........................................ 134
Дүкөндө ........................................ 134
Базарда ........................................ 140
Өзүңөрдү текшергиле. Соода-сатык ........................ 143

**IV ЧЕЙРЕК** ........................................ 145

Улуу Жибек жолу ........................................ 145
Акылдуу мугалим ........................................ 150

**КЫЗЫГУУЛАР** ........................................ 157
Ким эмнеге кызыгат? ........................................ 157
Таланттуу адамдар силердей кезинде ........................ 163
Каникулда эмне кылгыңар келет? ........................ 169
Өзүңөрдү текшергиле. Кызыгуулар ........................ 177

Класстан тышкаркы окуу үчүн материалдар ........................ 181
Кыргызча-орусча сөздүк ........................................ 197

*Окуу басылмасы*

**Жусупбекова Надира Сынташевна**
**Оморова Айгүл Абдыкапаровна**
**Чепекова Гүлмира Саалиевна**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ
## 5-класс

*Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн окуу китеби*

Редактор *Ж. Медералиева*
Корректорлору *Ж. Медералиева, А. А. Локтионова*
Сүрөтчүсү *З. Кылычбекова*
Компьютердик калыпка салган *Т. Сандыбаева*

Басууга 13. IV. 2018-ж. кол коюлду. Офсеттик кагаз.
Офсеттик басма. Ариби SchoolBook.
Форматы 70 x 100 $^1/_{16}$. Көлөмү 13,0 басма табак.
Нускасы 43 700. Буйрутма № 232.

Басма иштери «Аркус басмасы»
ЖЧКсында даярдалды
720016, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Самойленко көч., 7 В

ARCUS PUBLISHING